С(Кырг)
А-13

АБДЫЖАПАРОВ

# КЫРГЫЗЫМ

(ой толгоо)

БӨКӨНБАЙ – 2020

ВОЗВРАТИТЕ КНИГУ НЕ ПОЗЖЕ
обозначенного здесь срока

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |

489 132

А 13

ЭРНЕСТ АБДЫЖАПАРОВ

# КЫРГЫЗЫМ
(ой толгоо)

# САГЫНБАЙ
(киносценарий)

Бөкөнбай – 2020

УДК 821,51
ББК 84 Ки 7-4
А 13

**Абдыжапаров Э.**
А13 Кыргызым (ой толгоо), Сагынбай (киносценарий). – Б.: Принт Экспресс., – 2020. - 100 б.

ISBN 978-9967- 9244-6-8

Кинорежиссер, кинодрамматург, продюсер, музыкант Эрнест Абдыжапаровдун бул “Кыргызым” деген китепчеси эки бөлүктөн турат. Биринчи бөлүгү КЫРГЫЗДЫН касиетине, анын өткөн кеткен тарыхына, учур чактын агымына жана адамзаттын нугунун бурулушуна арналган ой толгоосу. Экинчи бөлүгү - улуу манасчы Сагынбай Орозбаковдун жана анын улуу “Манас” дастанын кагазга түшүрүп кеткен Ыбрай Абдрахмановдун тагдырларын чагылдырган киносценарий. Бул китепче “кыргызым” деп күйүп-бышкан уул-кыздарына багышталган.

К. Баялинова
№ 489132

УДК 821,51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967- 9244-6-8

© Абдыжапаров Э., 2020

# КЫРГЫЗЫМ

(ой толгоо)

# УЧУР

Мен тарбияланып, өсүп, адам катары калыптанып аткан заманда Кудайды жомок катары кабыл алып, материалисттик көз караштын негизинде жер бетинде беиштүү мамлекет курулат деген кыял менен жашап келдик. Горбачевдун "Кайра куруу жана эркин сөз" шарапаты каптаганда буга чеин жок эседе жүргөн маалыматтар көчкүдөй агып келип Советтер Союзунун таш талкаңын чыгарып, күтпөгөн пенделердин жан дүйнөсүнө Кудайдын барлыгын даңазалады. Тарпты туйган жорулардай болуп дүйнөнүн ар кайсыл бурчтарынан буркан-шаркан түркүн диний селдери каптады. Жаңы кудайлардын кубулжуган жүздөрүнө азгарылган эл "О" дүйнөнүн "беишинен" жайларын брондоп аткан учурда, мурдагы коммунист жана комсомолдор элге таандык материалдык байлыкты менчиктештирип, бул "жалган" дүйнөгө ээлик кыла башташты. Ушундай парадкско күбө болдук: Кудайдын жүзү көрүнөөрү менен элге ачкачылык келди. Мечиттер менен чиркөөлөргө чөгөлөгөн сайын, жүрөгүбүздү америкалык доллардын "албарстысы" басты. "Аллах Акбар" деген ураандары менен бейкүнөө адамдарды жардырган, аткылаган, кескилеген өлтүргөчтөр пайда болду. Эзели сүт, айран, кымызды сатпаган кыргыз базар экономикасына башын ийип акты соодалап "өлбө жаным, өлбө" деген акыбалга кептелди.

Интерфакстын маалыматына таянсак дүйнөнүн 82% байлыгы бүгүнкү күндө адамзаттын 1% бөлүгүнүн менчигине өтүп кеткен. 2009 жылы адамзаттын жарымы (3,7 млрд.) ээлеген каражаты 380 адамдын ээлеген каражатына тете болсо, бүгүнкү күндө ошончо каражат 42 адамдын кана капчыгындагы капиталына айланган. Ошол 42 адам демократиялык саясий формацияда, сөз эркиндиги орногон коомдо, экономикасы калыстыка калыптанган системада, дин ишеними Кришна, Будда, Муса, Иса, Мукамбет пайгамбарларды пир туткан мамлекеттерде баш калкалашат. Эми өзүбүздүн эле айлана-чөйрөбүздү карап көрөлү. Кайда барбасаң "миллионерче ойлон", "өзүңдү миллионерче алып жүр", "бирөөнө кул болбо", "мен баймын деп кайталай бер" деген бизнес-тренингдер, он-лайн сабактар, сетевой маркетингдер кыргыздын

күнүмдүк жашоо тартибин ээлеп алган. Ал эми канчалык көп каражатың болсо, ошончолук сый-урматка, бийик даражага ээ болосуң деген түшүнүк - бул турмуштун кадыресе аксиомасы. Канчалык калыс, мээримдүү, кайрымдуу, элдик, өнөрпоз адам болсоң, ошончолук жакырсың, ошончолук көз карандысын, ошончолук тепсендисиң. Бул кашкайган чындык. Бул чындыктан эч жака качып кутула албайсың.

## КИМ ЭЛЕК?

Совет доорунда Кыргызстандын тарыхы сабак катары мектептерде да, жогорку окуу жайларда да берилчү эмес. Биз окуп билген тарых СССР-дин тарыхы деп аталчу, бирок башынан аягына чеин орус элинин таржымалын жаттап айтып бергенибизге жараша бааланчубуз. Кыргыздар жөнүндө сурамжылай турган болсок, тоодо көчүп жүргөн жапайы калкты совет бийлиги окутуп, чокутуп, билим менен илимге сугарып эл кылганын түшүнүп, ишенип Коммунизмди куруп келгенбиз. А бирок ошол эле учурда манасчылардыбыздын түгөнгүс дастанына сүңгүп, комузубуздун дирилдеп чыккан күүлөрүнөн кыялданып, боз үйүбүздүн кыналган кереметине суктанып, элибиздин аяр пейилине ырахаттанып, кыргыз болгонубузга ичибизден сыймыктанчубуз. Ушул эки кубулуштун жуурулушканынан чыга келди да Чынгыз Айтматов, кыргыздын профессионалдуу өнөрканасы, заманбап илимий чөйрөсү. Ар бир доордун таасиринин жакшы менен жаманын талдап, иргеп билүү бул акыл эстүүлүктүн белгилери. Ал эми жакшы менен жаманды айрып билүүнүн бир эле ыкмасы: эмне сени өстүрсө ошонун баары жакшы, эмне сени чөктүрсө ошонун баары жаман. Тилеке каршы бүгүнкү күндө жакшы менен жамандын чынжырлары чаташып өсүү менен чөгүүнүн түшүнүктөрүн айрып билүү да кыйындыка туруп калган. Мамлекеттин өсүүсү калкынын акыл эстүүлүгүнөн эмес, экономикалык көрсөткүчтөрдөн өлчөнүп калса, жеке адамдын өсүүсү анын үйлөрүнүн жана машинелеринин саны менен бааланат. Ооба, илгери деле эшекти атка алмашытырып, анан бир аздан кийин күлүктү минип

калсаң эл айтмак, а, бул бала өсүп атыптыр деп. А бирок ата бабаларыбыз минген атынан мурун сүйлөгөн сөзүнө, жасаган ишине жараша мамиле кылышчу. Бүгүн сен ак көңүл, боорукер, калыс, сыпаа, ийкемдүү, көрөгөч, туйгуч, акылман болуп, бирок жашооң карапайым болсо эч ким сени сыйламак турсун көзүнө илбей да калат. Ошондон улам бир суроо туулуп атат. А биздин ата-бабаларыбыз чын эле ак пеил, айкөл, жароокер, кайраттуу, эр жүрөк болгонбу? Деги өткөн чак, байыркы заман, тарых деген түшүнүктөрдүн төркүнү кайсыл жерде? Дегеле биз окуп билгендей, Википедияга жазылгандай, илимпоздор далилдегендей тарыхыбыз чындыка дал келеби?

## ЖАҢЫ ХРОНОЛОГИЯ

Бир нече жыл мурун орустун "Фоменко-Носовский: Новая хронология" жаңы илими көзгө урунуп калды. Алардын жыйынтыктарына, аргументтүү далилдерине таянсак азыркы биз билген дүйнө тарыхын XYI-XYII кылымдарда батыштын Питавиус-Скалигер деген окумуштуулары карасанатайлык менен бурмалап чыккан экен. Фоменко менен Носовскийдин аргументтерин кайталап, алардын айткандарынын чын-төгүнүн талдабай, болгону ушундай гипотеза бар экен, андай болсо биз деле ушундай көз караш менен кыргыздын тарыхын караштырып көрбөйлүбү деген багытта ой жүгүртүүмдү улантайын. Кыргыздын тарыхын изилдеш үчүн орустун жаңы пайда болуп аткан тарыхынан издөө зарылчылыгынын себептерин келтирип кетеин. Фоменко-Носовскийдин "Русь. Подлинная история" деген китебинин 11 бетинде мындай деген жазууну кезиктиребиз: "Орда с самого начала была русской. Ордой – в другом произношении Ратью – называлось русское войско. Слова "войско" и "воин" являются церковно-славянскими по происхождению, а не старорусскими и вошли в употребление на Руси поздно; старые русские названия были таковы: Орда, казак, хан." Башкача айтканда Фоменко менен Носовскийдин изилдөөлөрүнүн жыйынтыгы мындай корутундуга келип атат. Орустун бийлиги орто кылымда бүткүл жер жүзүнө

өкүм сүргөн. Мамлекеттик саясат түрк (кыргыз) тилинде жүргүзүлгөнү менен жарандары каалаган динине тайынышчу. Християн динине өтүп кеткендер Византиялык (церковно-славянский) миссионерлердин таасири менен өз тилин унутуп азыркы орус тилинде сүйлөп калышкан. Ал эми мусулмандар Аллага арабча тайынып, бирок өз тилин сактап калышкан. Орус империясынын бийлиги эки баштуу болгон, ошондон улам орустун гербинде бүркуттүн эки башы бар. Административдик башкаруу "Ак Ордодон" (Улуу Новгороддон) жүргүзүлгөн болсо, аскердик күч "Алтын Ордодо" жайгашып жалпы аскерлерди "казак" деп аташкан. Административдик борбор соода, эсеп-чот, дин, рух маселелерин чечип турса, аскердик борбор дүйнөнү багынтып жаңы жерлерди улуу империяга кошуп берип турган. "Алтын Ордонун" аскер-казактары Улуу Новгород борборунан баардык муктаждыктар менен камсыздалынып, салыктарды төлөбөгөн княжестволорду буйрутма менен жазалап тартипке салып турган. Фоменко-Носовскийдин дагы бир "Славянское завоевание" деген эмгегиндеги бир маалыматты келтирип кетели: "Повторим — согласно новой хронологии и нашей реконструкции истории, все славянские якобы «античные и ранне-средневековые» завоевания Европы являются отражениями русского великого завоевания мира XIV века. Или же — вторичного османско-атаманского завоевания XV–XVI веков, также вышедшего из Руси". Бул жерде түрктөр дагы орус болуп жазылып атканы бекеринен эмес, себеби Осмон империясы ошол эле орус империясы экенин Фоменко-Носовскийлер өздөрүнүн эмгекетеринде кынтыксыз далилдеп атышат. Айтылып калгандай "татаро-монгольское иго" доорунда орустун экономикалык өсүүсү туу чокусуна жетип, байлыкты бөлүштүрүү системасы ачык-айкын болбой, эки борбордун ортосундагы бир бирине кылган шектенүүсү күчөй баштайт да акыры жарандык согушка алып келет. "Куликовская битвада" эки тарап салгылашып улуу Новгороддун күчтөрү жеңип Алтын Ордолуктар жеңилип калат. Эки тарапта тең казак-аскерлер катышканы үчүн орус-казак, кыргыз-казак деген түшүнүк калып калган. Ушул күндөн баштап орус империясынын эки баштуу башкаруу

системасы бир баштуу болуп калат. А бирок жеңилип калган күчтөр тынчыбай бийлик колдон колго өтүп отуруп акыры "Великая смута" башталат. Мурда орус (кыргыз) империясынын алдында баш калкалаган батыштын корольдору (кароолдор) учурду пайдаланып бийлике Романовдордун (Ырамандын тукуму) династиясын алып келет. Рюриктердин (Улуу урук) урпактары 100 жыл бою тактыны талашып отуруп акыркы таза кандуу мураскери Емельян Пугачевдун башы алынгандан кийин кана жарандык согуш тынчыйт. Ошол XYII кылымдан баштап Романовдор бута чеин так талашып келген Крымды (Жеримдин кыры, Кырым, Окраина, У окраины, Украина), Уралды (Орол), Сибирьди (шибер) Алыскы Чыгышты жана Борбор Азияны кайрадан карамагына баш ийдирип алат. Жеңилген тараптын урпактары кайрадан баш көтөрүп бийликти талашпасын деп, атайын тапшырма менен эски тарых түп тамыры менен жоюлуп жаңы тарых немис тарыхчыларга буйрутма берилип жазыла баштайт. Ошол эле "Русь. Подлинная история" китебинин 38 бетинде мындай жазууну окуйбуз. "Искажение подлинной русской истории в версии Шлецера-Миллера-Байера получает естественное объяснение как одна из важнейших идеологических задач Правящей Романовской Династии. Приглашенные немцы попросту исполнили данный им Романовыми заказ". Мындай жагдайга кескин түрдө каршы чыккан Михайло Ломоносов куугунтукталып, камалып, өлүм жазасынан араң аман калып, көзү өткөндөн кийин тарыхый эмгектерин ошол эле немистер редакциялап элге жарыялап берген. Орус империясынын таасири Америкага, Кытайга, Индияга, Европага, Алыскы, Орто жана Чыгыш Азияга тийип тургандыктан улуу орус (кыргыз) тарыхын жокко чыгарып, бырчалап, тытмалап, көбөйтүп, үзгүлөп, сапырып туруп ошол колонияларына энчилеп таркатып берген. Мындай шартты Скалигер менен Питавиус өздөрүнүн эмгектерине пайдаланып, орустун (кыргыздын) тарыхын мындан ары дүйнө элдеринин тарыхы катары ар кайсыл булуң бурчтарга жайгаштырып, ар кайсыл доорлорго чоюп жамап, көбөйтүп, мындан ары бир бүтүн болуп келген тарыхты Улуу Кытай, Улуу Египет, Улуу Греция, Улуу Рим, Улуу Индия, Улуу Монгол империялары деген ат менен биздин күнгө чеин даңазалап, ушундай

түшүнүк тамырын жайып козголбос абалга келип калган. Буга чеинки китептер өрттөлүп, мындан кийинки маалыматтардын баары Питавиус менен Скалигердин тарыхый хронологиясына таянып жазылган. Бул хронологияга чеин адамзат "Дүйнө Жаралгандан бери 7 миң жыл өттү" деген жыл сүрүүнү пайдаланышкан. Ошого карабастан Фоменко менен Носовскийлер кай бир жерлерде сакталып калган күбөлүктөрдү таап алып "Славянское завоевание" деген китебинде, Италиялык Мавро Орбини деген окумуштуунун XYIII кылымда жазып кеткен эмгегинен мындай маалыматтарды окуй алабыз: "Кроме того, от Славян (кыргыздардан), по свидетельству Орбини, произошли многие европейские народы, которые, как считается сегодня, не имеют ничего общего со славянами. Среди них:

бургундцы, шведы, финны, готы, ост-готы, вест-готы, готы-аланы, даки, норманны, траки, (то есть попросту турки), венеды, померанцы (жители германии и польши), британцы, авары".

Подчеркнем, что почти все утверждения Мавро Орбини подтверждаются и другими независимыми средневековыми источниками." Фоменко менен Носовскийдин далилдерине таянсак Монгол империясынын XIII-XIY кылымдардагы жортуулдары, Осмон империясынын XY-XYI кылымдардагы жортуулдары "Орус-түрк" (Кыргыз) империясына таандык экенин баамдайбыз. Окурмандардын кээ бирөөсү мыйыгынан күлүп, - "орус ко мейли, андай акыбалга жетиши мүмкүн, бирок кыргыздардын мындай тарыхка тиешеси канчалык? Кыпындай кыргыз өзүнүн чимкиригин тарталбай жүрүп дүйнө жүзүн кантип эле басып ала алсын?" – деп шакаба чегиши түшүнүктүү. Андыктан жалпы жаңы тарыхты кеп кылуудан мурда ошол скептиктерди кыжалат кылган суроолоруна жооп берип, эмне себептен биз орустарды кыргыз деп улам-улам орустун күмөн тарыхына өзүбүздү жармаштырып атканыбыздын чоо жайына токтололу.

# ОРУСТАР МУРДА КЫРГЫЗ БОЛГОНБУ?

Же кыргыздар мурда орус болгонбу? Ооба! Болгон! Башкача айтканда XYI кылымга чеин биз бир эл болгонбуз. Кебете кешпирибизди кеп кылсак эч кимибиз танбайбыз го, мурда кыргыздар ак жуумал, көк көз, сары чач, кең далылуу экенибизди. Орус (кыргыздар) XYI кылымга чеин эркин үч тилде сүйлөп (славянча, арабча, кыргызча), Теңирчиликти, Исламды, Христиандыкты жуурулушкан бир дин деп кабыл алып келишкен. Александр Блоктун “Скифы” (Сактар) деген поэмасынан үзүндүнү келтирсек, ал жерде: “Да, скифы - мы! Да, азияты - мы! С раскосыми и жадными очами!” – деп орустар азият болгонун баса белгилейт. Ошол эле Фоменко-Носовскийдин Афанасий Никитиндин XY кылымда жазылып, кийин өрттөлбөй сакталып калган “Хождение за три моря” деген эмгегине кайрылышкан жерин келтирип кетеин: “А вот ВСПОМИНАЯ О РОССИИ, он часто переходит на тюркский или арабский язык. Чего стоит, например молитва Афанасия Никитина О РУССКОЙ ЗЕМЛЕ. Перечисляя виденное в разных странах, Никитин наконец с особо теплыми чувствами вспоминает о Руси (Урус). И кончает это перечисление молитвой о Русской Земле. С самого начала этой молитвы он переходит с русского языка на тюркский: «Да, Подольска земля обильна всем; а Урус ерье таньгры сакласынъ; Олло сакла, Худо сакла, будоньяда мунукыбить ерь ектуръ; нечик Урус ери бєгъляри акай тусил; Урус ерь абаданъ больсын; расте камъ деретъ. Олло, Худо, Бог, Данъгры» [95], с.25.” Карагылачы! Бөтөн жерде жүргөн орус өз жерин сагынып өзү билген, тайынып жүргөн Кудайларына улам, улам жалынып жиберип атат: “...Орус жерин Теңир сакта, Алла сакта, Кудай сакта, бул дүйнөдө мындан кымбат жер жоктур” - деп. Азыркы биздин кыргыздардан эмнеси менен айрымаланат? Биз деле аралаштырып жалынабыз го? Теңир, Кудай, Алла деп... Дагы бир жерин келтирип кетеин Афанасий Никитиндин экинчи аты жөнүндө айтканын: “И жил я здесь, в Бидаре, до Великого поста и со многими индусами познакомился. Открыл им веру свою, сказал, что не бєсерменин я, а (веры Иисусовой) христианин, и имя мое Афанасий, а бесерменское имя - ходжа Юсуф

Хорасани.” Индустар анын орус экенин билип кармаган динин тактаганда “мен мусулман эмесмин, христианмын, бирок мусулманча атым ходжа Юсуф Хорасани” – деп тактап атат. Демек XYI кылымга чеин орус элинин эки динине жараша эки аты, христианча жана мусулманча болгону анык чыгып атат. Кийин орустун тарыхын бурмалап атпанда адамдын бир аты оруска думшан болуп калса (Батый хан), экинчи аты менен орус элинин баатыры болуп чыга келип атбайбы (Ярослав Мудрый). Ушул нукта дагы эле ой жүгүртө берсек орустун жерлеринин, бир далай князьдарынын, графтарынын аттары кыргызча болгону деле мындай гипотезаны далилдеп берет. Жада калса орустун падышаларынын аттарынын түп тамырын тырмалап көрсөк теги кырызча болуп чыгып атат ко: Путин – путь – бут; Елцин – елчи, Горбачев – горб, көрпө, көрпөчө, Брежнев – брежный, бережный, берег – берки жээк, аркы жээк; Хрущев – куруш, күрөш; Ульянов – уулжан; Романов – ыраман; Рюрик – улуу урук. Мындай мисалдарды дагы бир далайга чеин узарта берсек болот. Ошондон улам Советтер Союзу да бекеринен уюшулбай, 70 жыл ынтымактуу бир элдей болуп жашаганыбыз да бекер эместир.

Бул илимий эмгек эмес, болгону менин жеке ой жүгүртүүлөрүм. Эгерде бирөөңөр илимий далилдер менен ойлорумду жокко чыгарам десеңер, моюн сунуп кетенчиктеп берем. Бирок акыркы жылдары генетика деген илим өзүнүн арышын кеңейтип тактыгы менен тарахчыларды жарга такап, менин бул жерде айтып атканыма жөлөк болуп берет. Ал илимди так билбесем да, аки-чүкүсүн талдап бере албасам да, ДНК генеология илиминин башатында турган Анатолий Клесовдун айткандарына таянып, илиминин тыянактарын өзүмдүн ой жүгүртүүмө жуурулуштуруп сөзүмдү улай береин. Анын айтымында жер жүзүндөгү адамзаттын башкы атасы мындан 300 миң жыл мурда жашаган экен. Демек түпкү Адам атабыз, алгачкы пайгамбарыбыз ошол доорго туш келет экен да. Кызыктуу нерсеси биз кана, кыргыз-казактар, адам (человек), адам баласы, адамкерчилик, адамзат деп тегибиздин атын сактап калганбыз. Адам атанын урпагы экенибизге сыймыктанып “мен адаммын” деп төшүбүздү кагабыз. Орустардын тилине мен деген сөз оолашып “мне”, “меня”, “мной” деп сакталып

калган. Англис тилинде “man” ошол бойдон калып, бирок эркек адам деген маанини берсе, “woman” – аял киши деп которулат. Башкача айтканда “мен адам” деп эркек айтса, “мен ева” (“Ово эне менмин”, “woman”) деп аял айтат.

Биз билгендей эң алгач Жараткандын маалыматтары, Кудайды даңазалаган ыр саптары айтуучуларга аян менен төбөсүнөн төгүлүп, ооз эки айтылып жүрүп, кийин дарактын кабыктарына жазылып көзгө уруна баштаганда Вед (бет, жүз, барак, Кудайдын айткандары барака түштү) деген адабий эмгектер пайда болуп, мындан нары Кудайдын айткандарын “ведаю” (бет алдым), vision, video, вижу, видение (көзгө урунган) деген түшүнүктөр пайда болгон. Жараткан бул маалыматтарын пендечиликтен арылган таза, аруу жандарга кана төгүп берип, бул элди аруу эл (Арии) деп атап калышкан. Ошол “Беттерди” изилдеген окумуштуулардын айтымында арийлер Вед (бет) адабиятын Индияга Борбо Азиядан алып келишкен. Анатолий Клесовдун корутундусуна көңүл бурсак, чыныгы аруу эл (гаплогруппасы R1a) түштүк сибирден, Енисей (Энесай) жээктеринде пайда болгон (кээ бир башка генетиканы изилдеген окумуштуулардын айтымында Борбор Азияда жаралган), кийин көчүп отуруп Түштүк, Чыгыш жана Кичи Азияларды аралап Чыгыш Европага чейин тарап, кайра артка кайтып келип бүткүл Евразияны ээлеп калган экен. Бүгүнкү күндө ушул гаплогруппанын 50%-дан ашык көрсөткүчтөрүн алып жүргөн элдерди санап өтсөк булар: Алтайлыктар, кыргыздар, Индиянын брахмандары, поляк, украин жана орустар. Бул багытта кыргыздын генеология изилдөөчүлөрү (Дастан Сарыгулов, Кубан Чороев ж.б.) өздөрүнүн эмгектерин ачык жарыялап кыргыздын санжырасы менен салыштырып кыргыздын байыркылыгын далилдеп аткан учуру.

Буга кошумча болуп кыргыз эли, өнөрү, үрп-адаты, каада-салты, жашоо шарты, ой жүгүртүүсү, коз карашы, кыял жоругу, пейили менен адамзаттын башаты болуп келгенине кыйытма далил болуп бере алат. Мисалдарды келтирсек: темир кошулбай жасалган комуздун негизинде өнүккөн аспаптар: гитара, мандолин, рояль ж.б. Ушул сыяктуу кыяк - скрипканын башаты; ооз комуз - аккардеондун башаты; чоор - үйлөмө аспаптардын башаты;

жетиген - арфанын башаты; добулбас - литавр жана түркүн урма аспаптардын башаты; чалап менен максым - түркүн суусундуктардын башаты; кымыз - түркүн шараптардын башаты; бозо - пивонун башаты; боз үй - түркүн чиркөө менен мечиттердин башаты; оюн зоогу - аскер илиминин башаты; манасчылык – адабият, театр жана кинонун башаты; ар бир кыргыздын жолуна жараша ордун билүү - мамлекеттүүлүктүн башаты; Теңирчилик - түркүн диндердин башаты. "Манас" эпосундагы согуштук тактикаларды изилдеп отуруп Манастын Ак келтесининин негизинде оптикалык мылтык иштелип чыккан экен. Сталин 41 жылы Москваны алдырып ийерде, Панфилов баш болгон кыргыз менен казактардын элинен дивизия чогултуп, немистердин эң негизги соккусу боло турган Волоколамск багытына коюп, чабуул башталаарда жоокерлердин алдында Саякбайга "Манас" айттыртып, буга чейин согуш майданында боло элек аскерлерге козголбос эр жүрөк берип Москваны коргоп калганы тарыхый факт.

Орустар кыргыз болгонбу деген суроону тактай турган дагы бир кызыктуу маалыматты жакында интернеттен Мария Каменскаянын жар салганын келтирип кетейин. Анын айтымында Советтер Союзу күч алып турган мезгилде кол алдындагы Кыргыз Советтик Социалисттик республикасына арналган 37 беттен турган төмөнкүдөй документти, бүгүнкү күнү "сырдуулугун" жоготкон, казып чыгып окуп берип атат: "ЦК КПСС и Совет министров СССР подтверждают достоинство, честь, титулы и права киргизам, как достойных потомков своих славных предков в семье русских народов, которым от Неба и Творца принадлежит вся власть на земле как отрокам божьим. О чем киргизы доказали в прошлом со времен Великого Манаса". Бул жазуу 36-чы бетинде экен. Биринчи бетинен баштап мындай жазууну келтирет: "Киргизы, как автохтонный народ по происхождению входящих в семью русских народов являются потомками Великого Манаса, имели с 552 года Государственность...". Дагы бир үзүндүсү: "Киргизы подтвердили свои титулы как верноподанных отроков божьих восходящих к славной, первородной и благородной породе славян. Киргизы были признаны благородными потомками славной великой рассы, как победителями великого дракона и

стороной мирного договора о сотворении мира в звездном храме 5528 лет назад после которого киргизское племя чужени (кыясы "чуу жин" же "чуу жэзн") стало законным правопреемником и правопродолжателем китайской империи и династии великого дракона". Дагы бир үзүндүсү: [illegible]им (киргизам) предоставлена возможность осуществлять надежное хранение золота и иного имущества победителя указанного как имущество репарации (келтирилген зыяндын ордун толтуруу) и контрибуции (жеңилген тарап жеңген тарапка акчалай төлөм чегерип туруу) причитающихся и принадлежащих великой рассе потомками которой признаются киргизы".

Ушул жерден биртке токтолуп, талдап, мындай документтин жаралышына эмнелер себепкер болгонун ынанымдуу түшүндүрмөлөрдү издеп таппасак, караманча былжырак сөз болуп калчудай. Бир суроо: мындай документти Советтер Союзунун жетекчилиги эмне себептен жараткан? Жообун айтып көрөүн. Мурда айтылган кебимди улап мындай версияга токтолмокмун. Совет бийлигинин жашыруун кызматтары сакталып калган байыркы орустун (кыргыздын) тарыхын казып чыгып, Улуу Октябрь революциясынын себептерин төмөнкүдөй кабыл алган болсо керек: XYI-XYII кылымдарда орус (кыргыз) империясынын батыштагы колониялары борбордо ыңкылап уюштуруп, Рюриктердин (улуу урук) династиясын кулатып батыштын саясатын жүргүзгөн Романовдордун (Ырамандын тукумдары) династиясын бийликке алып келишкен. (Кыстырма маалымат: Николай II-нин ДНК-сы "R1a" гаплогруппасына кирбейт экен). Ошол учурдан баштап эгемендүүлүккө чыккан колониялар (Европанын корольдору) орустун (кыргыздардын) мурдакы жерлерин бөлүштүрө башташкан. Ошондон улам XYI кылымдан баштап Франция, Нидерланды, Британия, Португалия, Испания, Бельгия, Германия, Турция, кийинчирээк Япония, жаңыланган Россия, бүткул дүйнө жүзүн ич ара менчиктештирип, колонияларын тоноп, элдерин кул кылып, ченемсиз алтын, зер, күмүштөн турган байлыктарга ээ болушкан (Европанын музейлерин карагыла). Жүз жыл бою Орус империясында жарандык согуш уланып, акыры Емельян Пугачевдун же-

цилгени менен кыргын токтоп, карапайым эл "крепостной" кулдарга айланып, бирок кийин "русофилдер" менен "западниктер" деген тирешүү интелектуалдык чөйрөгө көчүп талаш-тартыш уланган. XIX кылымдын башында декабристтер төнкөрүш уюштуруп женилип калышкан. Тирешүү улам күчөй берип бийлик "крепостной" кулчулукту жойгонго мажбур болгон. Ага карабастан "народниктер" падышаны кулатууга көп аракеттерин жумшаган. XX кылымдын башында түркүн күчтөр Ак Падышачылыка тынбай чабуул жасап отуруп акыры тактыдан кулатып, большевиктер Романовдорду тукум курут кылышкан. Ак падышанын аскерлерине жардам катары он төрт чет өлкөлүк мамлекетинин интервенциялык аскерлери жиберилип, жарандык согуш большевиктердин жеңиши менен аяктаган. Эгерде Лениндин кол алдындагы бийликтин жүргүзгөн саясаты болгобогондо, 1916 жылы Романовдордун кыргызга кылган кыянатчылыгынын кесепитенен биз эч качан жерибизге ээ болуп, мамлекеттүүлүкө жетмек эмеспиз. Себеби алар билишкен, дүйнөлүк бийликтин мураскери болгон кыргыздар акыры өздөрүнүн укуктарын айтып чыгаарын. Большевиктердин бийлиги, жер бетинен жоголуп бараткан кыргыздарга административдик чек араны бөлүп берип, келечекте көз карандысыз мамлекеттүү болуу пайдубалын курап берген. Башкача айтканда, Улуу күч кыргыздардын келечекте мамлекеттүү болушуна кам көрүп, адам баласынын миллиондогон курмандыгына карабай, Романовдордун династиясын кыйратып Советтер Союзунун түзүлүшүнө шарт түзүп берген.

Эми кезек келди окшойт төмөнкү суроолорго жооп издегенге: Эмне деген мурас? Эмне деген "сотворение мира в звездном храме"? Албетте бул нукка салынган сүрөттөмөнү менин жеке пикирим, көз карашым, ой толгоом, туюмум менен келтирилип атат. Бирок ар бир сүрөттөмөнүн алдында тарыхый маалыматтар, илимий негизгер, эзотерикалык , логикалык корутундулар турат. Башында эскерилип кеткен логистиканы колдонуу аракети десем да туура болот. Кыясы бүгүн адам баласы Кудайдын жаратмандыгына шек саноодон алыс болсо да, Кудайдын барлыгына ишенип, тайынып, сыйнып, таазим эткени менен, жүргөн-

турганы, кыймыл-аракети, ой-санаасы, сезим-туюму, тулку-мүнөзү менен пендечиликтен арыла албай атканын эч ким танбастыр. Элдин камын көрөм деген журт башчылары да, элди ыймандуулук жолуна салам деген "аалымдары" да, сулуулукту даңазалайм деп талпынган өнөрпоздору да, бирде өз вазыйпасын так өтөгөн болсо, көбүнесе материадык байлыктын азгырыгына жетеленип, болгон күч аракетин "дүр дүнүөнүн" сазына батып баратканына күбө болуудабыз. "Аалам" ырахаты менен "кутучадагы" ырахаттын айрымасын билип турса да, "бул жашоомдо, бүгүн, азыр пендечилик жыргалына тоюнуп алайын" деген тыянак менен өмүрүн сүрүүдө. А демек бул көрүнүш "жан" дүйнө менен "дене" дүйнөнүн ортосундагы келишпестик бир тарабына ооп кетип баратканынан кабар берет. Бул күрөш Адам атабыз жерди байыр алып алгандан бери тең салмак менен жүрүп келаткан. Куранда Иблис (Инжилде Сатана) периштесинин өзгү карарып, адам баласы улам азгырылган сайын жан дүйнөсү кара күч менен азыктанып, кудурети манчыркап, Кудай менен тиреше турган кубатка ээ болот экен. Буддисттердин түшүнүгүндө адам баласынын жан дүйнөсү качан биротоло тазарганда, ал Кудайдын кучагына кайтып келет экен. А бирок, жер жүзүндөгү жашоосунда канчалык күнөө кетирсе, ошончолук Кудайга узай турган жолу "кармалып" (карма), улам жер бетине төрөлүп пенденин көр дүйнөсүнөн чыга албай калат экен. Башка диний философиялардын айтымында адам баласы башка планеталарда (беиште) жашап аткан учурда күнөөлөрүнөн арылгыз болуп калганда, түнүлгөн Жараткан күнөөкөр пенделерди (алардын жан досторун) жер планетага (түрмөгө) айдатып жиберген имиш. Бирткс өнүгүп-өсүп күнөөлөрүбүздөн арылып келатканда, байыгыл эле "көнгөн адатыбыз" күчөп, пеилибизден кайтып, "акыр заман" топон сууларына кабылып, улам жер бетинен жок болуп кетип атканыбыз ошондон окшойт. А бирок кайсыл диндин философиясын албайлы, бул жолкусунда, Кудайдын каарына калганыбызды моюнга алып, тазарып кетпесек, анда келерки "акыр замандын" көчкүсү адам баласын биротоло жер жүзүнөн жууп, денелерибиз эмес, жан дүйнөбүздү да материалдаштыртып, ыпыр чаң менен сапырып жокко

айлантып салаар коркунучунда турат экенбиз. Ар тараптуу диндердин биргелешип аракет кылганына карабай, адамзат көз көрүнөө тунгуюка шыпырылып баратканына күбө болуудабыз. Биз үчүн Манас атабыз кыргыз элин сактап калган баатыр экенин баарыбыз билебиз. Кызыктуу нерсе, "Манас" деген ат Непалдагы тоонун, Кытайдагы дарыянын жана административдик борборунун, Тибет жана Алтайдагы көлдөрүнүн, Индия менен Бутандагы улуттук парктарынын жана дарыяларынын, Дагестандагы айылынын, Америка Кошмо Штаттарынын тоосунун жана шаарынын аттарына ыйгарылган. Санскрит тилинен "Манас" деген сөз "жогорку акыл эс" (высший разум) деген түшүнүктү берсе, демек көөдөнүндө "Манасы" жок адам баласы кадыресе пенде болуп калаарын ырастайт экен да. Так кесе айта турган болсок, Манас кыргызга эле эмес, бүткүл адамзатка таандык күч экен да. "Манастын" касиети элден, мамлекеттен, адамзаттан качып кете турган болсо, ошол элдин, мамлекеттин, адамазаттын аягы согуш, кыргын, алаамат, табигый кырсык, акыр заман менен бүтөт экен да. Жатык тил менен түшүндүргөндө, Манас - Жараткан менен пенденин ортосундагы ортомчу "акыл эс", туура багыт, "алтын доорго" салынган тен салмактуу сапар. Манас аркылуу кана жер жүзүндө ирет, тартип, калыстык, эстүү мыйзам орнойт дегенди билдирет. Адам баласынын башатында Манастын илими, мыйзамы, буйругу өкүм сүрүп, өнүгүүсү көбүрүп-жабырып турган болсо, бүгүнкү күндө пенденин көөдөнүнөн Манас кетип, эсинен чыгып, унутулуп, адам баласы материалдык азгырыка ооп, руханий баалулуктардан ажырап, чаржайыт, алдым жуттум, өзүмчүлдүк саясатка туш болуп, акыр заманды чакырып атканына күбөбүз деп жыйынтык чыгарса болот.

Муканбет алейкисаламдын айтымында Алланын 99 аты бар. Жараткан жалгыз, бирөө, аны эч ким жараткан эмес, ал баарын жараткан, а бирок пенделер аны өздөрүнүн жашоо шартына жараша 99 кырынын бирөөсүн байкап туруп ыңгайланган ат менен Ага кайрылышкан. Биз, кыргыздар, Жаратканга кайрылган бир нече ысымга токтолуп кетели.

им. К. Баялинова
№ 485132

## ТЕҢИРИ

"Тең" – тегиз, тете, калыс, адилеттүү, бирдей, окшош деген түшүнүктү берсе, ал эми "Ири" – чоң, чексиз, түбү жок деген түшүнүгү менен "ак-каранын" Улуу Тең салмагын кармап турган Зор Күч деген маанини берип турат: ысык-суук, өйдө-ылдый, оң-сол, бар-жок, эркек-аял, жакшы-жаман, алга-артка, чын-калп, төр-улага, жашоо-өлүм, касиет-пендечилик, ач-ток, дос-кас, Көкө-Умай, инь-ян жана ушул сыяктуу түгөнбөгөн түшунуктөр. Кыргыздар эзелтен "жаман айтпай жакшы жок" деген макал менен табийгаттын эч нерсесин жээрибей "ырыскысына" да, "каарына" да "буйрук" деп кабыл алып, "Теңирдин жазганына" наалыбай жашап келишкен. Ушул касиети менен башына төгүлгөн дөөлөт-оомат-зоболосуна да, маңдайына жазылган кыргын-сүргүн-наалатына да бирдей баш ийип миңдеген кылымдар бою Жаратkандын өзгөчө назарына бөлөнүп сакталып келишкен.

КУДАЙ (перстин Жаратканга кайрылган ысымы деп айтып келишет)

Бул сөздүн этимологиясы кыргыздын КУТ жана АЙ деген сөздөрүнөн куралган. КУТ – "Күн" жиберген чексиз бакыт, кирешe, молчулук, барчылык, кубат дегенди түшүндүрсө, АЙ – "Айдын" төккөн мээрими, сулуулугу, ажарлыгы, керемети, сезими дегенди түшүндүрөт. Жараткан жерге "күч кубатын" КҮН-дүн нуру менен чачып берсе, "сезимталдыкты" АЙ нуру менен жерге куюлтуп, эки кубулуштун бир өзөгүн КУТ-АЙ (КУДАЙ) деп атап калышкан. Кут же Күн деген кыздардын аттарын кезиктире албайсыз. "Ай" кошулган кыздардын аттары четинен чыгат: Ай-нура, Ай-сулуу, Алтын-Ай ж.б.

БОГ (орустун Жаратканга кайрылган ысымы деп айтып келишет)

Бул сөздүн да этимологиясы кыргыздын БАК деген сөзүнөн чыккан. Жогоруда Афанасий Никитиндин, же XY-кылымдын орустары "Алланы" "Олло" дегендей "Бакты" "Бог" деп айтып

калышкан. Пенделик жашоодон качып ыйык "Монастырьга" кеткен пенделер "Манастын Төрүнө" барып кызмат кылышат.

GOT (батыштын элдери Жаратканга кайрылган ысымы деп айтып келишет)

Бул сөздүн да этимологиясы кыргыздын КУТ деген сөзүнөн чыккан. Буга көп токтолбой эле коелу.

АЛЛА (арабтардын Жаратканга кайрылган ысымы деп айтылат)

Бул сөздүн этимологиясы кыргыздын түпкү тилине таандык экендигине кененирээк токтололу. Арабист изилдөөчү Темиралы Кунашевдин "Мудрый Коран. Пространство и Время" деген китебинде Жараткандын энчилүү саны "1", энчилүү тамгасы "А", башкача айтканда ошол эле "1" деген сандын чечмелөөсү "Жараткан Жалгыз Өзү" деп жазылса, анын добуштуу формасы "А" деп айтылат. Бул тамганын арабча жазылышы "алеф" болсо, кыргызча "Ал-эп" же "алгачкы ыкма" деп чечмеленет. Т.Кунашевдин айтымында ар бир кийинки (2, 3, 4..28) сандарынын өзүнө гана тийиштүү тамгалары жана аларды чечмеленген маанилери болгонун аныктап, бирок YIII-кылымдын реформасынан кийин тамгалардын табигый ирети өзгөрүлгөндөн улам ислам дининин жүргүзүлгөн саясаты да баштапкы нугунан оой баштаган деген тыянака келет. Жаратканын добуштуу белгиси "А-а-а" деп жаңырган болсо, Жаратканын түс белгисин "Ак" деп айтканыбыз туура болот. Т.Кунашев келтирген далилдерден улам "Алла" деген сөздүн этимологиясы алгач кыргыздардын тилинен тапса болоорун айткым келет.

"Ал"-"лА" – бул Жараткан менен адамдын АЛАКАСЫ деп койсок да болот. Адам баласы Кудайдын кудурети менен жер жүзүнө "Аа-л" деп тартууланып, жер жүзүндөгү тапшырылган ваыйпасын аткарып бүткөндөн кийин "л-аА" деп кайра Жаратканын кучагына кайтып кеткен формуласы.

Араб алфавитиндеги экинчи тамга "Ба". Мунун мааниси "адам" = "2" дегенди түшүндүрөт. Кыясы Адам ата менен Обо эне экөө "2", жуп экенин билдирет.

"Ал" – "ба" – деген сөздү карасак, Жараткан адамды жерге жаратып коюп, бирок кайра өзүнүн жайына албай, жерге калтырып коюп атат. Кыясы "тозоко" кабылып калганыбы же "реинкарнация" теориясы менен жерге кайра-кайра төрөлүп кармалып ("кар" + "ма") атканыбы?

"Ак", биз жогоруда айткандай, Жаратkandын түсү. "Акта" камтылган кызыл, сары, жашыл, көк, күрөң жана башка ушул сыяктуу түстөрдү байкайбыз. Ал эми Жараткандын нуру жетпей калган жерде кереметүү "түстөрү" жоголуп, бир кана "кара", "жокчулук" боегу калып калат. "Каргыш" деген сөздүн түпкүрү да Кудай адамдан оолактап кеткени деп түшунсө болот.

"А" деген тамгадан башталган сөздөрдү уланта берсек эн ыйык, сыйлуу, улуу деген маанилерди кыргыздын тилинен таба беребиз. Мисалы: "Ата", "Апа", "Ана" (эне), "Ага", "Аба", "Аке", "Апче" (эже), "Адал", "Аза" (жайына узатуу), "Аса" (касиеттүү аса таяк), "Азык", "Аш", "Ач" (жаңы нерсени ачуу), "Ат" (ысым жана жылкы), "Ажар", "Актык", "Аруу", "Амал", "Акыл", "Адил", "Абиир", "Акы", "Аян", "Аял", "Айым", "Акак", "Ант", "Алп", "Акын", "Адегенде", "Адеп" жана ушул сыяктуу. Мындайча айтканда, Жараткандын үндүү "А" дабышы жер бетиндеги пенделердин "үнсүз" түркүн кубулуштары менен жуурулушуп ушундай касиеттүү маанилерге ээ болот.

Темираалы Кунашевдин айтымында, катылган архивдерден Мукамбет алейкисаламдын Чоң казатка узап, Борбор Азияны ислам динине бурам деп бараткан Азирет Аалыга берген батасын казып чыгыптыр. Анда мындай деген эскертмеси бар экен: "Тоолуктарга кылыч салба! Алар бизден мурда эле "мусулман" болуп келишкен! Ал эми биздин динди шашпай өздөрү эле кабыл алышат". Бул жерде Мукамбет пайгамбар өзү "ислам" дини менен "мусулманчылыкты" ажыратып жатат. Мусулман – Аллага туура багыт алган инсан. Исламчы – өзүн мусулманмын деп эсептеп, Мукамбет пайгамдардын мураскерлери Халифат идеясынын негизинде түзүп кеткен башкаруу системасынын жактоочусу. Мусулманчылык – Алланын, Кудайдын, Теңирдин Куран (Манас илими) менен адам баласына тартууланган, жер жүзүнө "Алтын

Доор" курала турган ынгайлуу жашоо эрежеси, "логистикасы". Мусулманчылык ислам增 дининен мурда пайда болгон.

Куран (Манас илими) – уңгусү кыргыздын "Кур" деген сөзүнөн пайда болгон. Кур (ремень), курал (оружие), курча (окружай), ат токур (оседлание), кургал (остаться без ничего), курган (надгробие), курчан (опоясаться), курам (храм), куран (вооружись знанием).

Мукамбет – араб элинде мындай ат жок. Муканбет кыргызча "мукамдуу билим" деп түшүндүрүлөт. Мукам – асмандан түшкөн өтө жагымдуу; Бет – жүз, келбет, билимди камтыган барак.

Шарият – кыргызча "шарт" деген эле сөз. Эгерде Мукамбет алейкисалам жашагандай, айтып кеткендей жашасаңар, ушул "шартты" аткарып өтсөңөр, анда беиштен өзүңөрдүн жайыңарды табасыңар деген түшүнүк.

Ыйман – кыргыздын "иймен" деген эле сөзү. Ийменүү – өзүңө, ата-энене, жубайыңа, балдарыңа, тууган-туушкандарыңа, жакындарыңа, досторуңа, жан-жаныбарларга, эмерек-буюмдарыңа, ичип аткан сууңа, жеп аткан ашыңа, дем алып аткан абаго, жаап аткан жаанга, тийип аткан күндүн нуруна, көзүң көруп аткан талаа, кыр, тоо, асман, булут, таш, топурак, чөптөргө, жада калса душманыңа, өтө аяр, ийменип жасаган мамилени билдирет. Эгерде жер жүзүндөгү диндердин аки-чүкүсүн, ыпыр-сыпырын, татаалдааштырылган эрежелерин электеп салса, үч эле нерсе калат: 1. Кудайга ишен, Жараткандын мыйзамы жер үстүндө иштеп атканына ынан. 2. Жараткандын мыйзамына баш ийбесең, "акыр замандын" болоорун күт. 3. "Акыр замандын" каарына кабылгың келбесе, бул жашоодо ыймандуу бол. "Ыймандуу бол" деген түшүнүктү жогоруда берип кеттик. Башкача айтканда "ыймандуу болуу", артыгы-кемиги жок, бул "мусулманчылык". Бирок, тилеке каршы, ислам динин кармангандардын баары эле мусулман эмес.

Жалпысынан тарыхый маалыматтарды, илимий гипотезаларды, элдик санжыраларды, ДНК-генеологиянын изилдөөлөрүн эске алып "адамзаттын таржымалын" (албетте менин жеке көз карашым менен) мындайча деп баштамакмын.

# АДАМЗАТТЫН ТАРЖЫМАЛЫ

XIX-кылымдын экинчи жарымында материалисттик көз караштy жактаган британдык натуралист Чарльз Дарвиндин "Происхождение человека и половой отбор" эмгеги жарыяланып, адам баласы миллиарддаган жылдар бою ааламдын кубулуштарынын комбинацияларынан улам кокусунан жандык клетка пайда болуп, ошол клетканын жашап кетүү ыкмалары иштеп башка клеткалар менен биригип алгач суу жаныбары пайда болгон экен. Ошентип отуруп суудагы балыктар кургака чыгып, андан нары өнүгүп отуруп "маймыл" жаныбары жаратылышты өздөштүрө алган "адам" баласына айланган экен. Бул теориянын уландысы болуп немец психологу Вильгельм Вундтун изилдөөлөрү адам баласы "топурактан" жаралгандыктан акыл эси, жан дүйнөсү "химия" жана "физика" илиминдей эле формулаларга баш ийерин, Жаратkандын жоктугун далилдеп чыгат. Бул теория атам-замандан келе жаткан, чексиздиктин ээси Алла-Талла 18 миң ааламды жеке өзүнүн каалоосу менен курап, анын ичинде жерди, адамды, жандыкты бир бүркүм тилеги менен жаратып койгон деген тушүнүктүн пайдубалын кыйратып, XX-кылымда пенделердин канын дарыядай агызып, адамдын "дене досу" Пир даражасына көтөрүлүп (Зона комфорта), "пендечиликтин" бийлиги өкүм сүрө баштаган. Ошондой эки жааттыктын тирешүүсү бүгүнкү күнгө чеин тынчыбай адамзатты кыйроо абалына алып келди. Тескерисинче, мындай эки жааттыкты колдобогон Манас илими, кыргыздын эзелтеден келе жаткан "ЭЧ НЕРСЕНИ ЖЭЭРИБЕ" философиясын камтып, эмне болбосун журөгүң менен кабыл алып, өзүңө сиңирип, синтездеп, карама каршылыктын "сызыгын" сыгып, "каймагын" калпып дүйнөнүн бүтүндүгүн сактап кал дегени. Бекеринен манасчыларыбыз элибиздин пири болуп келген Манасыбыздын кемчилигин жаап-жашырбай "канкор", "эрдиги бар эси жок" сыяктуу эпитеттер менен сүроттөп, кыргыздын түбүнө жеткен кечирилгиз душманы Коңурбайды "эр капча", "Коң төрө" деп артыкчылыктарын баса белгилеп турбаса керек. Ошондон улам болсо го, дүйнө жүзүнүн үрөйүн учурган "атаңды өлтүргөнгө энеңди алып бер" деген макалы менен кыргыздын

“кекчилдигинин” жоктугун айкын ачып берип турат. Же болбосо кылмышкерге айып салганда “кунун төлөп” кутулуп кет, колунаң келбесе көчүрүлүп (качып) элиңен, жериңен ажырап тентип кал дешкен. Азыркы Европа элдеринин өлүм жазасына мараторий киргизүүсү кыргыздарда эзелтен эле бар болчу. “Убийство убийцы не уменьшает количество убийц” – деп Уинстон Черчиль айткандай, кыргыздын сакталып келатышынын бирден бир себеби, анын “Айкөлдүктү” (гуманизмди) пир тутканы болсо керек. Жаратқандын бүтүндүгүнө, тегиздигине, гармониясына таазим этип, анын кубулжуган түркүн диндеринин түстөрүнө маани бербей, ким болбосун төрүнөн орун берип, “билген намазыңды окуй бер”, бирок “Жараткандын алдында пейилиң ак, ниетиң түз болсун” деген “конституциясын” карманып келип, кыргыздын тарыхында диний согуш болбогону таң калтырбай койбойт. Жашоо тиричилигинин айлампасында “жашыңа” карап, “жолуна” жараша ордуңду бил деген түшүнүк, аял эркегине карабай, төрөлгөндөн көзүң өткүчөктү, элиңе кылган тийиштүү кызматыңды да кыласың, элиңден алчу кадыр-баркка да ээ болосуң дегендик. Теңирдин тең салмагын карманган кыргыз “материалисттик” көз карашты да жээрибей, “идеалисттик” кыялды да танбай, миңдеген кылымдарды карытып келип, Самат Кадыровдун “Теория Единого Поля” (ТЕП) эмгегин жаратканы бекер болбосо керек. Бул теориянын концепциясын түшүнүү үчүн, Альберт Эйнштейндин “Теория Относительности” (ТО) тууралуу учкай сөз. Ошол эле материалисттик багытындагы изилдөөлөрдөн улам XX кылымдын башында Эйнштейн мындай тыянака келген. Албетте, окумуштуу Жаратқандын барлыгынан кабары бар болсо да, “Салыштырмалуу Теориясында” Кудай эсепке алынган эмес. Кыскача, анын теориясын физикалык быкы-чыкыларын атабай туруп жатык сөз менен сүрөттөсөк, Аалам төрт өлчөмдүктөн турат: X – өлчөмү “оң-сол”, Y – өлчөмү “алды-арты”, Z – өлчөмү “өйдө-ылдый” жана T – өлчөмү “убакыт”. Башкача айтканда, убакыт – ааламдын дарыясы. Пенде тийиштүү ыкмаларды таба алса чексиз ааламга сапар тартып, түркүн галактиларды кезип өтүп, төрт өлчөмдүн булуң-бурчуна чейин кыдырып кете алат, эгерде тийиштүү

ылдамдыка жете алса. Өткөн чака да, келер чака да саякат кылышы мүмкүн, эгерде тийиштүү ыкмаларды таба алса. Караманча башка концепцияны карманган Самат Кадыровдун далилдеринде Ньютондун физикалык мыйзамдары Жер планетасынын кучагында кана калбастан, көп катмарлуу Ааламга да тийиштүү болуп, "үч өлчөмдүү" материянын физикалык кыймылдары "убакыттык" эсеп өлчөмүн жаратып, бирок табитинде "убакыттын" жоктугунан кабар берет. Башкача айтканда, "убакыт" учур чак менен кана кубулуп, "өткөн чак" менен "келер чак" "Үңгү Талаада" (Алла-Талланын кучагында) бир бүтүндүктө камтылып турат. Бул тыянакты физикалык формулалар менен таспиктеп, Улуу Күчтүн барлыгын илимий жол менен далилдеген. Самат Кадыровдун Ааламды сүрөттөгөнү Темиралы Кунашевдин "Мудрый Коран: Пространство и Время" деген эмгеги менен үндөшүп турат. Куранды чечмелеп атканында "Арштын" (беиш, чексиз акыл эстин уюткусу) чок ортосунда 18 миң катмарлуу табият жаралып, ошол табияттын айлампасында учур чактын кыймылы пайда болуп, а бирок "өткөн чак" менен "келер чак" "Арштын" назарынынын бир чекитинде турганы айтылат.

"Чырагым, мезгил-убак – тирүүлүктө!
Чеги жок, өлчөм болбойт түбөлүктө!

Кеткен чак, келер кезиң, учур чагың
Керемет каткан сырсыз – баары дайын".
(“Жайсаң”, 7 китеп, 31 бет.)

Бул ыр саптарды Жайсаң Үмөт уулу кайып дүйнөдөн Бүбү Мариям Муса кызына ааламдын жаралышынан жана түзүлүшүнөн ушундай кабар берет:

Дүйнөдө жандуу-жансыз бардык нерсе,
Дал ошол жоктон бүткөн өз кезинде.

Кысылуу чекке жетип – бүркконүндө,
Кыпкызыл от жалындан бүткөн дүйнө.
(“Жайсаң”, 8 китеп, 153 бет.)

Бул ыр саптар "Теория большого взрыва" деген физиканын төбөлдөрү изилдеп чыккан тыянакка кошулат.

Оюбузду мындан нары уланта берели. Теңирдин чөлкөмү да чексиз, анын убакыттык өлчөмү да кыйырсыз. Чектелүү чөлкөм менен убакыт өлчөмү материянын жаралышы менен пайда болуп, "жаралуу-өнүгүү-кыйроо" айлампасында чуркап калган. Күндүн бир жүгүрүгүн күн өттү деп, ай нуру чачылып бүтсө ай өттү деп, жердин бир чамгарагын жыл өттү деп эсептейбиз. Жараткандын бүркүмү менен материя хаосу жаралып, аны гармониялаштыруу максатында Кудайдын буйругу менен жандык-клетка пайда болот. Клетка өнүгүү жолуна түшүп өзүнөн өзү экиге бөлүнүп, экөө төрткө көбөйүп, бул көбүрүктүн арты жер бетинде жаныбарлардын жайылышына алып келет. Бул илиймий көз караш. Кыясы жер бетинде адам сымал киши мүчөлүү шимпанзенин "дене досун" Жараткандын тапшырмасы менен "акыл эстүү" бир "жан дос" ээлеп алып, алгачкы Адам атабыз адамзаттын түпкү атасы болуп калса керек. Ал кезде жуп түшүнүгү жок болгондуктан Адам атабыз клетканын көбөйүшүнүн принциби менен өзү төрөп тукум улаган. Анын кийинки урпактарынын бир "дене досун" Обо эненин "жан досу" ээлеп "аялдар" пайда болсо керек. Ушундай кескин түрдөгү өзгөрүүлөргө Алла-Талланын жиберилген периштелери чоң өзгөртүү киргизген сайын ДНК-генеологиянын хромосомун мутацияга алып келип турса керек. Куранда айтылган пайгамарлардын келиши, ДНК-генеологиясында аталган жер жүзүндө 20 гаплогруппаларынын (R, J, O, C сыяктуу) пайда болушуна туздөн түз таасирин тийгизсе керек. Дагы бир илимий факт – 64 миң жыл мурун Тынч океандын чок ортосуна кырка тоолордун көлөмүндөгү метеорит түшүп, көтөрүлгөн толкундары жер бетин бир нече жолу айланып жандыктын баарын кырып жоюп салганы айтылат. ДНК-генеологиянын изилдөөлөрүнө кайрылсак (Анатолий Клесов), алгачкы клетка жаралгандан бери 4 млрд. жыл өтптүр. Бүгүнкү адам баласы менен шимпанзенин түпку атасы 2 млн. жыл мурун жашаган экен. Ушул илим менен жер жүзүндөгү "акыл эстүү адамдын", башкача айтканда Адам атанын жаралышы 300 миң жыл мурда пайда болгон деп

божомолдошот. Башкача айтканда, примитивдүү "неандерталец-тин" дене досуна "Күндөн" жиберилген Манас илими киргизилип "дене достун" пендечилиги "жан достун" касиеттүүлүгү менен жуурулушкан. Ошол мезгилден баштап Адам атаны "нур тукуму" деп, анын урпактарына "күн эли" деген ат бекип калса керек. Ошол маалдан баштап адамдын ички дүйнөсүндө "пендечилик" менен "касиеттүүлүк" күрөшүп келген. Атлант цивилизациясынын учурунда "пендечиликтин" күчү үстөмдүк кылып отуруп Кудайдын каарына калган адамзат жер бетинен жоголуп кетээрде, Алла-Талланын айкөлдүгү менен кабар берилип, адамдын учугун улап кеткен түпкү атабыз Нук пайгамбар (Түмөн ата) жаралып, 64 миң жыл мурун адамзаттын нугун сактап калган. А бирок эмне себептен "күн эли", "нур тукум" деген түшүнүктөр пайда болгон? Кыясы материя өзү катмарлуу болгондой эле, Жараткандын Улуу Күчү да бир нече даражадан турса керек. Ошол чексиз Жараткандын бир катмарындагы Теңирдин күчү "Күн" планетасына да таандык болсо керек. Демек "Күндүн дене досу" от менен жалындуу материяны түзсө, "кайып дүйнөсүндөгү" кубулуштарында өтө зор "Жаратуучулук" касиет болсо керек. А бирок "Күндүн" бетин кара так ээлегендей эле, "кайып дүйнөсүндө" да "кара тактардын" чордону жок эмеско. Демек "Күн" кайып дүйнөсүнүн таасири менен периштелердин "десанты" жер бетине түшүрүлүп алардын тукумдары "күн эли" же "нур тукумдуу" деген атка консо керек. Бул гипотезаны далилдеген "Айкөл Манас" китебине кайрылалы. Жайсаң Үмөт уулунун дастанындагы Түмөн атабыздын (Нук пайгамбар) ичер суусу түгөнгөндө Теңирден эмне батаа алганына назар бөлөлү:

Там берип, Түмөн баатыр, аруу дилден
Түбөлүк ант шерттешип, бата берем:

Туктүү жер калыбында турган кезде
Тукумуң уч уласын жер бетинде.

Ант-шерти: Түмөн баатыр, өзүң менен
Урпагың Улуу Тоону кылсын мекен.

Артында тукумуңа кандан өтүп,
Айкөлдүк тамырласын өнүп-өсүп.

Сөз кунун бийик баалап түшүрбөгөн,
Сөз менен жоосун жеңип, сөздөн өлгөн.

Жалганда коноктугун сезе билген,
Жатын да өздөй көрүп, төрүн берген!

Түмөнгө жетпесе да – сан мин деген
Түтүндөп кемибесин учун, Түмөн!

Улуулук, аруулукка, жоомарттыкка
Урпагың чыккынчылык билип кылса,

Жаңылса айкөлдүктөн, чечендиктен,
Жоосуна тик караган берендиктен,

Жазасы Улуу Күчтүн – урпактарың
Жабыгат түйүндөтүп тагдарларын.

Тагдырын түйүндөтүп алса, демек,
Таланып душманынан сан мин ирет,

Жеңилип кайран тукум азайышаар,
Жакшысы кем төрөлүп – кыска жашаар.

Бул болсо анттын шерти – анан дагын
Бардыгы анттын шарты унутпагын.

Ал эми шарт боюнча – тукумуңа
Ар доордо үлгү болоор калат нуска.

Өзүңдү арнап толук ушул шартка,
Өтөйсүң милдетиңди ант-уйкуда.

Жан-досуң күмүш жипке байланып бек,
Жалганда-түбөлүктө сапар кезет.

Артында урпагындан – Кең Ааламдан
Ар дайым үзгүлтүксүз кабарлайт жан.

Урпагың жаңылышып, алааматка
Учурап, тукум курут болор чакта

Түйшөлүп ант-уйкудан – күмүш жипте
Жан-досуң жакын келип таш дениңе,

Жаралган зарылдыктан наристенин
Жан-досун пайдаланат аруу денин.

Төрөлүп перзентке зар үй-бүлөдө,
Торолуп өмүр кечкин пенделикте.

Милдетиң – журтту сактоо болгондуктан,
Мээнеттүү түйшүк тарткын жаш чагындан.

Журтунду нукка салып – өтөп милдет,
Жан-досуң денди таштап узап кетет... “
(“Жайсаң”, 8 китеп, 156-158 бет.)

Муну менен биз эмнени жыйынтыктагыбыз келип атат? Эгерде жогоруда келтирилген саптарга ынанган болсок, эгерде Фоменко-Носовскийдин тарыхын туура багыт деп кабыл алсак, эгерде ДНК-генеологияны далилдүү илим деп так кесе тыянак чыгарсак, эгерде кыргыздын ары (аруулугу), намысы (наам изи), касиети (касам ичкени) туюмунда бар экенин танбаса, эгерде Манас тукуму экени чын болсо, анда кыргыз жапа тырмак акыл эси менен бир силкинип, көөдөнүндөгү көзүн ныл баскан чел кабыкты сыйрып салып өткөн кеткенине башкача көз караш менен кайрылуусу зарыл. Анда демек, жер бетинде кылым санай кады-

ресе “пенделер” жана “нур тукумдуулар” жашайт. “Нур тукумдуулар” бийлике келгенде анын карамагындагы эли өнүп-өсүп бакубат жашоону кечиришет. Алардын артынан бийликти эңсеп келген “пенделер” Күндүн “кара тагынан” чырмалышкан азгырыка берилип, дүйнөнүн элин кул кылып, кордоп, басмырлап, өздөрү манчыркап, түзүлгөн биримдикти бүлүндүрүп, акыр заманды чакырган “шордууларга” айланат. Тарыхтын кайсыл барагын ачпагын, улуу империялар башатында илим-билими гүлдөп, өнөрчүлүгү көбүрүп-жабырып, бир аз өтпөй тактын мураскерлери бири биринин башын жеп, бийлик тынбай алмашып, акыры бириндеп, чачырап, жок болушат. Ошого карабастан Түмөн атабыздын улуу Руху улам жер бетине жаралып, Манас илиминин акыл эстүүлүгүн орнотуп адамзатты башына келээр акыр замандан сактап келатат. Демек андан бери жер бетине улам келип кеткен пайгамбарлардын түп нускасын Түмөн бабабыз түзүп турган экен да. Жөнөкөйрөөк айтканда, ар бир жер бетине келген пайгамбардын артында Манас илиминин таасири менен Түмөн атабыздын “жан досу” турган экен да:

Ошентип, Улуу Тоону мекен кылган
Оболку улутубуз Күн аталган.

Улуу Күн Улуу элден кийин гана
Төгүлтчү нурун текши адамдарга

Алгачкы Күн нурунан кубат алган
Адамдар өз улутун “Күн” атаган.

Баладай баео мүнөз, пейили кең,
Бар-жокту бирдей көрүп караган тең.

Далилдеп тарашканын бир тамырдан
Дилдери Айкөлдүктү сактап калган.

Кең пейил, баеолукту туу тутушкан
Кыргыздар – шол алгачкы Нур тукумдан.

Демек улам жер бетине жаралып Маңастын илимин тартуулап келген пайгамбарлардын мураскери биз экенбиз да. Буга далил катары Анатолий Клесовдун версиясындагы ДНК-генеологиянын корутундуларын келтирип кетеин. Алгачкы аян менен жазылган, Теңирди даңазалаган адабияттын башатын "Аруу эли" түзүп дүйнө жүзүнө билимдин өзөгүн таркатып кеткен эл 6 миң жыл мурун Борбор Азияда жашаган экен. Бул элдин теги 24 миң жыл мурун Энесай, Байкөл, Алтай, Ала-Тоодо түптөлүп "R1a" (Арийлер) гаплогруппасын тузүп, кыясы ушул элдин өкүлдөрүнөн пайгамбарлар чыккан деген гипотезаны жактамакпыз. Еврейлердин ашкиназ-левит уруусунун 65% "R1a" гаплогруппасына таандык экенин эске алсак, адамзаттын эң атактуу илим, адабият жана искусствонун өкүлдүгүн ушул уруу түзүп кеткенинен кабар берет. Тарыхка кайрылсак байыркы еврейлердин левит уруусу сыйына турган храмдарында (курамдарында) Жаратканга кызмат кылып, бирок жер, мүлк ээлигине жолотулчу эмес (кыясы бөтөн элден болсо керек). Так Сулайман алейкисаламдын тушунда левиттер жерге, турлүү байлыка ээ боло баштаган. Анын көзү өткөндөн кийин левит уруусу жеринен айрылып, мүлкүнөн ажырап Израилден айдалып кеткен. Андан нары Европага качып, орус элинен талкаланган түрк тилдүү иудей хазарлардын курамына кошулуп ашкиназ-левит деп аталып калышкан. Ал эми арабдарга тиешелүү Мукамбет пайгамбарды ала турган болсок, мындай ат арабдарга таандык эмес экенин эскертип кеткенбиз. Мукамбет алейкисаламдын ата-теги официалдуу түрдө саналып бергени менен төрөлгөндө жетим болгонун эч ким танбайт. Анын касиетине таазим эткен чымчым топту албаганда, жалпы араб эли пайгамбарды өлүм жазасына буйруп, артынан түшүп өлтүрө албай, барган жеринде жактоочулары көбөйүп, акыры араб элин ыйман жолуна салып бүткүл мусулмандардын символу болуп калган. Бүгүнкү күндө араб элинен дүйнөгө атагы чыккан илим чөйрөсүндө да, өнөр айдыңында да ысымдарды таба албайбыз. Байыркы Египет цивилизациясына араб элинин тиешеси жок экенин ДНК-генеология далилдеп берди. Араб эли "J1" гаплогруппасына кирсе, Тутанхамон (Тутанган каган) фараону "R1b" (Арбиндер деген ат коюлуп калган) гаплогруппасына кирет. Ал эми

биз билген, дүйнө жүзү тааныган тарыхты качан, ким жана кантип бурмалаганын жогоруда кеп кылдык элек. Фоменко-Носовскийдин далилдеринде бурмалоо XYI-XYII кылымдарда батыш менен орустардын (ошо кезде кыргыздардын) тирешинен улам чыккан. ДНК-генеологияны жардамга чакырсак, бул тирешүү миңдеген жылдарга созулган Аруу (R1a) менен Арбиндердин(R1b) ич ара өчөшкөнү. Кыскача баяндап кетсек Аруулар менен Арбиндер (24-22 миң жыл мурда) Ала-Тоо, Алтай, Енисейди мекендеп башында Аруулар, андан 2 миң жылдан кийин Арбиндердин түпкү аталары батышты көздөй көчүп жыла башташкан. Бир нече миң жылдан кийин Европадан кезигишип Арбиндер Арууларды чыгышка сүрүп, ошондон ушул биздин күнгө чеин батыш менен чыгыштын салгылашы түгөнбөй келет. Батыш менен тирешип турган чакта түштүктөн Кытайдын (“О”- гаплогруппасы) ажыдаары отун бүркүп “Күн” элин кыса баштаган. Биздин заман жана биздин заманга чеин деген түшүнук Иса пайгамбардын жаралганынан баштап эсептелгени (от рождества Христова и до его рождества) жаңылыштык, себеби анын төрөлүшү XII-кылымга дал келээрин Фоменко-Носовскийлер илимий ыкмалар менен далилдеп чыгышты. Алардын эсебинде Иса пайгамбар да орус (кыргыз) болгонун далилдешет. Ал эми эски эсептин жыл сүүрүсү менен Жылдыз Курамындагы Дүйнөнүн Жаралышынан (от Сотворения Мира в Звездном Храме) 7500-чү жылда жашап аткан учурубуз. Жогорудагы сырдуу документтин үзүндүсүн дагы кайталап кетели: “... им (киргизам) предоставлена возможность осуществлять надежное хранение золота и иного имущества победителя указанного как имущество репарации и контрибуции причитающихся и принадлежащих великой рассе потомками которой признаются киргизы”.

Ошентип “нур тукумдуу” элдин эки тараптан душманы пайда болот: батыштан жана түштүктөн. Түштүктү карай жортуулдардын бирин атасак, элибиздин эс тутумунда калган Манас атабыздын 1400 жыл мурун жасаган “Чоң казаты”. Батышка жасаган жортуулдарды эскерсек Атилланын, Батыйдын жүрүштөрү. Эми ушул Чыңгызхандын дооруна токтоло кетели. Бүгүнкү жыл сүрүүнүн YI-кылымында араб элине Түмөн атабыздын “жан досу”

Муканбет пайгамбар аты менен келип нукту түзөп, Иса пайгамбардын (ошол эле Түмөн атабыздын "жан досу") келишине шарт түзүп берген болсо, YII-кылымында Манас атабыздын Руху кыргыз элине Куту Улук Эл Төрөсү деген ысым менен Алтайда төрөлүп, кийин Ала-Тоого келгенде "Айкөл" деген ысым менен кытайдын кыргынынан "нур тукумдуу" элин сактап (тарыхта Манас аты калбаса да, манасчылар өз атын атап "Манас" айтып калышкан), келечекте Енисейдеги "Улуу Кыргыз Каганатынын" түптөлүшүнө, Борбор Азияда "Караханиддердин" өнүп-өсүшүнө, "Чынгызхандын" дүйнөлүк империясынын салтанатына жол ачкан. Ошентип отуруп XIY-XY – кылымдарда Евразия чөлкөмүндө эки баштуу "Улуу Кыргыз Империясы" түзүлөт. Көп жыл мурун интернеттен немисче жазылган "Гроссе Киргиз Райх" деген картаны бирөө жарыялады эле. Азыр ошол картаны таппай калдым. Ошондо азыркы Чыгыш Европадан баштап Камчаткага чейин кулачын жайган улуу империянын чек арасын көрсөтүп турду эле. Демек азыркы "Монголо-татарское иго" учурунда "Улуу Кыргыз Каганаты" деп аталыптыр да. Эсекайдын уулу Темиржин даражалуу Жеңгиз хан (Чынгызхан) деген ыйык наамды өзүнө ыйгарып, Манастын илими менен Улуу Мамлекетти түптөп урпактарына калыптанган Теңирдин тең салмагын алып жүргөн кош канаттуу, эки баштуу административдик-аскер системасын түзүп кеткен. Бир канаты "Алтын Ордо" деп аталып тартипти сактаган "казак" аскер элин түзүп турса, экинчи канаты "Ак Ордо" деп аталып ар кыл өндүрүшчүлүктү башкарып казынаны толтурган соода борборго айланган. Батыштын жерлерине өзүнүн кароолдорун (Ордонун кароочулары) дайындап, салыктарды борборго ташып турушат. Ошондон улам батыштын корольдору канын таза кармап карапайым элдин өкүлдөрүнө (Арбиндерге) үйлөнбөй бир бири менен кыз алышып-беришип ушул күнгө чейин байыркы "нур тукумун" сактап келишет. Ошол салт Индияга да келип карапайым элди башкарган Баракмандар (брахмины) карапайым элге(неприкасасмые) үйлөнбөй кандарын таза сактап калышкан. Чынгызхандын көзү өткөндөн кийин анын мураскерлиги так талашып биринин башын бири жеп "Улуу Каганат" ыдырай баштайт. "Куликовская битва" салгылашында "Ак Ордо" менен

"Алтын Ордонун" ортосунда кыргын жүрүп "Ак Ордо" жеңишке ээ болгону менен империя экиге бөлүнүп алыскы батыштын корольдоруна эркиндиктин илебин жугузат. Иван Грозныйдын тебетеинде араб арибы менен "Каган всея Руси" деген жазууну кийин өчүрүп салышкан. Анын өлүмү менен Рюриктердин (Улуу Уруктун) династиясы үзүлүп, так талашуунун жыйынтыгында батыштын өкүлдөрүнө өтүп кетет. Корольдордун саясатынын негизинде такка Романовдор (Ырамандын тукуму) келип Кагандыктан баш тартып грекче Цесарь (Царь) деген наамга ээ болушат. Ошол доордон баштап Кырк Ууздун (кыргыздын) аты өчүп Уруусу Ууз (Урус = Русь = Россия = русский) деген ат даңазалана баштайт. Ушул учурда Борбор Азияда өзүн эмир деп атаган "нур тукумдуу" Тамерлан "Алтын Ордо" менен "Ак Ордонун" ортосундагы бийлик талашуу жаңжалын өзүнүн пайдасына буруп келип, Борбор Азиянын архитектурасын, илимин, маданиятын болуп көрбөгөндөй бийиктике көтөрмөлөп кайрадан Улуу Каганаттын элин бириктирген. Тамерландын көзү өткөндөн кийин Джучинин урпактары Шейбанилер, Астархандар (азыркы өзбектердин ата-тектери) "Ак Ордонун" падышаларынан кысым көрүп, алсырап калган "Алтын Ордодон" сүрүлүп, гүлдөп калган Борбор Азияга кол салып, Тамерландын небереси Улугбекти өлтүртүп, чөбөрөсү Бабурду сүрүп чыгышкан. Качып бараткан Бабур жаңы төрөлгөн"алтын бешике" бөлөнгөн наристесин, атка урунуп өлгөнчө Теңирим аман алып калгысы бардыр деп талаага таштап кетет. "Алтын бешиктин" урпактары кийин кыргыздын өзөгүн түзүп калат. Бабурдун үзөңгүлөшү Махмуд кыргыз (Тагай бий) калган колду курап Ала-Тоонун кучагында сакталып калат. Биз бул эмгекте санжыраны тактап, же тарыхты ондоп, кыргыздын таржымалынын жаңы версиясын жаратып аткан жокпуз. Биздин максат, миңдеген жылдар бою агып келе жаткан кыргыздын касиетинин нугун божомолдоп, билгич тарыхчыларыбыз, туйгуч санжырачыларыбыз, аруу манасчыларыбыз ошол, бүдөмүк болсо да, элес-булас нуктун багытына өздөрүнүн топтоп келген "мурасын" бир тилек менен агызып көрсө, балким Улуу Кыргыздын Улуу "өткөн чагы" так тастыктелип, Улуу "келер чагы" ажайып ачылып Улуу Кыргыздын татыктуу орду орнотулабы деген үмүт

жаратуу. Ушундан улам суроо пайда болот. Эмнеге Махмуд кыргыздын (Тагай бий) доорунда С. Ахсикендинин "Маджму-ат-Таварих" эмгегине көңүл бурбайбыз? Тарыхый булактардан табылбай жүргөн Жакыптын уулу Манастын аты аталып, өмүр баяны сүрөттөлүп, тарыхый доордун, даңазаланган инсандардын катарына кошулуп атпайбы?... А-а-а-а! Мына! Ушундай жерлерден кыргыздын кур намысы ойноп, байкамаксанга салган кемчилигинин кесепети кашкайып көрүнүп калат. "Манас атабыз кантип эле XY-кылымда жашасын? Биз билген эпостогу окуяларга караманча окшобойт ко? Бул Манас бизге эч кандай тиешеси жок!" – деген жээригендик Манас илимине башкача көз караштын ыкмасын колдонгонго бөгөт салынып калган. Биздин оюбузча, Манас атабыздын Руху жер бетинде акыл эстүү адам баласы жаралгандан бери Манас илими болуп байырлап келген. Кыргыздын касиети жер жүзүнөн жоголуп кетпесин деп, "нур тукумунун" башына мүшкүл түшкөндө, же ар кыл ат менен бирөөнүн "дене досуна" жаралып, же бирөөнүн акыл эсинде "үлбүрчөк" болуп уялап, же бирөөнүн кыймыл аракетине "аяндуу" багыт көрсөтүп "Күн элин" сактап келген. Манас Руху, Түмөндүн Рухундай эле, өз аты менен учурунда Түштүк Азияга келип Кытай, Тибет, Индиянын тарыхын түптөп кеткен. Дагы бир ирет Манас Америкада жаралып улуу Мая, Инк, Ацтек цивилизацияларына из калтырган. Үчүнчү ирет Манас Кыргыздарга келип Кытайдан сактап дүйнөдөгү эң ири эпосту жаратып кеткен. "Маджму-ат-Таварих" эмгегине жана Сагынбай Орозбаковдун "Манасына" таянып дагы мындай жыйынтык чыгармакпыз. Орто кылымдын доорунда да Манастын Руху дагы бир ирет келип, дагы бир ирет боло турган кыргын-сүргүндөн алдын ала кыргызды Ала-Тоонун койнуна жашырып сактап калган. Сагынбай Орозбаковдун "Көкөтөйдүн ашында": "Орус да бар, немис бар, Ойроттун баары тегиз бар"- деп айткан. Сагынбай атабыз бул саптарды оюнан чыгарып айткан жок да. Төбөсүнөн аян болуп төгүлүп атса, айтат да. Демек орто кылымдагы кыргыздын бир чоң тоюна орусу да, немиси да, ойроту да келсе керек. Бирок эки ирет келген Манастын окуялары чырмашып Сагынбай манасчынын сөз түрмөгүнө аралашып кеткен. Ал эми Манастын оруска жасаган жортуулунда Айламорду

(Илья Муромецти) жеңип келгени, "Маджму-ат-Таварихте" айтылып калганы бекер эместир. Тарыхчы Табылды Акеровдун жазганы боюнча: "Отметим, что сведения, сообщаемые нам автором «Манаса», были в свое время достаточно подробно изложены в книге Утемиш-Хаджи — «Чингиз-наме». В анализируемом же повествовании его автор только усиливает утверждения своих предшественников о том, что Токтамыш-хан, моголистанский князь — Анга Торе, Салучи-Булгачи и кыпчаки области Джете, а также бахрины были верными союзниками кыргызов, тогда как золотоордынские ханы и князья Пулад-хан (Пулат), мангыт Джамгырчи (Йамгурчи), Сарай Мамай были — главными противниками «Манаса». ...Решающее сражение между соперниками произошло в «Жайыке», т.е. на Урале [4, с.52-54]. Согласно сказанию, Манас вышел на поединок с Пуладом и ранил его. Во втором поединке Манас ранил Жолоя, потом его союзника — «Темиркожо» (Ай-кожо). Сразил копьем Манас и Пулада, которому победитель отрубил потом ему голову. Одержав победу, союзники, возвратились в свою резиденцию - в город Манассию [4, с.52-54]. (Табылды Акеров. "Версия эпоса "Манас" в "Маджму-ат-Таварих"). Манас атабыз кандай ысым менен келбесин, кимдин баласы болуп төрөлбөсүн, бирок орто кылымдын Чоң Башаламандыгынан (Великая смута) кыргыздарды сактап өтүп, Долон бий, Акуул, Кубуул, Тагай, Адигине, Наалы эже тегибиздин жолун ачып, ар кайсыл жерде чачыраган кыргызды бир муштумга түйүп, басып келген Жунгарларга турушутук бере турган "күч-кубат" топтоп берген. Акыры "Алтын бешиктин" урпагы такка отуруп Кокон хандыгы түзүлүп калган. А бирок чыгыштан Цин империясы, түндүктөн Ак падышачылык, батыштан Бухара хандыгы, түштүктөн Англичандар (Арбиндер) кыса баштаганда, кыргыздын аттуу-баштуулары, болбой эле түбү Аруу элине, оруска, баш калкалоону чечишкен. 1916 жылы кыргыздарды Никалай II жеринен кубалап түп тамыры менен жок кылаарда, Манастын үлбүрчөгү менен жаралган Ленин, үч катар революциядан кийин Ырамандардын урпактарын тактыдан кулатып, кыргыздар кайрадан жерине кайтып, мамлекеттүүлүгүн түптөп калып атышат. Дүйнө аренасына кайрадан Аруу элинин биримдиги менен

куралган СССР эли калыстыктын идеясын көтөрүп бүткүл жер жүзүнө үлгү боло турган мамлекетти кура башташат. Жусуп Абдрахмановдун талыкпаган аракети менен кыргыздын чек арасы тактальп, келечекте эгемендүүлүктүн бүчүрү болуп берген Автономдуу Кыргыз Республикасы жаралып атат. Советтер Союзунун саясий жана экономикалык формацияларын эсепке албай туруп, анын негизиндеги адам арасындагы теңчиликти, сыйчылыкты, ынтымакты, биримдикти, айкөлдүктү даңазалаган идеясын, адамзаттын башатындагы Аруу элинин ич ара мамилесин айта жүрүү зарыл. Арбиндердин чоң каражаты жумшалып, миң түркүн ыкмалары колдонулуп, акыры 1991 жылы Советтер Союзу кыйроого учурады. Бириндеп кеткен республикалардын төбөлдөрүнө жылдап жыйылган байлыкты, мүлктү бөлүштүрүү ыкмасында алдым-жуттум идеясы сиңирилип, “ким биринчи алып калса байыды, үлгүрбөй калса өзүнөн көрсүн” деген ураан даңазаланып, болгон ресурстар таланып, тонолуп чымчым олигархтардын менчигине өтүп кетти. “Балээ болуп өз алдынча өнүгүп кетпесин” деген кооптонуу менен там-там басып келаткан экономикаларды кредиттик чынжырга байлап салды. Калган эл сызга отуруп, сыйпаласа да эч нерсеге жете албай аргасыз “челночный бизнес”, “миграция”, “контробанда”, “рэкет”, “проституция”, “наркотик” деген ыкмалар менен аман калышты. Тыштан киргизилген мындай саясатка каршы болгон республиканын лидерлери, же диктатторлук жолго түшүп бийлигин сактады, же революциялардын курмандыгы болуп башка жерден баш калкалады. Ошентип бүгүнкү күндө адамзаттын келечекке умтула турган бир дагы багыты жок. Дүйнө жүзүнүн бир дагы мамлекетинде “элдин пендечилигин жоюу”, “ыйманын агартуу”, “касиетин күчөтүү” деген программалары жок, а бирок “байларды кустуруу”, “коррупция менен күрөшүү”, “түрмөгө камоо” программалары ар бир өлкөнүн бийилигинин эң негизги мыйзам ченеми. Абсурд! Эли ыймандуу мамлекетте коррупциянын пайда болушу мүмкүн эмес, ал эми коррупцияны женген мамлекетте ыймандуулук өсөт деп эч ким кепилдик бере албайт. Себеби коррупцияны күч менен жокко чыгаруу мүмкүн, а бирок коркуу сезими ыймандуулукту жарата албайт, ыймандуулук пенденин мыйзамына баш ийбейт,

Жараткандын Манас илиминде, Манас мыйзамында ыймандуулук өнүп-өсүп жашайт. Кудайдан коркуу менен Кудайдын мыйзамына баш ийүүнүн айрымасы асман менен жердей. Дегеле адам Кудайдан корккону нан намазга жыгылып, уурдабай, күнөө кылбай жашашы мүмкүн, а бирок коркоктук сезим, өзү эле, Кудайдын алдында кетирилген күнөө. Себеби күнүгө адал иш менен алпурушкан адамдын жүрөгү тоо болушу зарыл, жүрөгү тоо адам элине кызмат кылууда билип-билбей күнөө кетириши мүмкүн, чалынышы мүмкүн, мүдүрүлүшү мүмкүн. Алла-Талланын алдында кечирилгис күнөөгө батуу, Ага чыккынчылык кылуу бул – өз кара башың менен кана алек болуп, өзүңө кана беиштен орун камдап өмүр сүрүп өтүп кетүү.

## КЫРГЫЗСТАН

Биз өзүбүздү эгемендүү, эркин, демократиялык республикада жашайбыз деп эсептейбиз. Өзүбүздүн чек арабыз, гербибиз, желегибиз, конституциябыз, Жогорку Кеңешибиз, Президентибиз бар, ООН-дун мучөсүбүз. Дүйнөнүн башка мамлекеттеринен эч айрымабыз жок. Бийликтин көз карашы менен караганда, "биз өнүгүп атабыз, өз алдынча саясатыбызды жүргүзүп атабыз, элибизди багып атабыз" – деген түшүнүктө калууда. Оппозициянын көз карашы менен караганда, "бийлик элдин канын ичүүдө", "биз бийликке келгенде баарыңарды кустурабыз", "Кыргызстанды гүлдөтөбүз" деген программаларды жазууда. Карапайым элдин көз карашы менен караганда, "өгүзүм өлбөсүн, арабам сынбасын, калганыңар бириң өлүп, бириң кал" – деген позицияда өз кара жанын өзү багууда. 90% калкыбыздын ишеними боюнча, мейли бийлик өкүлү болобу, мейли бийликке умтулган патриот болобу, мейли эч нерсе менен иши жок фермер болобу, баары Кыргызстандын өнүгүшүн, элдин бейпилдигин, адамдын даражалуулугун акчанын көлөмү менен эсептеп калган. Эми суроо: пенденин тоюнушу үчүн канчалык көлөмдө акчалуу болушу зарыл? Адам баласы канчалык бай болгондо өзүнө: "ии, мына, мага жетет, ушуга шүгүр" – деп айта алат? Жообу бир эле: пейлинен кургалган адам эч качан тоюнбайт, дүйнөнүн бүт байлыгына ээ болгон

күндө да, ачка абалынан арылбайт. Бул, пендеге жиберилген Кудайдын каары, көзү өткөндөн кийин жан дүйнөсү куйкалана турган тозоктун оту. Кең пейилдүү адамдын көөдөнүнө бүт аалам батып, Кудайдын Куту төбөсүнөн төгүлүп, чексиз касиеттин ээси болуп, Теңирдин тең салмактуулугу жан дүйнөсүнө кыттай уюп, жасала турган ишине керектүү каражат, алтын, күмүш, бермет, зер кадырсе керектелүүчү материал болуп капчыгына агып турат. Бул Манастын илими, Алланын мыйзамы, Теңирдин белеги, жер бетиндеги жасап кетчү вазыйпасы, түбөлүктөн энчиленген жайынын даяр болушу. Ушул мыйзамдын жер бетинде орнолушу үчүн адам баласы эмне кылуусу зарыл? Биз Кыргызстанда жашап аткандан кийин, биз эмне иш чара көрушүбүз керек? Мен билген жообумду айтып көрөүн.

1. Бул маселеге Президент, Жогорку Кеңеш, Өкмөт, коомчулук, кыргыз эли болгону "назарын" бөлүп берүүсү зарыл.

2. Казынадан бир тыйын кетирбей болгону Президенттен демилге, Жогорку Кеңештен мыйзам, Өкмөттөн токтом, коомчулуктан талкуу, кыргыз элинен колдоо көрсөтүлүшү зарыл.

3. Кеңешип, макулдашып, кыргыздын ыңгайлуу жеринен бир чөлкомдү тандап алып "Этно-Маданий Коругун" жарыялоо – Улуттук эң алгачкы күн тартиби деп таануу.

Мындай "Этно-Маданий Коруктун" пайда болушуна мамлекетибиздин бир тыйынына муктаж эмес. Болгону жогоруда санап кеткен тараптардын "назарына" жана "саясий эркине" муктаж. Эгерде ушул иш чаралар жасалса, арты кандай өзгөрүүлөргө алып келет?

1. Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасында жашап келген эл, бийлик, коомчулук жапа тырмак кыргыздын тарыхына, маданиятына, каада-салтына, үрп-адатына, кол өнөрчүлүгүнө, ырым-жырымына, оюн-зоогуна, касиетине, тилине, дилине, динине таазим этти деген белги Теңирдин телегеине, Алланын ааламына, Кудайдын Кутуна, Күндүн кубулушуна, Манастын илимине жыштык толкуну менен кабар кетет.

2. Мындай кабарга жооп иретинде "Этно-Маданий Корук" деп чегерилген Ордосуна асмандан Жараткандын жаратмандык Илеби, Нуру, Куту төгүлүп кыргыздын пейили тазара баштайт.

3. Тазалыка, аруулука, касиетке суусаган пенделер дүйнөнүн булуң-бурчунан ушул “Этно-Маданий Коруктун” Ордосуна агыла баштайт. Аларга шарт түзүү максатында ар тараптан адал акчалардын агымы куюлат.

4. “Этно-Маданий Корук” деген кичинекей чөлкөмдө, кыргыздын байыркы Түмөн атанын тушундагы “саясий инфраструктурасы” жарала баштайт.

5. “Этно-Маданий Коруктун” саясий башкаруу системасы кеңеип башка региондорго эксперимент катары көчүрүлө баштайт.

6. “Этно-Маданий Коруктун” ийгиликтери “ыймандуу башкаруу” системасы катары Кыргызстандын баш бийлигине жугуп, кыргыздын байыркы адилеттүү көчмөн демократиясы бүткүл дүйнөнүн материалдашкан бир беткей цивилизациясына туруштук бере баштайт.

7. Бүткүл эл аралык коомчулук Кыргызстандын өнүп-өсүшүнө суктанып, жер жүзүнө Жараткандын касиети жуурулушкан саясий-экономикалык жаңы формациясы өкүм сүрүп калат.

Мындай мыйзамдын долбоорунда азырынча “Этно-Маданий Коругун” Тоң жергесине жайгаштырууну сунуштайбыз:

ДОЛБООР

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

## Тоң Этно-Маданий Коругу жөнүндө

Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы жаратылшты коргоо аймактары жөнүндө» Мыйзамына ылайык иштелип чыгып, Тоң Этно-Маданий Коругу жана анын аймактык чек араларынын иш-аракеттеринин укуктук негиздерин аныктайт.

**1-берене.**

Тоң Этно-Маданий Коругунун (мындан ары Тоң Коругу) аймагы болуп Ысык-Көл областынын Тоң району аныкталат.

**2-берене.**

Тоң Коругунун негизги милдеттери болуп эсептелинет:

- кыргыз элинин руханий жан-дүйнөсүн, каада-салтын жана тарыхый маданиятын коргоо жана өнүктүрүү максатында инвестицияларды тартуу;

- Тоң Коругунун негизги экономикалык өзөгү болуп бере турган заманбап этнотуризмди түзүү жана өнүктүрүү.

- Тоң Коругунун аймактык мүмкүнчүлүктөрүн өркүндөтүү, ошондой эле Тоң Коругунун иши үчүн керектүү азыркы кездеги инженердик-транспорттук, телекоммуникациялык, өндүрүштүк жана архитектуралык эстетиканы жана салттуу маданиятты карманган социалдык инфраструктураны түзүү;

- искусство жана маданият чөйрөсүндөгү каражат агымдарын жана экономикалык багыттарын ыкчамдатуу, Тоң Коругунун баардык экспорттук потенциалын жандандыруу,

- кошумча жумуш орундарын түзүү;

- заманбап сервистик технологияларды түзүү.

**3-берене.**

Тоң Коругунун субъекттери өз иштерин "Жаратылышты коргоо аймактары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырышат. Тоң Коругунун экономикалык ишмердүүлүгү Кыргыз Мамлекетинин жаңы багытынын сынак майданы деп бааланат.

**4-берене.**

1. Тоң Коругунун ишмердүүлүгүнө төмөнкүлөр кирет:

- этно-маданий ишмердүүлүктүн баардык түрлөрү;
- Тоң Коругунун кызматкерлери үчүн турак жай имараттарын, кино-декорацияларды жана кино-павильондорду куруу;
- этно-маданий жасалгаларды өндүрүү;
- адабият, искусство жана салттык оюндарынын көргөзмөлөрүн жана фестиваладарын уюштуруу;

2. Тоң Коругу аймагында талаптуу көзөмөлгө алынат:

- кыргыз элинин Руханий Маданиятын сактоо чаралары;
- жерлерди, сууларды, атмосфераны, токойлорду, өсүмдүктөрдү, жаныбарларды сарамжал пайдалануу иш аракеттери.

**5-берене.**

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:

- Тоң Этно-Маданий Коругу Жобосун белгиленген тартипте бекитсин;
- өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын Президенти**

# САГЫНБАЙ

(толук метраждуу тасманын
киносценарии)

# 1. ТАШКЕНТ-ПИШПЕК ЖОЛУ.

**ЖАЗУУ**
1921 ЖЫЛ. ЖЕТИ-СУУ ОБЛУСУ. ПИШПЕК УЕЗДИ.

Ташкент-Пишпек жолу менен бир полуторка келе жатат. Орус шоопурдун жанында орус комиссар. Бортто европалык кийим кийинген 7-8 улан-кыздар. Арасында Ыбрай, Сабыр жана Бекинай жанаша отурушат, бирок Ыбрай менен Бекинай кыз-жигит экени байкалып турат. Алар кабинанын далдоосунда борттун түбүндө отуруп келатышат. Бир убакта четте отурган Ыбрай башын буруп алды жакты карайт да тура калып кыйкырат.

**ЫБРАЙ**
БИЗДИН АЛА-ТОО! КАРАГЫЛАЧЫ, БАЛДАР, БИЗДИН ЖЕР! ТИГИНЕ-ТИГИНЕ, АК МӨҢГҮЛҮҮ ТООЛОР КӨРҮНДҮ!

Балдардын баары тура калышып кузовдун кырын кармап Ыбрай көрсөткөн жакты караштыда суктанып унчукпай көк тиреген кырка тоолорго назар бөлөштү. Чыдабай кеткен Бекинай биринчи болуп “Интернационал” ырын баштап кирди. Калгандары аны коштоп калышты.

**БЕКИНАЙ**
ВСТАВАЙ ПРОКЛЯТЬЕМ ЗАКЛЕЙМЕННЫЙ,
ВЕСЬ МИР ГОЛОДНЫХ И РАБОВ.
КИПИТ НАШ РАЗУМ ВОЗМУЩЕННЫЙ,
И В СМЕРТНЫЙ БОЙ ВЕСТИ ГОТОВ.
ВЕСЬ МИР НАСИЛЬЯ МЫ РАЗРУШИМ
ДО ОСНОВАНИЯ, ЗАТЕМ
МЫ НАШ, МЫ НОВЫЙ МИР ПОСТРОИМ.
КТО БЫЛ НИЧЕМ, ТОТ СТАНЕТ ВСЕМ!...

Ар кимисинин көздөрүндө жалын, өрт чагылышып, ырдын мазмунун жүрөгүнө сиңирип алган жаш комсомолдор, өз меке-

нине чечкиндүү өзгөртүүгө ниет коюшуп, болгон далалатын ырдан чыгарып баратышты. Аларды заңгыраган Ала-Тоосу кучагын жайып тосуп алды. Чаң жолдо полуторка тоо этегиндеги талаада зымырап баратты. Айланага жаңы доордун жаңы ыры жаңырып атты. Аларга кошулуп комиссар дагы, шоопур дагы жан дилдери менен ырдап киришти. Ыбрай да ырдап жатып капталдан бир атчан караанды байкады. Алыс, бирок жакшылап караса, кумуш түспөлдүү зооту менен байыркы жоокер машинеге удаа атын чаптырып бараткан экен. Жанындагыларды караса, эч кимиси буга көңүл бургудай эмес. Баары ырга берилген. Атчан бир далайга чеин коштоп барып анан бир кырдын ары жагына ооп кетти.

**ЖАЗУУ:**
С А Г Ы Н Б А Й

## 2. ПИШПЕК УЕЗДИНИН АТКАРУУ КОМИТЕТИ.

Жаңы келген жаштарды аткаруу комитетинин агартуу бөлүмүнүн Кара Кыргыз ооз эки чыгармаларын топтоо иштеринин жетекчиси Каюм Мифтахов кабыл алды. Баарын мандайына отургузуп алып мындай деп кайрылды.

**МИФТАХОВ**
ЖОЛДОШТОР! БИЗДИН ЖАШ КОММУНИЗМДИ КУРУУЧУЛАР! УЛУУ ОКТЯБРЬ РЕВОЛЮЦИЯСЫНЫН ЖЕҢИШКЕ ЭЭ БОЛГОНУНА БЫЙЫЛ БЕШ ЖЫЛ БОЛОТ. АНДАН БЕРИ БИЗ АКТАРДЫН, БАЙЛАРДЫН МИЗИН КАЙТАРДЫК, СИЗДЕР МИНТИП АРДАКТУУ БИЛИМ АЛЫП КЕЛДИҢИЗДЕР, ЭМИ АЛДЫБЫЗДА МЫНДАН ДАГЫ ЖООПТУ ИШТЕР КҮТҮП ТУРАТ. ВЛАДИМИР ИЛЬИЧ ЛЕНИНДИН АЙТКАНДАРЫН АТКАРАБЫЗ ДЕСЕК, КОММУНИЗМДИ КУРУУНУН БИРДЕН БИР ШАРТЫ, ЖАЛПЫ ЭЛДИН САБАТСЫЗДЫГЫН ЖОЮУ, ЭЛДИН БУГА ЧЕИН САКТАП КЕЛГЕН МУРАСЫН КАГАЗГА ТҮШҮРҮП, КИТЕП КЫЛЫП ЧЫГАРЫП КЕЛЕЧЕКТЕГИ МУУНДАРГА ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ. УШУНДАЙ МААНИЛҮҮ

УЧУРДУН БАШАТЫНДА СИЗДЕР ТУРАСЫҢАР, А ДЕМЕК ӨЗГӨЧӨ БАКЫТТЫН ТУУ ЧОКУСУНДА ЭКЕНИҢЕРДИ УНУТПАГЫЛА! УШУНДАЙ УЛУУ ВАЗЫЙПАҢАР МЕНЕН КУТТУКТАЙМ! (Угуп аткан жаштар кол чаап жибериштти.Мифтахов уланта берди) ЭМИ АР КИМИҢЕРГЕ БЕРИЛГЕН ТАПШЫРМАҢАРДЫ ОКУП КЕТЕИН.
АРКАНОВ ТОКСОБАЙ, ТАБАЛДИЕВ БЕКТЕМИР ЖАНА БОСТОНКУЛОВ ТУРАТ ЫССЫК-КӨЛДҮН ЖЕРГИЛИКТҮҮ БИЙЛИКТИН КАРАМАГЫНА ЖИБЕРИЛСИН. АБДРАХМАНОВ ЫБРАЙЫМ, ТОЙБАСАРОВ САБЫР ЖАНА ЖАЙДАРОВ УЛУК НАРЫНДЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ БИЙЛИКТИН КАРАМАГЫНА ЖӨНӨЙСҮҢӨР. АЛАМАНОВА БЕКИНАЙ МЕНЕН ТОТУКУШЕВА КАНАЙЫМ БУЛ ЖЕРДЕ, ПИШПЕКТЕ КАЛАСЫҢАР.

Сабыр колун көтөрүп калды. Мифтахов сүйлөй бер деп жандады.

**САБЫР**
БИЗ ОШОНДО САБАК БЕРЕБИЗБИ ЖЕ ООЗ ЭКИ ЧЫГАРМА ЧОГУЛТАБЫЗБЫ?

**МИФТАХОВ**
КАНДАЙ КЫЗМАТ КЫЛААРЫҢАРДЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ БИЙЛИКТИН КАРАМАГЫНА БАРГАНДА БИЛЕСИҢЕР, А БИРОК АБДРАХМАНОВ ЫБРАЙЫМДЫКЫ ЭМИТЕН ЭЛЕ БЕЛГИЛҮҮ. ЖАКЫНДА ЭЛЕ БИЗ СООРОНБАЙ САПАРБАЕВ АГАЙЫҢАР МЕНЕН КОЧКОРДОН КЕРЕМЕТ МАНАСЧЫГА КЕЗИГИП АНЫН МАНАСЫН ЖАЗА БАШТАДЫК. БИРОК ӨЗҮҢӨР БИЛГЕНДЕЙ, МЫНДАЙ ЗОР ДАСТАНДЫ БИР НЕЧЕ КҮНДӨ ЖАЗЫП БҮТҮШ МҮМКҮН ЭМЕС ЭКЕН. ОШОНДУКТАН БУЛ ТАПШЫРМАНЫ ӨЗҮ МАНАСЧЫ, БИЛИМДҮҮ, КОЛУ СУЛУУ ЖАНА ЫЛДАМДЫКТА ЖАЗА АЛГАН ЫБРАЙ АБДРАКМАНОВГО ТОКТОЛДУК. БУГА ДАЛИЛ КЫЛЫП БААРЫБЫЗ ЫБРАЙЫМДАН СУРАНЫП КОЙБОЙЛУБУ,

БИЗГЕ МАНАСЫНАН БИР ШИНГИЛ АЙТЫП БЕРСИН, ЫЯ? КАНДАЙ ДЕЙСИҢЕР?

Баары суранышып кол чаап калышты. Ыбрай туруп Мифтаховго суроо узатты.

**ЫБРАЙ**
РАХМАТ! АЙТЫП БЕРЕИН... БИРОК БИР ӨТҮНҮЧҮМ БАР ЭЛЕ... БИЗ БЕКИНАЙ ЭКӨӨБҮЗ БАШ КОШОЛУ ДЕП ТУРДУК ЭЛЕ... ҮЙЛӨНҮП АЛЫП АНАН БАРСАМ БОЛОБУ?

**МИФТАХОВ**
КАЧАН, БҮГҮН ҮЙЛӨНГӨН АТАСЫҢАРБЫ?

Балдар күлүп жиберишти.

**ЫБРАЙ**
(ыңгайсыз боло түшүп) ЖОК! БИРОК...

**МИФТАХОВ**

МЫНДАЙ КЫЛБАЙЛЫБЫ... БИРТКЕ ШАШПАЙ ТУРГУЛА! ҮЙ-БҮЛӨ КҮТҮҮ ОҢОЙ ИШ ЭМЕС. АЛГАЧ ӨЗҮҢӨРГӨ ШАРТ ТҮЗҮП АЛГЫЛА! КҮЗДӨ, СЕН АГА ЧЕЙИН ТАПШЫРМАҢДЫ АТКАРЫП БҮТҮП КАЛАСЫҢ, ҮЙЛӨНӨМ ДЕСЕҢЕР, БИЗ ДА ЖАРДАМ БЕРИП КОМСОМОЛДУК ҮЛГҮЛҮҮ ТОЙ ӨТКӨРӨБҮЗ?! БЕКИНАЙ, КАНДАЙ ДЕЙСИҢЕР?

Ыбрай Бекинайды карада. Тигиль ушундай жол туура дегенсип жылмайып башын ийкеди. Ыбрай үстөлүн четке жылдырып, даярданып манасын баштайын дегенде терезеден баягыл, талаада алардын ырын коштогон атчанды көргөндөй болду. Тагыраак айтканда, аттын соорусу көрүнүп, бастырганы угулуп корону көздөй бастырып кетти. Ыбрай манасын баштады. Баары кунт коюп ута башташты. Кыясы Бекинайга таасирленип айтты окшойт, Каныкейдин сулуулугун, акылмандуулугун сүрөттөп

кирди. Отургандар баары Ыбрайдын өнөрүнө суктанып, айткан манасына сүңгүп отурушту.

## 3. ПИШПЕК. ЖАТАКАНЫН КОРООСУ.

Балдардын баары жатаканага жайгашып калышты. Ыбрай менен Бекинай сырттагы отургучка ыкташып кобурашып атышты.

**ЫБРАЙ**
(кайгылуу) ЭМИ ЭКӨӨБҮЗ ЖАРЫМ ЖЫЛГА ЧЕЙИН КӨРҮШ-ПӨЙ КАЛАБЫЗБЫ?

**БЕКИНАЙ**
(суйкүмдүү күлүп Ыбрайды суктанып карап) БУЛ ДА БИЗГЕ СЫНООДУР... БУЛ СЫНООДОН ӨТСӨК, КИЙИН ТҮБӨЛҮКӨ БИРГЕ БОЛОБУЗ!

**ЫБРАЙ**
ЖАРЫМ ЖЫЛ МЕН ҮЧҮН ТҮБӨЛҮК!

**БЕКИНАЙ**
КОЙ, АНТПЕЙЛИ! ЖАРЫМ ЖЫЛ КӨЗ АЧЫП ЖУМГУЧА ӨТУП КЕТЕТ! АНАН БИРИ БИРИБИЗДЕН ТАЖАЙ ДА БАШ-ТАЙБЫЗ.

**ЫБРАЙ**
ТАЖАЙБЫЗ? ЭЧ КАЧАН! МЕН АЗЫР ДЕЛЕ, СЕН ЖАНЫМДА ОТУРСАҢ ДЕЛЕ, СЕНИ САГЫНГАНЫМДАН ООРУЙМ, КЫЗ-ГАНГАНЫМДАН ӨРТТӨНӨМ, СЕНИН СУЛУУЛУГУНДУ ЭЧ КИМ КӨРБӨСҮН ДЕП ПАРАНДЖА ЖАПКЫМ КЕЛЕТ!

**БЕКИНАЙ**
(бышкырып жиберип) КЫЗГАНАМ? КИМДЕН?

**ЫБРАЙ**

(Бекинайдын күлгөнүнө таарынып) БААРЫНАН! САБЫРДАН, ЖАДА КАЛСА МИФТАХОВТОН! ОЮМДА АЛ СЕНИ АТАЙЫН ӨЗҮНҮН ЖАНЫНА КАЛТЫРДЫ ОКШОЙТ, МЕНИ ТООГО КЕТИРИП.

**БЕКИНАЙ**

(сестене түшүп, мээримдүү) ИЙ, БАЙКУШУМ! СЕНИ ЧЫНЫГЫ КОМСОМОЛ ДЕП ЖҮРСӨ, СЕН ДАГЫ ЭЛЕ ЭСКИЛИКТЕН АРЫЛА ЭЛЕК ЭКЕНСИҢ ДА! (бир нерсени эстей калып) ООБА, КОММУНИЗМДЕ ЭРКЕК МЕНЕН АЯЛДЫН ОРТОСУНДА НИКЕ КЫЙЫЛБАЙТ, ЭРКИН МАМИЛЕДЕ БОЛУШАТ. БИРОК АЛ ЗАМАНДЫ БИЗ КӨРӨБҮЗБҮ, КӨРБӨЙБҮЗБҮ, АНЫ КЕЛЕЧЕК КӨРСӨТӨТ. БИЗ АЗЫР КОММУНИЗМДИН ЗАМАНЫ МЕНЕН ДА ЭМЕС, ЭСКИ ЗАМАНДЫН МОЛДОСУНУН НИКЕСИ МЕНЕН ДА ЭМЕС, АЗЫРКЫ, ЖАҢЫ МЫЙЗАМДЫН КАТТООСУ МЕНЕН БАШ КОШОБУЗ. АГА ЧЕИН БИРИ БИРИБИЗГЕ АНТ БЕРЕЛИ?!. ТУР! ТУРСАҢ! (Бекинай Ыбрайды тургузуп өзүнө бурду) МЕН, БЕКИНАЙ АЛАМАНОВА, СЕНИН АЛДЫҢДА АНТ БЕРЕМ. СЕН КЕЛГИЧЕ БИР ДАГЫ ЭРКЕКТИ ЖАКТЫРБАЙМ, БИР ДАГЫ ЭРКЕКТИ СҮЙБӨЙМ, БИР ДАГЫ ЭРКЕКТИ ЖАНЫМА ЖОЛОТПОЙМ!

**ЫБРАЙ**

(көңүлү көтөрүлүп, тамашага салып) А МЕН КЕЛГЕНДЕН КИЙИНЧИ?

**БЕКИНАЙ**

(салтанаттуу) СЕН КЕЛГЕНДЕН КИЙИН МЕН ТОЛУГУ МЕНЕН СЕНИКИ БОЛОМ! АНДА ОГО БЕШБЕТЕРДЕН МАГА ЭЧ КИМ ЖОЛОЙ АЛБАЙТ! ЭМИ СЕН МАГА АНТ БЕР!

**ЫБРАЙ**

А МЕН ЭМНЕГЕ БЕРЕМ? ТООДО МЕН КИМДИ СҮЙМӨК ЭЛЕМ?

**БЕКИНАЙ**

БИЛБЕЙМ! А БАЛКИМ ТООЛОРДУ, СУУЛАРДЫ, АРЧАЛАРДЫ МЕНДЕН ДАГЫ АШЫКЧА СҮЙҮП КАЛАСЫҢ? МЕНИН САНААМ ТЫНЧ БОЛУШУ ҮЧҮН СЕН ДАГЫ МАГА АНТ БЕР!

**ЫБРАЙ**

АНДА МЫНА... МЕН, АБДРАХМАНОВ ЫБРАЙ, СЕНИН АЛДЫҢДА АНТ БЕРЕМ. САГА КАЙТЫП КЕЛГИЧЕ БИР ДАГЫ ТООНУ ЖАКТЫРБАЙМ, БИР ДАГЫ СУУНУ СҮЙБӨЙМ, БИР ДАГЫ АРЧАНЫ ЖАНЫМА ЖОЛОТПОЙМ!

**БЕКИНАЙ**

(ойноой териге кетип) ОЙ МИТААМ ДЕСЕ! (кайра жазылып) МЕЙЛИ! ЖАРАЙТ! АНТЫҢ КАБЫЛ АЛЫНДЫ. ЭМИ САНААМ ТЫНЧЫДЫ!

Эми экөө бирин бири тиктеп унчукпай калышты. Экөөнүн ортосунда ысык илеп жүрүп кетти. Кечки теректер жеңил өткөн шамаалдан толкундана баштады. Ыбрай Бекинайды көздөй энкейди. Бекинай корккону нан колу менен тосуп калтырак үнү менен сурап жиберди.

**БЕКИНАЙ**

СЕН ЭМНЕ КЫЛГАН АТАСЫҢ?

**ЫБРАЙ**

СЕНИ ӨӨП КОЕЮН ДЕП АТАМ?!

**БЕКИНАЙ**

АНДАЙ БОЛБОЙТ КО? (колу менен Ыбрайды түртүп) СЕН КЕЛГИЧЕ БИР ДАГЫ ЭРКЕКТИ ЖАНЫМА ЖОЛОТПОЙМ ДЕП АНТ БЕРИП КОЙБОДУМБУ... (Ыбрай таарынып тетири карап калды. Бекинай аянычтуу, эмне кылып көңүлүн жуушатаарын билбей калды) МЕН АНТЫМА БЕКЕММИН, ТАКЫР БУЗА АЛБАЙМ!

**ЫБРАЙ**

(жылдыздарды карап) ЖЫЛДЫЗДАР БИЗДИ КАРАП АЛЫП ТАҢГАЛЫП АТСА КЕРЕК, ЭЭ... ЭМНЕГЕ БУЛ АДАМДАР ЖӨН ОТУРУШПАЙТ ДЕП... ЭМНЕГЕ ӨЗДӨРҮНҮН ЖЕКЕ ТАГДЫРЫНА КАЙДЫГЕР БОЛУП, ЖАЛПЫ АДАМЗАТТЫН КАЙГЫСЫНА МАЛЫНЫП КАЛЫШКАН ДЕП... А БИРОК БИЗ ИШЕНЕБИЗ, БИЗ БИЛЕБИЗ, ЭГЕРДЕ АДАМЗАТТА КАЛЫСТЫК ОРНОБОСО, АНДА БИЗДИН ЖЕКЕ ТУРМУШУБУЗДА ДА ЭЧ КАЧАН БЕЙПИЛДИК БОЛБОЙТ. А ДЕМЕК БИЗ РЕВОЛЮЦИЯНЫН ЖООКЕРЛЕРИБИЗ! ДҮЙНӨЛҮК РЕВОЛЮЦИЯНЫ КЫЛМАЙЫН, БИЗДИН БАШЫБЫЗ КАНЖЫГАДА БАЙЛАНГАНЫ БАЙЛАНГАН.

**БЕКИНАЙ**

(суктанып) МЫНА ЭМИ ӨЗҮҢӨ ОКШОДУҢ! (ичинен кымыңдап) ДҮЙНӨЛҮК РЕВОЛЮЦИЯГА ЧЕИН БИЗ ӨЗҮБҮЗДҮН ЭЛИБИЗДИН САБАТСЫЗДЫГЫН ЖОЮП, ЖАШОО ТУРМУШУН ОҢДОП АЛАЛЫ!?

Экөө кайрадан тиктешип калышты.

**ЫБРАЙ**

АЙ, АЙ, АЙ... АНТЫҢДЫ ЭРТЕРЭЭК БЕРИП САЛЫПСЫҢ ДА!

Экөө күлүп жиберишти.

**БЕКИНАЙ**

ЖҮРҮ ЭМИ ЭС АЛАЛЫ! ЭРТЕҢ ТАҢАТПАЙ ЖОЛГО ЧЫГАСЫҢАР!

Экөө жатакананы көздөй басышты.

# 4. КОЧКОР ӨРӨӨНҮ. ЖОЛ.

Баягыл полуторка Нарынды көздөй баратты. Шоопур баягыл эле. Жанында орус комиссардын ордуна аскер кийимин кийген кыргыз кызматкер. Кузовдо эми Ыбрай, Сабыр жана Улук. Бир теректин жанына машина токтоп кыргыз кызматкер кабинадан башбагып үстүдөгүлөргө кайрылды.

**КЫЗМАТКЕР**
КИМИҢЕР АБДРАХМАНОВСУҢАР?

**ЫБРАЙ**
МЕН!

**КЫЗМАТКЕР**
(тоо этектеген бир нече боз үйдү көрсөтүп) ТЭЭТИГИЛЬ АЙЫЛДЫ КӨРДҮҢБҮ? ЖАНАГЫЛ МАНАСЧЫҢАРДЫН ҮЙҮ ОШОЛОРДУН АРАСЫНДА! (ордуна отуруп атып) СУРАШТЫРСАҢ, АЙТЫП БЕРИШЕТ!

Жигиттер кучакташып коштошту. Ыбрай ылдый секирип түшкөндө тигилер анын баштыгын алып беришти.

**САБЫР**
АМАН БОЛ!

**УЛУК**
КАБАРЛАШЫП ТУР!

**ЫБРАЙ**
ТОЙЧУНОВГО АЙТЫП КОЙГУЛА, КАГАЗ, КАЛЕМ ЖЕТИШСИЗ ДЕП!

**САБЫР**
АЙТА БАРАБЫЗ! ИШИҢ ҮЗҮРЛҮҮ БОЛСУН!

**ЫБРАЙ**
САПАРЫҢАР БАЙСАЛДУУ БОЛСУН!

Полуторка жылып кетти. Ыбрай баштыгын асынып тоо этектей басты.

## 5. САГЫНБАЙДЫН АЙЫЛЫ.

4 боз үйлүү айылга жакындай бергенде жүдөгөн ат миңген Сагынбайдын коншусу Теитбеке кезикти.

**ЫБРАЙ**
АССАЛОМ АЛЕЙКУМ, АБА!

**ТЕИТБЕК**
(алыстан байкап аны көздөй бастырып келаткан) АЛЕЙКУМ САЛАМ!

**ЫБРАЙ**
(Теиттин жанына келип учурашып) МЕНИН АТЫМ ЫБРАЙЫМ, АБДРАХМАНДЫН УУЛУМУН. САГЫНБАЙ МАНАСЧЫГА СОВЕТ БИЙЛИГИНИН АТАЙЫН ТАПШЫРМАСЫ МЕНЕН КЕЛДИМ ЭЛЕ... ҮЙҮН КӨРСӨТҮП БЕРЕСИЗБИ?

**ТЕИТБЕК**
(шектүү) АЛ КАНДАЙ ТАПШЫРМА ЭКЕН?

**ЫБРАЙ**
МАНАСЫН КАГАЗГА ТҮШҮРӨЙҮН ДЕП КЕЛАТАМ.

**ТЕИТБЕК**
(Ыбрайды дагы бир ирет башынан ылдый сынап карап) СОВЕТ БИЙЛИГИ ДЕЧИ?... ММ... БАЙЛАРДЫ ГО ЖОЙДУҢАР, ЭМИ МАНАСТЫ АЙТТЫРЫП АЛЫП КИМИҢЕР ИЙНИНЕ ЧАПАН, АЛДЫНА АТ МИНГИЗЕ АЛАСЫҢАР?

**ЫБРАЙ**

(эмне жөнүндө кеп болуп атканын түшүнүп) АНЫ ТУУРА БААМДАДЫҢЫЗ, АБА! МЕНИН КОЛУМДАН КЕЛБЕСЕ ДА СОВЕТ ӨКМӨТҮНҮН КОЛУНАН КЕЛЕТ! СИЗДЕЙ КАРАПАЙЫМ ЭЛ БАЙЛАРГА КӨЗ КАРАНДЫ БОЛБОСУН ДЕП СОВЕТ БИЙЛИГИН ОРНОТТУК ДА!

**ТЕИТБЕК**

(дагы деле тикиреип карап, анан дөбөдөгү эски боз үйдү көрсөтүп) ТИГИНЕ, ТИГИ ДӨБӨДӨГҮ БОЗ ҮЙҮ АЛАЧАГЫ МЕНЕН САГЫНБАЙДЫН КОНУШУ!

**ЫБРАЙ**

(чын жүрөктөн ыраазы болуп) РАХМАТ, АБА! БАР БОЛУҢУЗ!

Ыбрай дароо дөбөнү көздөй басты. Теитбек артынан карап турду да аттын башын буруп өз жолуна түштү.

## 6. САГЫНБАЙДЫН КОНУШУ.

Дөбөдөн чыга бергенде Сагынбайдын өргөсү, жанындагы алачыгы дароо ачыла түштү. Алыстан билинбегени менен, жакындан улуу манасчынын жашоосу өтө эле кийиштүү экени көзгө урунду. Эки аял казанды ысытып алып калама жасап атышса, он чакты дырдай жыланач уул кыздары ошол каламаны андып, очокту тегеректеп турушкан экен. Бойго жеткен улуу кызы кадимки эле мүшөк капты баш, жең чыгарып көйнөк кылып кийип алган экен. Эч кимиси Ыбрайды байкашкан жок. Баарынын көздөрү казандагы жайылып бышып аткан каламада. Кичүү аялы Сыйнап отун салып атса, улуу аялы Мария каламаны карап которуп атты. Ыбрайдын бул көрүнүштөн эси ооп, жалдырап карап турду. Каламанын бышканына көзү жеткен Мария чыгарайын дегенде балдар чурулдап жиберишти.

**БАЛДАРЫ**
ЭМНЕ ТҮРТӨСҮҢ? ...СЕН ӨЗҮҢ ТҮРТҮП АТПАЙСЫҢБЫ! (кичинекейи ыйлап жиберди)... АПА, МЕН БУЛ ЖЕРДЕМИН! ... КОЕ ТУР ЭМИ, ЖЕТЕТ БААРЫНА! ... ЖӨӨЛӨШПӨГҮЛӨЧҮ, ЭЙ!

**МАРИЯ**
(ачуу кыйкырды) ӨЛҮК ТИРИГИҢЕРДИ КӨРӨҮНДӨР ДЕСЕ, ЧУРУЛДАБАГЫЛА! ЖЕТЕТ БААРЫҢАРГА!

**СЫЙНАП**
(Марияга кошулуп калды) ӨЛҮП БАРАТАСЫҢАРБЫ?

Балдар ошол замат тынчый түшүштү. Сыйнап чөпкө дасторкон сала койгондо, Мария чоң каламаны дасторкондун ортосуна жайды. Эки аял батаа кылганы тегеректеп отурганда, балдар дагы тыбыш чыгарбай алакандарын жайып отуруп калышты. Ыбрай дагы отура калып алаканын жайды.

**МАРИЯ**
О, КУДАЙ! ҮЙ-БҮЛӨМӨ КУТ, ЫРЫСКЫ, БЕЙПИЛДИК, АБЫШКАМА АКЫЛ-ЭС, БАЛДАРЫМА ӨМҮР БЕРЕ КӨР, ООМИН!

Баары батаа тартты. Мария менен Сыйнап чоң каламаны баарына жеткендей кылып тең бөлүштүрүп киришти. Биринчи бөлүгүн тырмактайына бергенге үлгурдү. Анын каламаны кантип жеп атканын көргөн Ыбрай кадимкидей кеиди. Ошол маалда Сыйнап Ыбрайды көрө койду, анын чочуганынан Мария да бейтааныш кишиге бурулду. Жаланкыч көргөндөй чочуп тура калды да балдарды кубалай баштады.

**СЫЙНАП**
АПЕЙ, КАТЫКҮН, БУЛ КИМИСИ?

**МАРИЯ**

ИЙ, КАРАН КҮН, БАЛАКЕТ БАСЫП МЕЙМАН КЕЛИП КАЛГАН ТУРА! БАЛДАР, ТУРГУЛА, БОЗ ҮЙДҮН АРТЫНА БАРЫП ОЙНОГУЛА.

Ачка балдар түшүнбөй Ыбрайды караштЫ. Мүшөк кап кийген кыз уялганынан бетин жаап алып боз үйдү көздөй кире качты. Ушул киши биздин ырыскыбызды тартып алды деп калгандары жек көрүп караштЫ. Ыбрай аябай ыңгайсыз болуп дароо аларга кайрылды.

**ЫБРАЙ**

ЖОК, ЖОК! БАЛДАРДЫ ТОЙГУЗГУЛА! БЕРГИЛЕ БАЛДАРГА, АНАН БИЗ ӨТӨБҮЗ!

Анын кайрылганына карабай балдарды кубалап жиберишти. Мейманды дасторконго чакырышты.

**МАРИЯ**

КЕЧИРИП КОЮҢУЗ, СИЗДИ БАЙКАБАЙ КАЛЫПТЫРБЫЗ! КЕЛИҢИЗ, ӨТҮҢҮЗ!

Балдардын шагырап боз үйдүн артына чуркап кеткенин аянычтуу карап Ыбрай жупуну дасторконго өттү. Мария чоң каламаны мурункудай тегиз бөлбөй туш келди сындырып Ыбрайдын алдына койду. Ыбрай эстей калып баштыгын антарды. Тутам, тутам кагаздарын алып чыгып, андан кийин бир түйүнчөк наватты сууруп чыгып дасторконго жайды.

**ЫБРАЙ**

БУЛ НАВАТ! БАЛДАРЫҢАРГА! ТАШКЕНТТЕН АТАЙЫН АЛА КЕЛГЕМ! САГЫНБАЙ МАНАСЧЫНЫН ҮЙҮБҮ, МЕН ТУУРА КЕЛДИМБИ?

Сыйнаптын наваттан көздөрү өттү. Мария наваттын бирткесин дасторконго калтырып, калганын кайра эле түйүнчөко салып Сыйнапка берди.

**МАРИЯ**
БАРЫП ҮЙГӨ КАТЫП КОЙ! КИШИ КЕЛИП КАЛСА ЭМИ ДАСТОРКОНГО КОЕ ТУРГАН НАВАТЫБЫЗ БАР БОЛОТ! (Өзү жыгач кесеге шылдыр суу куюп берип) ООБА, ТУУРА КЕЛДИҢ! БИЗ САГЫНБАЙДЫН ЖУБАЙЛАРЫЗБЫ! МЕН МАРИЯ, МУНУН АТЫ СЫЙНАП. СЕН БИЗДИ КЕЧИРИП КОЙ! УШУНДАЙ КАТААЛ ЗАМАНГА ТУШ КЕЛИП КАЛГАНЫБЫЗГА. КОЖОЮНУБУЗ ЖАРГЫЛЧАК ЖАСАЙТ, АНЫ САТЫП ЭПТЕП КҮН КӨРҮП КЕЛАТАБЫЗ! КЕЧЭЭКИ КҮНҮ ЖАҢЫСЫН БҮТҮРҮП КОҢШУ АЙЫЛГА САТКАНЫ КЕТКЕН. ОЛЖОЛУУ КЕЛИП КАЛСА, СЕНИ ТАТЫКТУУ КОНОКТОЙБУЗ!

Ыбрай дасторконго батаа тарткан жок. Каламанын бир сыдырымынан четинен ооз тийип, суудан кере жута баштады. Ахалап дагы сунду. Мария дагы бир кесе куюп берди. Аны да түбүнө чеин басып алды. Эми суусуну канды окшойт.

**ЫБРАЙ**
О, БЕИШТИН СУУСУ ЭКЕН ГО! КАНЫҢ КАТЫП ТУРГАНДА МЫНДАЙ СУУДАН АРТЫК КЕРЕМЕТ БАРБЫ! ЫРААЗЫМЫН!

**СЫЙНАП**
ӨЗҮҢ ЖӨНҮНДӨ КЕП КЫЛБАЙСЫҢБЫ... КИМ БОЛОСУҢ? КАЙДАН КЕЛДИҢ? ...

**МАРИЯ**
ЭЙ!? (Сыйнапты акшырая карап) ӨЛҮП БАРАТАСЫҢБЫ? КОЕ ТУР БИРТКЕ, ЭС АЛЫП АЛСЫН, АНАН АЙТАТ ДА ӨЗҮ ЭЛЕ!?

**СЫЙНАП**
ЭМИ СУРАП КОЙСО ДА БОЛБОЙБУ?

**МАРИЯ**
БОЛБОЙТ! ЧЫДАП ОТУРУП ТУРСАҢ АЙТАТ ДА ӨЗҮ ЭЛЕ!

**ЫБРАЙ**

(шашып кетип) МЕНИН АТЫМ ЫБРАЙЫМ. СОВЕТ БИЙЛИГИНИН АТАЙЫН ТАПШЫРМАСЫ МЕНЕН КЕЛДИМ. ЭМИ СИЛЕР МЕНЕН ЖАШАП САКЕМДИН МАНАСЫН КАГАЗГА ТҮШҮРӨМ. ОШЕНТИП КОЖОЮНУҢАРДЫН АЙТКАН МАНАСЫ КИТЕП БОЛУП ЧЫГАТ, ЭЛГЕ ТАРАЙТ, ТҮБӨЛҮКӨ ЭСТЕЛИК БОЛУП КАЛАТ! КИТЕПКЕ МАМЛЕКЕТ АКЧА ТӨЛӨЙТ, ЖАШОО ШАРТЫҢАР ОҢОЛОТ! (Сыйнап менен Мариянын көздөрү жалтылдай түштү) ЭМИ СУРАНАТ ЭЛЕМ, БАЛДАРДЫ ДАСТОРКОНГО ОТУРГУЗУП КОЕСУҢАРБЫ!?

**МАРИЯ**

(таңгалганы кетпей) МАНАСЫ КИТЕП БОЛУП ЧЫГЫП АНАН БИЗГЕ АКЧА ТӨЛӨШӨБҮ? (боз үйдүн артынан шыкаалап аткан балдарга кайрылды) ЭЙ, ЖЕЛМОГУЗДАЙ БОЛБОЙ БАСКЫЛА БЕРИ! (муну уккан замат топурап чуркап келишти. Боз уйгө уялып кирип кеткен улуу кызы гана чыккан жок) ӨЛҮГҮҢӨРДҮ КӨРӨҮНДӨР ДЕСЕ, ЖУТУМБАЙ ЖЕГИЛЕ!

Мария менен Сыйнап дасторкондогу каламаны, анан наватты майдалап жанчып тырмактайдан кылып балдарга бөлүп беришти. Биринчи алгандары заматта жеп алышып кийинки алгандардын ооздорун карап калышты.

Ыбрайдын зээни кеип батаа тартып нары басып кетти. Айланага суктана карап, батып бараткан күнгө көзүн уялтып, салкын урган желден кере жутуп жылмайды.

**ЫБРАЙ**

ЭЭ, БЕКИНАЙ! АЙЛАНА КАНДАЙ КЕРЕМЕТ... БИРОК БААРЫ БИР СЕНИН СУЛУУЛУГУҢА ЖЕТПЕЙТ КО ЧИРКИН!

Ошол маалда дөбөдөн өйдө басып келаткан койдун башы көрүндү, анан аны айдап келаткан Сагынбай өзү көрүндү.

## 7. САГЫНБАЙДЫН БОЗ ҮЙҮ. КЕЧ.

Сагынбайдын үйүнө майрам келди. Толгон айдын нурунда казанда койдун эти бышып, Теитпек менен Мырзакул коншулары бала-бакырасы менен Ыбрай менен катар конок болуп отурушту. Эт чыкты. Жамбаш менен койдун башы Ыбрайга тартылды. Шыйрак, моюн, ичегилерди шагыраган балдар мүлжүдү. Көз очып жумгуча койдун этинен эч нерсе калбады. А бирок баарынын курсактары кымпыйып, кеп-сөзгө кириштi.

**ЫБРАЙ**

САГЫНБАЙ АБА! БУЛ КОЙГО АЛМАШКАН ЖАРГЫЛЧАГЫҢАРДЫ КАНЧА КҮНДӨ ЖАСАДЫҢАР?

**САГЫНБАЙ**

ЭМИ, ТУУРА ТАШТАРДЫ ИЗДЕП ТААП, АНАН АЛАРДЫ ЧЕГИП, АНЫ САТЫП БАРГАНГА ЧЕИН ТУПТУУРА БИР АПТА БОЛДУ.

**ЫБРАЙ**

АНАН БИР ЖУМАЛЫК ЭМГЕГИҢЕРДИ БИР СААТТЫН ИЧИНДЕ ЛАП ЭТТИРИП ЖЕП САЛДЫКПЫ? ЭРТЕҢКИ КҮНКҮГӨ БИР АЗ ЭТ КАЛТЫРЫП КОЙГУЛА ДЕСЕМ ТИЛИМДИ УКПАЙ КОЙБОДУҢАРБЫ!

**САГЫНБАЙ**

ЭЭ, ИНИМ! КУДАЙ КОНОКТУ ТАТЫКТУУ ТОСУП АЛА АЛБАГАН КЫРГЫЗ КЫРГЫЗБЫ? СЕНИН КЕЛГЕНИҢЕ ЖАРГЫЛЧАГЫМ ӨТҮП, СЕНИ АРДАКТУУ ТОСУП АЛГАНЫМА АЛЛАГА МИҢ МЕРТЕБЕ ЫРААЗЫМЫН! ПЕИЛИҢ ТҮЗ ЭКЕН. БҮГҮНДҮН ПИРИ МАГА УШУНДАЙ БЕЛЕК ТАРТУУЛАДЫ. ЭРТЕҢКИНИН ПИРИ ЭМНЕ ТАРТУУЛАЙТ, АНЫ ЭРТЕҢ КӨРӨ ЖАТААРБЫЗ!

**ТЕИТБЕК**

БУЛ САКЕМДИН КОЛУНУН АЧЫКТЫГЫН, ЫРЫСКЫЛУУЛУГУН ЭСКИ ЗАМАНДА КӨП КӨРДҮК! БОЛУШТАР МАНАСТЫ АЙТТЫРАБЫЗ ДЕП КЕЗЕКЕ ТУРУП ТАЛАШЫП АЛЫП КЕТЭЭР ЭЛЕ... КОРОО КОЙДУ, БОДО МАЛДЫ, МИНГИЗГЕН АТЫ МЕНЕН АЙДАП КЕЛЭЭР ЭЛЕ. БИРИН КАЛБАЙ АЙЛАПАГА ТАРКАТЫП БЕРЧҮ. КАЛЫС БӨЛҮНБӨЙ КАЛДЫ ДЕП НЕЧЕН ИРЕТ МУШТАШКАН КҮНДӨРҮБҮЗ ДА БОЛДУ. ЭМИ МИНТИП САКЕМДИН УЛАМ ЖАСАГАН ЖАРГЫЛЧАГЫН АҢДЫП ОТУРАБЫЗ, КАЧАН ШОРПО ИЧЕБИЗ ДЕП... СОВЕТ БИЙЛИГИНИН ӨКҮЛҮМҮН ДЕЙСИҢ, АЙТЧЫ, СОВЕТ БИЙЛИГИ УБАДА БЕРГЕН БЕЙПИЛ ЖАШООНУ КАЧАН КӨРӨБҮЗ?

**МЫРЗАКУЛ**

(Теитбектин сөзүнө уялып кетип) ЭЙ, ТЕИТБЕК! БУЛ ЭМНЕ ДЕГЕНИҢ? СОВЕТ БИЙЛИГИ БОЛБОСО УШУЛ КҮНГӨ ЧЕИН ЖҮРМӨКСҮН КАШГАРДА, БИР СЫНДЫРЫМ ТОКОЧ ҮЧҮН УЙГУРЛАРДЫН УЛАГАСЫН ШЫПЫРЫП.

**САГЫНБАЙ**

ТОКТОТКУЛА! АЗЫР КАЙРАДАН МУШТАШЫП КИРЕСИҢЕР... БУЛ БАЛАДА ЭМНЕ КҮНӨӨ? ТЭЭТИГИЛ ЖЕТИӨГҮЗДҮН КУЛУНУ БИЗДИН ЖУРТКА КЕЛИПТИР, МАНАСТЫ КЫРГЫЗ ЭЛИНЕ КИТЕП КЫЛЫП ЧЫГАРЫП БЕРЕИН ДЕП... А СЕНИН, ТЕИТБЕК, ЭС ТАРТЫҢ ЭЛЕ КУРСАКТЫН АРМАНЫ... (Ыбрайга кайрылып) СЕН ЖАЗАМ ДЕСЕҢ УБАКЫТЫҢДЫ КОРОТПОЙ АЗЫР БАШТА! МАНАСЫМДЫН БАШЫ БАР, АЯГЫНА УШУЛ КҮНГӨ ЧЕИН ӨЗҮМ ЧЫГЫП КӨРӨ ЭЛЕКМИН. КЕЛГИЛЕ, БАТАА КЫЛАЛЫ, АНАН КОЛГО СУУ КУЙГАНДАН КИЙИН БАШКАНЫ КОЮП МАНАСТЫ АЙТАЛЫ! (баары алакан жайышты. Сагынбай тилек айтты) ОО, КУДУРЕТТҮҮ АЛЛА-ТАЛЛА! О, АЙКӨЛ МАНАСЫМДЫН УЛУУ РУХУ! УШУЛ БАШТАЛЫП АТКАН ИШИБИЗГЕ ЖАКШЫ ЖЫШААН БЕРГЕН СЕМЕТЕЙ АТАБЫЗ! КЫРГЫЗ ЭЛИМЕ ЫНТЫМАК, ЫЙМАН БЕРЕ КӨР! УШУЛ

ЫЙЫК БАШАТТЫН ЖЫЙЫНТЫГЫ ҮЗҮРЛҮҮ БОЛСУН! ООМИН!

Отургандын баары, кыз-балдар калбай, алакандары менен жүздөрүн жуушту. Сыйнап дасторконду жыйнап, Сагынбайдын алты жашар уулу Аманкул колдоруна суу куйду. Ыбрай алдын ала даярдап турган паднусту жаздыктын үстүнө коюп тутам кагаздарын, калемдерин капталына кое баштады.

**САГЫНБАЙ**
ЭМИ ИНИМ, ӨЗҮҢ БАГЫТ БЕР, КАЙСЫЛ ЖЕРИН АЙТЫП БЕРЕИН?

**ЫБРАЙ**
КАЮМ МИФТАХОВДОР МАНАС МЕНЕН НЕСКАРАНЫН САЛГЫЛАШЫНА ЧЕЙИН ЖАЗЫШЫПТЫР. ОШОЛ ЧАБЫШТАН КИЙИНКИСИН УЛАСАҢАР!

**САГЫНБАЙ**
А, ЖАРАЙТ!

Мария эки чыракты Ыбрайдын эки жагына керегеге илип койду. Сагынбай женин түрүп мына баштайм деп атканда Ыбрай сырт жактан аттын добушун укту. Бир атчан бастырып келип боз үйдүн тушуна туруп калды. Ыбрай артына бурулуп тыңшап калды. Аттын туягынын добушу дагы бир нече жолу допурап барып анан үйдөн алыс бастырып кетти. Ошол маалда Сагынбай Манасын баштады. Кыргыз элинин кубаланып, үмүтүн үзүп калганда, Манас атабыз кол курап Ала-Тоосун бошото баштаган жеринен айта баштады. Өзүнүн кереметтүү ыргагы менен Ыбрайдын апакай кагазын оозандырды. Боз үйдүн ичи тынчып отургандардын баары Сагынбайдын улуу сөзүнө сүңгүй баштады. Төбөдө толгон ай айланага жарыгын чачыратып табийгат дагы адамдын өнөрүнө суктангандай ажайып турду. Тээ алыста бир сырдуу чабандес атын болгон дымагына салып чаптырып баратты.

## 8. САГЫНБАЙДЫН КОНУШУ. ЧАК ТҮШ.

Сагынбайдын конушунун жанында, жылжып аккан булактын жээгинде Ыбрай Сагынбайдын намаз окуп атканын карап отурду. Мария менен Сыйнап өздөрүнүн оокаттары менен алек. Балдар кубалашып ойноп жүрүшөт ылдыйда. Манасчы намазын бүтүп Ыбрайдын жанына ыктады.

**ЫБРАЙ**

САГЫНБАЙ АБА! МЕНИН ДАГЫ МАНАСЧЫЛЫК ЧЫМЫНЫМ БАР, ӨЗҮМДҮН МАНАСЫМДЫ ДАГЫ КАГАЗГА ТҮШҮРҮП АЛГАНГА ДАЛАЛАТЫМ БАР БОЛЧУ. БИРОК СИЗДИН МАНАСЫҢЫЗДЫ ТҮНДӨ УККАНДА, ЧЫНЫГЫ КЕРЕМЕТ ДҮЙНӨГӨ СҮҢГҮП БАРЫП КЕЛДИМ. ЭМИ БУЛ ИШТИ АЯГЫНА ЧЫГАРАЛЫ. КЫРГЫЗ ЭЛИ ЭЛЕ ЭМЕС, БҮТКҮЛ ДҮЙНӨГӨ СИЗДИН МАНАСЫҢЫЗДЫ ДАҢАЗАЛАЙЛЫ!

**САГЫНБАЙ**

КОШ ТИЛЕК, ИНИМ, КОШ ТИЛЕК! А БИРОК АЛЛАНЫН БУЙРУГУНА ЖАРАША БОЛОТ, ИНИМ!

**ЫБРАЙ**

ТУУРА, АБА! ТУУРА! БИРОК БИЗ ДАГЫ КЫЙМЫЛ АРАКЕТ КЫЛЫШЫБЫЗ КЕРЕК ГО... АЗЫР, АК ПАДЫША КУЛАП, ЭЛИБИЗ ӨЗ ЖЕРИНЕ ЭЭЛИК КЫЛЫП АТКАНДА, ЛЕНИН ДЕГЕН БИР АКЫЛМАН АДАМ, КЫРГЫЗДАРДЫН ӨЗҮНҮН ЧЕК АРАСЫ, ӨКМӨТҮ, АДАБИЯТЫ, МАДАНИЯТЫ БОЛУШУ КЕРЕК ДЕЙТ. РЕВОЛЮЦИЯНЫ УЮШТУРУП, БАЙЛАРДЫ ЖЕҢИП, СОВЕТ БИЙЛИГИН ТҮПТӨГӨН ОШОЛ АДАМ.

**САГЫНБАЙ**

ЭМИ ЛЕЛИНДИ УККАНБЫЗ... СЕН ЖАНАГЫЛ ӨЗҮБҮЗДҮН ӨКМӨТҮБҮЗ БОЛОТ ДЕГЕНИҢ КЫЗЫК ЭКЕН? ДЕМЕК КЫРГЫЗДЫ ӨЗ ЖЕРИНЕ ЖЫЙНАП КЕЛИП МАМЛЕКЕТ КЫЛЫП БЕРЕМ ДЕСЕ, АНДА АЗЫРКЫ КҮНДҮН МАНАСЫ ЭКЕН ГО?

**ЫБРАЙ**

АЗЫР БЫЧАКА САП БОЛО ТУРГАН ЧЫГААН КЫРГЫЗДЫН ЖИГИТТЕРИ ТҮРКСТАНДЫН БИЙЛИГИНДЕ ЖҮРҮШӨТ. ЧЕК АРАБЫЗДЫ БӨЛҮП АЛСАК, АНДА МЕН СИЗДИ ОШОЛ ӨЗҮБҮЗДҮН ӨКМӨТҮБҮЗДҮН МҮЧӨЛӨРҮНӨ АЛЫП БАРЫП МАНАСЫҢЫЗДЫ УГУЗАМ. АЛ ЭМИ МАНАСТЫН КОЛДООСУ БОЛБОСО, МАМЛЕКЕТИБИЗ ЭЧ КАЧАН ӨЗ АЛДЫНЧА БОЛУП ЖАШАП КЕТЕ АЛБАЙТ. А ДЕМЕК СИЗДИН МАНАСЫҢЫЗ КАГАЗГА ТҮШКӨН САЙЫН, ОШОНЧОЛУК БИЗДИН ЖИГИТТЕРИБИЗ МАНАС АТАБЫЗДЫН ДЕМИНЕ, КҮЧҮНӨ ЭЭ БОЛУП, ӨЗ ЖЕРГЕБИЗДИН ЧЕК АРАЛУУ БОЛУШУНА ЗОР ӨБӨЛГӨ ТҮЗӨТ. А ДЕМЕК СИЗ, МЕН, УШУЛ ИШИБИЗ МЕНЕН БОЛОЧОК МАМЛЕКЕТИБИЗДИ ТҮПТӨП АТКАН БОЛОБУЗ.

**САГЫНБАЙ**

(Ыбрайды таң кала карап) ЭЙ, БАЛА! СЕН ДАГЫ ОҢОЙ ЖИГИТ ЭМЕС ОКШОЙСУҢ... ТУУРА АЙТАСЫҢ! МАНАС АТАБЫЗ БОЛБОСО, БИЗ КАЙДАН МАМЛЕКЕТТТҮҮ БОЛО АЛАБЫЗ? АНДА КАГАЗЫҢДЫ АЛЫП КЕЛ, ИШИБИЗДИ УЛАНТАЛЫ.

**ЫБРАЙ**

(жаздыгын, паднусун тизесине коюп) СИЗ КАЧАН АЙТАМ ДЕСЕҢИЗ ЭЛЕ, МЕН ДАЙЫМА ДАЯРМЫН!

**САГЫНБАЙ**

(шымаланып) АНДА ТҮНДӨ ТОКТОГОН ЖЕРИБИЗДЕН УЛАНТАЛЫ. (жеңин түрүп, балдарына кайрылып) ЭЙ, БАЛДАРЫМ! ЖОМОК УГАСЫҢАРБЫ? АНДА КЕЛГИЛЕ, МАНДАЙЫМА ОТУРУП БЕРГИЛЕ!

Балдары атасынын Манас айтаарын укканда жарышып келип маңдайына отуруп калышты. Сагынбай Манастын Анжиянды алып Алоокени суктандырганын айта баштады. Саганбайдын Аманкул деген уулу ылдыйкы өрөөнгө бурулуп баягыл атчан

чабандестин чаптырып баратканын көрдү. Андан башка эч кимиси ал чабандеске көңүл бурган жок!

## 9. САГЫНБАЙДЫН БОЗ ҮЙҮ. КЕЧИНДЕ.

Ыбрай менен Сагынбайдын үй-бүлөсү дасторконду тегеректеп отурушту. Мария менен Сыйнап казандан куюп кеселерге сары суу алып келип Ыбрай менен Сагынбайдын алдына коюшту. Сагынбай эмне болгонун түшүнүп, эч нерсе дебей баягыл сары сууну шорулдатып ууртай баштады. Ыбрай да аны туурап ичти. Мария аларды карап туруп үн катты.

**МАРИЯ**
БИРИҢ МАНАС АЙТЫП, БИРИҢ АНЫ ЖАЗГЫЧА ЭТИБИЗ ДА ТҮГӨНДҮ, УНУБУЗ ДА ТҮГӨНДҮ. КАТЫП КОЙГОН САРЫ ЖҮРМӨНҮН ШОРПОСУ.

Кичине, чоң кеселерге балдарга да куюп беришти, өздөрүнө да куюп алышты. Ошентип отургандар баары шорулдатып шорпо ичип отурушту. Ичип бүткөндө Сагынбай бир терең үшкүрүнүп алып Ыбрайга деп кайрылды.

**САГЫНБАЙ**
ЫБРАЙ ИНИМ! ЭКӨӨБҮЗДҮН КЫРГЫЗ ЭЛИНЕ МАНАСТЫ ЖАЗДЫРЫП МАМЛЕКЕТТИ ТҮПТӨП БЕРИП АТКАНЫБЫЗ ЧООҢ, АРДАКТУУ ЖООПКЕРЧИЛИК ЭКЕН. А БИРОК МЕНИН БАЛДАРЫМДЫН АЛДЫНДА ДА ЧОҢ ЖООПКЕРЧИЛИГИМ БАР. МЕН ЭРТЕҢ ЫЛАЙЫКТУУ ТАШ ИЗДЕП, ЖАРГЫЛЧАК ЧЕГИП, АНЫ САТЫП КЕЛЕИН. АНАН ЭКӨӨБҮЗ ИШИБИЗДИ УЛАНТАЛЫ. АЧКАДАН ӨЛҮП ЖАНЫБЫЗДЫ КУДАЙГА ТАПШЫРЫП САЛСАК, МАНАСТЫ КИТЕП КЫЛЫП КИМ ЧЫГАРАТ? ШАРТКА МОЮН СУНАЛЫ!

**ЫБРАЙ**
(үшкүрүнүп) ТУУРА АЙТАСЫЗ, АБА! АҢГЫЧА МЕН НАРЫН АТКАРУУ КОМИТЕТИНЕ КАЙРЫЛЫП ЖАРДАМ СУРАЙЫН.

БУЛ ИШ АРАКЕТТИ ӨКМӨТ ӨЗ КОЛУНА АЛБАСА, МАКСАТЫБЫЗГА ЖЕТЕ АЛБАЙТ ЭКЕНБИЗ!

## 10. КОЧКОР-НАРЫН ЖОЛУНДА. ЭРТЕ МЕНЕН.

Кочкор өрөөнүнөн Нарынды көздөй созулган капчыгайдын оозуна келип калган Ыбрай бир топ атчан аскерлерге кезигип калды. Дорохов деген аскерлердин командири Ыбрайдын жанынан токтоп документтерин сурады.

**ДОРОХОВ**
ТОВАРИЩ! (честь берип) КОМАНДИР НАРЫНСКОГО ВОЕННОГО ГАРНИЗОНА ДОРОХОВ! ПРЕДЪЯВИТЕ ДОКУМЕНТЫ!

**ЫБРАЙ**
ЗДРАВСТВУЙТЕ, ТОВАРИЩ ДОРОХОВ! (төш чөнтөгүнөн кагаздарын чыгарып) УПОЛНОМОЧЕННЫЙ ПО СБОРУ УСТНОГО НАРОДНОГО ТВОРЧЕСТВА СРЕДИ НАСЕЛЕНИЯ ТОВАРИЩ АБДРАХМАНОВ!

**ДОРОХОВ**
КУДА НАПРАВЛЯЕТЕСЬ?

**ЫБРАЙ**
К ПРЕДСЕДАТЕЛЮ НАРЫНСКОГО ИСПОЛНИТЕЛЬНОГО КОМИТЕТА ТОВАРИЩУ ТОЙЧУНОВУ!

**ДОРОХОВ**
ВАМ ПОВЕЗЛО! МЫ КАК РАЗ СЕГОДНЯ ИЗЫМАЕМ ИМУЩЕСТВО БАЙ-МАНАПА РЫСКУЛБЕКА, А САМОГО ВЫСЕЛЯЕМ В ЧУЙСКУЮ ДОЛИНУ. ТОВАРИЩ ТОЙЧУНОВ ДОЛЖЕН БЫТЬ ТАМ. ВЫ МОЖЕТЕ ПОЕХАТЬ С НАМИ. (бурулуп) ИСКАНДЕРОВ!

Ыбрай Искандеровдун атына учкашып аскерлер менен кошо жол улады.

## 11. РЫСКУБЕКТИН ЖАЙЫТЫ. КҮНДҮЗ.

Дороховдун отряды Рыскулбектин жайытына жакын келгенде шаркырап аккан суунун жээгинде Тойчунов машинеси, эки араба менен эчак келип күтүп турган экен. Дорохов аттан биринчи түшүп Тойчуновго честь берип Ыбрайды көрсөттү. Ыбрай дагы түшүп келип Тойчунов менен учурашты.

**ЫБРАЙ**

ЫБРАЙ АБДРАХМАНОВ! (төш чөнтөгүнөн кагазын көрсөтүп) ТҮРКСТАН АТКАРУУ КОМИТЕТИНИН ТОКТОМУ МЕНЕН ЖЕРГИЛИКТҮҮ САГЫНБАЙ МАНАСЧЫНЫН МАНАСЫН КАГАЗГА ТҮШҮРҮП КИТЕП КЫЛЫП ЧЫГАРУУ ТАПШЫРМАСЫН АТКАРЫП КЕЛГЕМ.

**ТОЙЧУНОВ**

(кагазды кылдаттык менен окуп, Ыбрайга кайтарып) БИЛИЕМ, БИЛЕМ! КАГАЗ, КАЛЕМИҢЕРДИ ЖЕТКИРИП БЕРЕБИЗ. ДАГЫ КАНДАЙ ӨТҮНҮЧҮҢӨР БАР?

**ЫБРАЙ**

(сөз издеп анан) ЖОЛДОШ ТОЙЧУНОВ! САГЫНБАЙДЫН ЭКИ АЯЛЫ, ОН БАЛАСЫ БАР ЭКЕН. КОРООСУНДА ЖЕ ЧЫЧКАК УЛАГЫ ЖОК, ЖЕ ҮРГӨН ИТИ ЖОК, АЧКАЧЫЛЫКТАН КЫРЫЛЫП КАЛЧУДАЙ АБАЛДА ЭКЕН. ЭГЕРДЕ АНЫН МАТЕРИАЛДЫК ШАРТЫН ТҮЗӨП БЕРБЕСЕҢЕР, БУЛ МАНАСЧЫБЫЗДЫ ЖОГОТУП АЛЧУДАЙБЫЗ...

**ТОЙЧУНОВ**

(ойлонуп) ТҮШҮНДҮМ! ЖАРДАМ БЕРЕБИЗ! АЗЫР БИЗ РЫСКУЛБЕК БАЙДЫН МҮЛКҮН МАМЛЕКЕТТЕШТИРИП БҮТӨЛҮ, ОШОЛ МҮЛКТӨН САГЫНБАЙ МАНАСЧЫГА ДА БӨЛҮП БЕРЕБИЗ! АЗЫР БИЗГЕ ЖАРДАМ БЕРИП КОЮҢУЗ! (Ыбрайды машинесине отургузуп Дороховго) ПОЕХАЛИ!

Тойчуновдун машинеси, атчан аскер бөлүгү, эки араба кырды көздөй жөнөп калды.

## 12. РЫСКЛБЕКТИН АЙЫЛЫ. КҮНДҮЗ.

Аскер бөлүгү, Тойчунов, Ыбрай Рыскулбектин айылына жакындаганда апакай 5-6 боз үйүлөр тигилген айылдын эли аларды күтүп турушкан экен. Рыскулек өзүнүн өргөсүнүн жанында төрт аялы, бала бакырасы, жигиттери, туугандары менен даяр турушуптур. Айыл четине машине токтоп, андан Тойчунов, анын катчысы, Ыбрай түшүп, аскер бөлүгү келип калганда эки жаат маңдай тескей болуп калышты. Тойчунов сумкесинен бир барак кагазды алып чыгып дароо окуй баштады.

**ТОЙЧУНОВ**

ТҮРКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН, НАРЫН УЕЗДИНИН АТКАРУУ КОМИТЕТИ ТОКТОМ КЫЛАТ: БАЙЛАРДЫН ТАБЫН ЖОЮУ ИШ АРАКЕТИНИН НЕГИЗИНДЕ РАСКУЛБЕК ТУРУМТАЕВ, ЖЕРГИЛИКТҮҮ ЭЛДИН БАЙ-МАНАБЫ, ЖЕКЕЛИК МҮЛКҮНӨН АЖЫРАТЫЛЫП ҮЙ-БҮЛӨСҮ МЕНЕН ЧҮЙ ЖЕРГЕСИНЕ КӨЧҮРҮЛСҮН! ЖЕКЕЛИК МҮЛКҮ, БАЙЛЫГЫ, МАЛЫ КАТТООДОН ӨТҮП СОВЕТ БИЙЛИГИНИН МЕНЧИГИНЕ ӨТКӨРҮЛСҮН! (башын ийкеп буйрук берди) КИРИШКИЛЕ!

Ошол замат аялдар чуурулдап ыйлап киришти. Ыбрай ыйлаган аялдарды көргөндө көңүлү өзгөчө сулуу, Бекинайына куюп койгондой окшош Рыскулбектин тоқолу Акберметке токтоду. Ал ыйлабастан телмиреп жерди тиктеп турду. Рыскулбек козголбостон шырдактагы бийик көрпөчөнүн үстүндө малдаш токунуп Тойчуновду карап турду. Тойчунов эми ага көңүл бурбай буйрук берип атты.

**ТОЙЧУНОВ**

ТОВАРИЩ ДОРОХОВ! ОБЫЩИТЕ СУНДУКИ В ЮРТАХ! ЕСЛИ НЕ ПОПРЯТАЛИ, ТО НАЙДЕТЕ ЗОЛОТО, УКРАШЕНИЯ. И ПУСТЬ ПРИГОНЯТ ТЕ ТАБУНЫ И ПОСЧИТАЮТ! А СЕМЬЮ ТУРУМТАЕВЫХ РАССАДИТЕ В ТЕЛЕГИ И ПУСТЬ ОТПРАВЛЯЮТСЯ!

**ДОРОХОВ**

СЛУШАЮСЬ! (Искандеровго кайрылып) ИСКАНДЕРОВ! ОБЪЯСНИ ЭТИМ БАРЫШНЯМ, ЧТОБЫ РАССАЖИВАЛИСЬ В ТЕЛЕГИ!

**ИСКАНДЕРОВ**

ЖОЛДОШ АЙЫМДАР! АРАБАДАН ОРУН АЛА БЕРГИЛЕ! (Рыскулбеке кайрылып) БУЛ СИЗГЕ ДА ТИЕШЕЛҮҮ

Келип калган эки арабага отургула деп Рыскулбек өзү белги бергенде гана чурулдаган аялдары балдарын алып орун ала башташты. Өзү мамыда байланып турган атына басып барып мандайынан сылап коштошту.

**РЫСКУЛБЕК**

КОШ БОЛ, МЕНИН ЖАН ДҮЙНӨМДҮН ЫРГАГЫ! КАЙДА ЖҮРСӨҢ, АМАН БОЛ!

Аттын тумшугунан өпкөндө көзүнөн жаш сыгылып акты. Бурулуп барып биринчи арабанын үстүнө ыктап отурду. Майлыбай деген жигити Рыскулбеке келип ыйламсырап кайрылат.

**МАЙЛЫБАЙ**

БИЗ ЭМИ ЭМНЕ КЫЛАБЫЗ, БАЙ АКЕ?

Рыскулбек жигитине эч нерсе деп жооп бере алган жок. Эки атчан аскер жылкы, уй, койлорду айдап келип атышты. Катчы тизмеке киргизип каттап атты. Боз үйдөн чыккан оокаттардын баарын тизмеке алышты. Ыбрай ушунун баарын байкап аткан учурда алыстан көзүнө баягыл жоокер атчан урунду. Чабандес бир кыр менен бастырып баратыптыр. Ыбрай дароо Тойчуновго келип бир сунушун айтты.

**ЫБРАЙ**

ЖОЛДОШ ТОЙЧУНОВ! СИЗГЕ СУРОО УЗАТСАМ БОЛОБУ?

**ТОЙЧУНОВ**

АЛБЕТТЕ!

**ЫБРАЙ**
ЭМИ РЫСКУЛБЕК БАЙДЫН ТАГДЫРЫ КАНДАЙ ЧЕЧИЛЕТ?

**ТОЙЧУНОВ**
ПИШПЕКЕ БАРГАНДА БУЛАРГА ЖУМУШ ТААП БЕРИШЕТ! СОВЕТ БИЙЛИГИНЕ КЫЗМАТ ӨТӨШӨТ.

**ЫБРАЙ**
ЖОЛДОШ ТОЙЧУНОВ! АНДА МАНАСЫБЫЗ ЖАЗЫЛЫП БҮТКҮЧӨ, РЫСКУЛБЕК БАЙ БИЗГЕ ШАРТ ТҮЗҮП БЕРБЕЙБИ... БИЗДИН ЭМГЕГИБИЗ БҮТКӨНДӨН КИЙИН ДЕЛЕ ЧҮЙГӨ АЙДАП ЖИБЕРГЕҢГЕ ҮЛГҮРӨСҮҢӨР!? ОШЕНТИП СОВЕТ БИЙЛИГИНЕ КЫЗМАТ КЫЛАТ ЭЛЕ... (Тойчунов Ыбрайды ойлонуп карап калды) БИР ОК МЕНЕН ЭКИ КОЕНДУ АТЫП САЛАСЫЗ!?

**ТОЙЧУНОВ**
ТОВАРИЩ ДОРОХОВ! (тигил басып келди) ИНВЕНТАРИЗАЦИЮ ИМУЩЕСТВА ТУРУМТАЕВА ЗАКОНЧИЛИ?

**ДОРОХОВ**
ДА, ПОЧТИ...

**ТОЙЧУНОВ**
(катчыга кайрылып) ЗАПИШИ МОЕ НОВОЕ ПОСТАНОВЛЕНИЕ! ИНВЕНТАРИЗАЦИЮ И КОНФИСКАЦИЮ ИМУЩЕСТВА ТУРУМТАЕВА РЫСКУЛБЕКА ОТЛОЖИТЬ ДО ТЕХ ПОР, ПОКА ЗАПИСЬ СКАЗАНИЯ О МАНАСЕ ЫБРАЕМ АБДРАХМАНОВЫМ ИЗ УСТ САГЫНБАЯ ОРОЗБАКОВА НЕ БУДЕТ ЗАВЕРШЕНА ПОЛНОСТЬЮ! ЗАПИСАЛ?

**КАТЧЫ**
ДА, ТОВАРИЩ ТОЙЧУНОВ!

Тойчунов жазылган кагазга кол койду. Дороховго да кой деген белги берди. Дорохов бул буйрукту аткарып өзүнүн колун

койду. Ыбрайды эки арабага ээрчитип барып Рыскулбеке кайрылды.

**ТОЙЧУНОВ**

РЫСКУЛБЕК! ТААНЫШЫП КОЙ, ЫБРАЙ АБДРАХМАНОВ, ТАШКЕНТТЕН КЕЛГЕН БОРБОРДУК БИЙЛИКТИН ӨКҮЛҮ. САГЫНБАЙДЫН МАНАСЫН КАГАЗГА ТҮШҮРҮП КИТЕП КЫЛЫП ЧЫГАРГАН АТЫШАТ. БАГЫҢ БАР ЭКЕН, СЕНИН СҮРГҮНҮҢДҮ УШУЛ КИШИ ТОКТОТТУ. ЭМИ МЕНИ УГУП ТУР! БИЗ АЗЫР, УБАКТЫЛУУ, МҮЛКҮҢДҮ САГА КАЙТАРЫП БЕРЕБИЗ, БИРОК МЫНДАН АРЫ СЕН ЫБРАЙ АБДРАХМАНОВДУН КАРАМАГЫНА ӨТҮСҮҢ. СУРАГАНЫН БЕРИП, АЙТКАНЫН ЭКИ КЫЛБАЙ ТОЛУГУ МЕНЕН ШАРТЫН ТҮЗҮП БЕРЕСИҢ! (токтомду Ыбрайга карматып) МЫНА, БУЛ ТОКТОМДУ КӨРСӨТСӨҢӨР ЭЧ КИМ СИЛЕРГЕ ТИЙИШПЕЙТ! ДОРОХОВ! СОГЛАСНО ПОСТАНОВЛЕНИЮ ОТЛОЖИТЕ КОНФИСКАЦИЮ!

Тойчуновдун сөзү эки делбей дароо аткарылды. Аскер бөлүгү кандай келсе, ошондой эле ылдам кайрылып кетишти. Тойчунов катчысын машинесине салып алып, Ыбрай менен кол алышып коштошту.

**ТОЙЧУНОВ**

КАГАЗ МЕНЕН КАЛЕМДИ ЖАКЫН АРАДА ЖЕТКИЗДИРИП БЕРЕМ! ИШИҢЕРГЕ ИЙГИЛИК!

Рыскулбек үй-бүлөсү менен эстери ооп кетип калган Тойчуновдун артынан карап турушту. Ыбрай башын буруп жоокер чабандес жакты карады. Кырдагы атчан караан нары жака бурулуп көрүнбөй калды.

## 13. САГЫНБАЙДЫН КОНУШУ.

Ыбрай ат минип, артына дагы бир токулган ат жетелеп, алдына 7-8 кой, музолуу уй айдап келип калды Сагынбайдын

конушуна. Аны көргөн Мария менен Сыйнап, балдары, таң калып карап туруп калышты, кимдин байлыгы, кимге, кайда айдап баратканын билбей. Жаргылчак чегип аткан Сагынбай да ишин токтотуп жалдырап калды. Ыбрай аттын үстүнөн тигилерге кыйкырып сүйүнчүлөдү.

**ЫБРАЙ**

АЙТПАДЫМ БЕЛЕ, МАНАС АТАБЫЗ СОВЕТ БИЙЛИГИН КОЛДОЙТ, СОВЕТ БИЙЛИГИ МАНАСЧЫЛАРЫБЫЗГА КАМ КӨРӨТ ДЕП! МЫНА, СИЛЕРДИН ЭМГЕК АКЫҢАР!

**МАРИЯ**

УШУНУН БААРЫ БИЗГЕБИ?

**ЫБРАЙ**

ООБА, ЭМИ БУЛ СИЛЕРДИН МАЛЫҢАР, СИЛЕРДИН УЮҢАР!

Мария менен Сыйнап бул кимге келген мал экенин түшүнгөндө шашкалактап Ыбрайды аттан түшүргөнгө чуркашты. Жалынып жалбарып Мария Ыбрайга жүгүнүп жиберди. Аны туурап Сыйнап да жүгүндү.

**МАРИЯ**

КУДАЙ САГА ӨМҮР БЕРСИН, БАК БЕРСИН! ЭЧ НЕРСЕДЕН КЕМ БОЛБО! ЫРЫСКЫЛУУ, БЕРЕКЕЛҮҮ КАРЫЛЫКА ЖЕТ! КУДАЙ ТИЛЕГИҢДИ БЕРСИН!

**СЫЙНАП**

(өңгүрөп ыйлап алган) СЕНИ БИЗГЕ КУДАЙ ЭЛЕ ЖИБЕРДИ! КАРА БАШЫҢ АМАН БОЛСО, АЛТЫН АЯКТАН СУУ ИЧЕТ ДЕГЕН УШУЛ ТУРБАЙБЫ!

Ыбрай аттан түшүп келип Сагынбайдын жанына басып келди.

**ЫБРАЙ**

САГЫНБАЙ АБА! ЭМИ АДАТЫҢАРЧА БУЛ МАЛДЫ ЭЛГЕ ТАРКАТЫП ЖИБЕРБЕЙ, УЧУН УЛАП АЛЫҢЫЗ! БАЛДАРЫҢЫЗ СҮТ, АЙРАН ИЧИП МЫНДАН КОР БОЛБОСУН! ЭМИ ЭКӨӨБҮЗ ЖОЛГО ЧЫГАЛЫ! РЫСКУЛБЕК БАЙ СИЗДИН КАСИЕТИҢИЗДИ ЫЗАТТАП ТӨРҮН БЕЛЕНДЕП КҮТҮП КАЛДЫ. МАНАСЫҢЫЗ КАГАЗГА ТҮШҮП БҮТМӨҮНЧӨ СҮРГҮНДӨН КУТУЛУП ТУРГАНЫНА ТЕРЕҢ ЫРААЗЫ.

**САГЫНБАЙ**

МЕН СЕНИ БУЛ ЖАКА ЭКИНЧИ КАЙТПАЙТ ДЕДИМ ЭЛЕ. СЕНДЕН КҮМӨН САНАГАНЫМ ҮЧҮН КЕЧИРИМ СУРАЙМ. (чегиле баштаган жаргылчагына кылчайып карап) СЕН ЭМИ МАГА КАПА БОЛБО! БИР ВАЗЫЙПАМДЫ АТКАРЫП КЕЛЕИН, АНАН САГА ДА КИРИШЭЭРМИН.

**ЫБРАЙ**

АТТАНАЛЫ, САГЫНБАЙ АБА! ИШИБИЗДИ БАШТАЙЛЫ!

Алгач Сагынбайды атказышты аялдары, анан Ыбрайды. Сагынбай ат үстүнөн үй-бүлөсүнө кайрылып.

**САГЫНБАЙ**

МАРИЯ, СЫЙНАП, БАЛДАРЫМ! ООМАТЫБЫЗ КАЙТЫП КЕЛДИ БЕЙМ, ЫЛАЙЫМ ЖАКШЫЛЫКТЫН ҮМҮТҮНӨН ЖАЗБАЙЛЫ! КУРСАК БИРДЕ ТОЕТ, БИРДЕ АЧАТ, БИРОК ЭЧ КАЧАН ПЕИЛИБИЗ АЧ КАЛБАСЫН!

Сагынбай менен Ыбрай дароо аттанып кетишти. Сагынбайдын үй-бүлөсү кол булгап атчандарды узатышып калышты. Аманкул каптал жактан атасын коштогон баягыл жоокер зоотчон атчанды көрдү.

## 14. РЫСКУЛБЕКТИН ЖАЙЫТЫ. КЕЧКУРУН.

Казанда тайдын эти бышып, үйдүн ичинде Сагынбай Шоорук хан Манастан жеңилип Акылайды тартуу кылганын айтып, Ыбрай шатырата анын айтканын кагазга түшүрүп, Рыскулбектин моокуму канып турган учурда Майлыбай жигити үйгө кирип байынын кулагына бирдемени шыбырады. Рыскулбек кызып калган Ыбрайга белги берди. Тигил башын көтөргөндө шыбырап кайрылып калды.

**РЫСКУЛБЕК**

ЫБЫКЕ! ЭТ БЫШЫП КАЛЫПТЫР... КУРСАКТЫН КАМЫН КӨРҮП АНАН УЛАНТПАЙЛЫБЫ...

Ыбрайым башын ийкеп, калемин таштап туруп барып Сагынбайдын ийнинен кармады. Тигиль болбоду. Анда Сакемди кучактап Манас айтканына тоскоол болду. Ошондо манасчы ойгонду окшойт, үнү басаңдай түшүп, бирок айтып аткан ыргагын далайга чеин улантып барып анан токтоду. Алыстан чуркап келгендей болуп энтигип отуруп калды.

**ЫБРАЙ**

САГЫНБАЙ, АБА! ТҮШТӨН БЕРИ ЭС АЛБАЙ СИЗ ДА ЧАРЧАДЫҢЫЗ, МЕН ДА БИРТКЕ ЭС АЛЫП АЛАЙЫН. ЭТ БЫШЫП КАЛЫПТЫР ДЕЙТ, ТЫНЫГЫП АЛБАЙЛЫБЫ?...

**САГЫНБАЙ**

ЫЯ? ...ИИ, ООБА ДА! ТЫНЫГЫП АЛАЛЫ!

Алдында турган кеседеги кымызды кере жутту. Рыскулдун 12 жашар уулу келип конокторго суу куйду.

**ЫБРАЙ**

(колун аарчып батаасын берди) БИЛИМДҮҮ, ИЛИМДҮҮ, ОКУМУЧТУУ БОЛ!

**САГЫНБАЙ**
(ал да өзүнүн батаасын аяган жок) ОЙ, БАРАКЕЛДЕ! ӨМҮРЛҮҮ, БАКТЫЛУУ БОЛ! МАНАС АТАҢ ДААРЫП, КЫРГЫЗДЫН ЧЫГААН КУЛУНДАРЫНАН БОЛ, АЙЛАНАЙЫН!

**РЫСКУЛБЕК**
САГЫНБАЙ АТАҢДЫН БАТААСЫ ДАЛ КЕЛСИН! АТАҢДЫН БАЛАСЫ БОЛ!

Рыскулбектин уулу суу куюп бүтүп чыгып кетти. Үйгө Акбермет кирип дарсторкон жайып шорпо куя баштады. Ыбрай ушул саам да көңул буруп Рыскулбектин токолуна суктанды. Кудум эле Бекинай. Муну Рыскулбек дагы бир ирет байкап калды. Акбермет шорпо куюлган кесени Ыбрайга сунганда экөөнүн көздөрү чагылыша түштү. Аны Рыскулбек дароо сезди, бирок шек билгизген жок. Акбермет чыгып кетти. Бирок Ыбрайдын жүрөгү тез-тез ура баштады. Шорпону ылдам-ылдам ичип жиберип бош кесени алдына кое койду. Үмүтүндө Рыскулбек Акберметти чакырып дагы куй деп айтабы деп калды. Муну Рыскулбек түшүндү, бирок Акберметти чакырган жок. Майлыбай учаны көтөрүп кирип Сагынбайга тапшырды. Артынан эки жаш бала устукандарды алып кирип Ыбрайга жана Рыскулбеке тартышты. Кара кесек этти өздөрүнө тартып алышып туурай баштешты.

**САГЫНБАЙ**
ЭМИ, ИНИМ, САГА БЕРЕ ТУРГАН БАТААМДАН БАШКА БЕРЕ ТУРГАНЫМ ЖОК... (алаканын жайып) БАР БОЛ, ИНИМ! КЫЗМАТЫҢДЫН ҮЗҮРҮН КӨР! ООМИН!

Баары батаа тартты.

**МАЙЛЫБАЙ**
АЙТКАНЫҢЫЗ КЕЛСИН, АБА!

**РЫСКУЛБЕК**
ЫБЫКЕГЕ ШОРПОДОН КУЙ!

Майлыбай Ыбрайга шорпо куюп берди. Ыбрай ызаланып калды, Акбермет келип куйбаганына.

**ЫБРАЙ**

ЖОК, ЖОК, РАХМАТ! ...И, МЕЙЛИ, ДАГЫ БИРДИ ИЧЕИН!

Сагынбай макисин алып чыгып учаны бөлүштүрө баштады. Эттен кыя кесип оозуна салып атып Рыскулбек жаңы эле айтылып бүткөн Манастын үзүндүсүн талкуулап кирди.

**РЫСКУЛБЕК**

САГЫНБАЙ АБА! ДЕГИ МАНАС АТАБЫЗДЫН КАНЧА АЯЛЫ БОЛГОН?

**САГЫНБАЙ**

(оозундагы эттен майпаңдап чайнап) КАНЫКЕЙ АПАБЫЗДАН БАШКА АЯЛЫ БОЛГОН ЭМЕС!

**РЫСКУЛБЕК**

КАНДАЙЧА? МАНАС АТАБЫЗ КИМДИ БАРЫП ЖЕҢБЕСИН, ЖЕҢИЛГЕН ХАНДАР АГА БАЙЛЫГЫН, БИЙЛИГИН ЖӨН ЭЛЕ ӨТКӨЗҮП БЕРБЕСТЕН, КОШУМЧА КЫЛЫП КЫЗДАРЫН КОШО ТАРТУУЛАШЫП АТПАЙБЫ. АЗЫР ДА ШООРУК ХАН ӨЗҮНҮН АКЫЛАЙЫН МАНАСКА ТАРТУУЛАГАНЫН АЙТТЫҢЫЗ ГО.

**САГЫНБАЙ**

ОШОЛ КЕЗДИН ШАРТЫ МЕНЕН БОЛУШЧУ ДА. КУДАЛЫК ДАРАЖА ЫЙЫК БОЛГОН. АНДАН АТТАП ӨТӨ АЛБАСЫН, БИЛИП КУДАЛАШЫП КАЛАЛЫ, ЭМИ АРАБЫЗДА СОГУШ БОЛБОСУН ДЕП КЫЗДАРЫН ТАРТУУЛАШКАН ДА, ЖЕҢИЛГЕН ТАРАП. САЙКАЛ КЫЗ ЖЕҢИЛИП КАЛЫП ӨЗҮН ТАРТУУЛАГАН, БИРОК БУЛ ЖАЛГАНДА МАНАС АНЫ АЛА КОЙБОСУН БИЛИП, ЧЫН ЖАШООДО ТУБӨЛҮКТҮҮ ЖУБАЙЫҢ БОЛОЮН ДЕП АНТЫН БЕРГЕН. МАНАС ДҮЙНӨ САЛГАНДА САЙКАЛ КЫЗ АТАЙЫН КЕЛИП КОШОК САЛГАН. А

БИРОК НИКЕЛЕРИ КЫЙЫЛЫП АЛГАН ЖАЛГЫЗ АЯЛЫ КАНЫКЕЙ.

**РЫСКУЛБЕК**
ОШОНДОЙ ДЕҢИЗ... (Ыбрайга карап) АЛ ЭМИ ЖАҢЫ БИЙЛИКТИН АЯЛДАРГА КЫЛГАН МАМИЛЕСИ КАНДАЙ БОЛООР ЭКЕН? МЕНИН УККАНЫМА КАРАГАНДА СИЛЕР НИКЕНИ КАРАМАНЧА ЖОЕТ ЭКЕНСИҢЕР ГО?

**ЫБРАЙ**
БИЗДИН АРАКЕТИБИЗ, ЭРКЕК МЕНЕН АЯЛДЫН УКУКТАРЫН ТЕҢДЕШТИРҮҮ. БИЗДИН БИЙЛИГИБИЗ ТОЛУГУ МЕНЕН ОРНОГОНДО, АЯЛДЫН МАКУЛДУГУ ЖОК ЭРКЕК ЭЧ КАЧАН АНЫ АЯЛДЫКА АЛА АЛБАЙТ.

**РЫСКУЛБЕК**
ДЕМЕК СИЛЕРДИН БИЙЛИГИҢЕР ТОЛУГУ МЕНЕН ОРНОГОНДО, ЭРКЕК АЯЛЫНА ТАЛАК БЕРБЕСЕ ДА, АЯЛЫ КААЛАГАН ЭРКЕГИНЕ ТИЙИП КЕТЕ АЛАТ ЭКЕН ДА?

**ЫБРАЙ**
СИЛЕР БУГА ЧЕИН АЯЛДАРДЫ БУЮМ КАТАРЫ КӨРҮП КЕЛГЕНСИҢЕР. МЫНДАН НАРЫ АЯЛ АДАМДЫН УКУГУНА ЭЭ БОЛУП ӨЗҮНҮН ТАГДЫРЫН ӨЗҮ ЧЕЧЕ БАШТАЙТ!

Сагынбай үнчукпай этин кесип жеп, экөөнүн кебин кунт коюп угуп отурду. Тууралган эт даяр болду. Майлыбай да эт туурап аткан эле, баары туурап бүткөндөн кийин сыртка кыйкырды.

**МАЙЛЫБАЙ**
ЖЕҢЕ, ЧЫК!

Акбермет ийдишке ысык шорпо алып келип тууралган этке куйду. Ыбрай суктанганын жашырбай Рыскулдун токолуна тигилди. Рыскул бул көз караштуы көзүнүн кыйыгы менен карап

турду. Акбермет Ыбрайга жалт карап коюп сыртка чыгып кетти. Майлыбай табактагы тууралган этти Сагынбайга жылдырды.

**РЫСКУЛБЕК**

ЭТКЕ КАРАҢЫЗ, САГЫНБАЙ АБА! ЭТКЕ КАРАҢЫЗ, ЫБЫКЕ!

Сагынбай, андан кийин Ыбрай, андан кийин Рыскулбек колдорун тууралган этке салышты.

**РЫСКУЛБЕК**

(Майлыбайга) ЖЕҢЕҢЕ АЙТЫП КОЙЧУ, АК СЕРКЕНИ ДАЯРДАП ТУРУШСУН ДЕП! (Майлыбай дароо эшке чыгып кетти. Ыбрайга кайрылып) ОШОНДО АЯЛДАР ЭРКЕКТЕРГЕ АРАЛАШЫП ТАБАКА ОТУРУП КАЛЫШАБЫ?

**ЫБРАЙ**

МЫНДАЙ ШАРТ ДҮЙНӨ ЖҮЗҮНДӨ ЭБАК ЭЛЕ ОРНОП КАЛГАН. БИЗ КААЛАЙБЫЗБЫ, КААЛАБАЙБЫЗБЫ, А БИРОК АЯЛ МЕНЕН ЭРКЕКТИН ТЕҢДИГИ АКЫРЫ БИЗДЕ ДА ӨКҮМ СҮРӨТ!

Баары унчукпай тууралган этке кол салышты. Бирок Рыскулбектин жүрөгүндө санаа пайда болду. Ал кыйынсынган Ыбрайды улам карап бушайман боло баштады.

## 15. РАСКУБЕКТИН ЖАЙЫТЫ. КҮНДҮЗҮ.

Рыскулбектин жайытын айланчыктап бүркүт шаңшып учуп жүрдү. Жогору жактан ага баары алакандай көрүнүп турду. Албууттанып Манасын айтып жаткан Сагынбай. Анын улуу сөзүнө сүңгүп угуп отурган Рыскулбек, анын аял-катын бала-бакырасы жана ошол улуу сөздүн тамгаларын тизмектеп кагазга түшүрүп жаткан Ыбрай. Кыргылданган Сагынбайдын үнү бүт айланага жаңырып абаны ысык илеп менен жарып турду. Бүркүт ыраазы

болгонсуп бир нече жолу тегеренип анан тоону карай сызып кетти. Сагынбай жети хандын Манаска кылган кыянаттыгын айтып келатып, анан жөтөлүп барып токтоду.

**РЫСКУЛБЕК**

БАЛИ, БАЛИ, САКЕ! ЖЕТИШЕТ, ЭС АЛЫҢЫЗ! ЭРТЕДЕН БЕРИ ДАЛАЙ ОКУЯЛАРДЫ СЫДЫРЫП ӨТТҮҢҮЗ. КЫМЫЗГА КАРАҢЫЗ, ТЫНЫГЫП АЛЫҢЫЗ! ЫБЫКЕБИЗ ДА КАТУУ ИШТЕДИ, ЭС АЛЫП АЛГЫЛА!

Чын эле Ыбрайдын колу кадимкидей талып, бирок манасчыны токтото албай жазганын улап атты эле. Үшкүрүнүп алып колун силкип эс алдырды. Ал дагы алдында турган кымыздан тартып жиберди. Башын көтөргөндө ага суктанып отурган Акберметин көздөрүнө урунду. Экөөнүн кыпындай жалт караштарын андып турган Рыскулбек бул көздөрдүн чагылышынан ого бетер ичиндеги уйгу-тугусун күчөттү. Бир далайга чеин жымжырттык боло түштү. Рыскулбек колу менен, эми ишиңер менен алек болутула деп белги берди. Үчөөнөн башкасы туруп жасап аткан алакийизин, жарып аткан отундарын, ойноп аткан оюнадарын улантышты. Колго суу куюлуп эчак бышып даяр болгон козунун эти тартылды. Башы менен жамбашы Сакеме тартылды, дагы бир жамбашты кабыргасы менен Ыбрай алды. Рыскулбек жото жиликти алды. Жигиттер этти туурай баштады. Тууралган эт алдыларына сунулганда, салты менен алгач Сагынбай, анан Ыбрай, кийин Рыскулбек кол салышты. Жөн отурбай кеп менен отуралы деп Ыбрай Сагынбайга суроо узатты.

**ЫБРАЙ**

САГЫНБАЙ АБА! ИШ БАШТАГАНЫБЫЗГА БИР АЙДАН АШЫП КАЛДЫ. МАНАСТЫН АЯГЫНА БҮТӨӨРҮБҮЗГӨ ДАГЫ КАНЧА КАЛДЫ?

**САГЫНБАЙ**

(Ыбрайга карап, анын колундагы бешбармакты көрсөтүп) КОЛУҢДАГЫ БЕШБАРМАК – БУЛ БИЗДИН ЖАЗГАНЫБЫЗ

БОЛСО, ТАБАКТАГЫ БЕШБАРМАК – БУЛ ДАГЫ АЛДЫДА ЖАЗА ТУРГАНЫБЫЗ!

Муну уккан Ыбрай колундагы бешбармагы менен катып калды.Сагынбай жегенин улады. Бул сөзгө Рыскулбек кошулду.

**РЫСКУЛБЕК**
ШАШПАГЫЛА! (мыйыгынан өзүн шылдыңдай күлүп) СИЛЕР БҮТӨӨРҮҢӨР МЕНЕН МЕНИН ЖАШОО ШАРТЫМ КЕСКИН ТҮРДӨ ӨЗГӨРӨТ. ШАШПАГЫЛА!

**ЫБРАЙ**
(Рыскулбеке кайрылып) СИЗ АНЧА КЫЖААЛАТ БОЛБОҢУЗ! СИЗГЕ ӨЗГӨЧӨ МАМИЛЕ КЫЛААРЫНА МЕН КЕПИЛДИК БЕРЕМ. БУЛ ИШ АЯГЫНА ЧЫККАНДА СИЗДИН ЖАСАГАН САЛЫМЫҢЫЗ ӨТӨ ЗОР БААЛАНАТ. АНЫН ҮСТҮНӨ ЛЕНИНДИН ЖАҢЫ САЯСАТЫ ЖАРЫЯЛАНДЫ. СОВЕТ БИЙЛИГИНИН ТҮПТӨЛҮШҮНӨ БАЙЛАРДЫН САЛЫМЫ ДА КЕРЕК ЭКЕНИ АЙТЫЛУУДА.

**РЫСКУЛБЕК**
(аянычтуу) БАЙЛАРДЫ ЖОЙГОНУН ЖОЮП АЛЫП, ЭМИ БАЙЛАРДЫН ЖАРДАМЫНА ЗАР БОЛУП АТЫПТЫРСЫҢАР ДА! БАЙЛЫКТЫ ТАРТЫП АЛСАК ЭЛЕ ИШИБИЗ ЖЫЛЫП КЕТЕТ ДЕП ОЙЛОДУҢАРБЫ? КЕЧ БОЛУП КЕТЕ ЭЛЕКТЕ МЭЭҢЕРГЕ АКЫЛ КИРИПТИР ДА!

Ыбрай жооп кайтарбай тамагы менен алек болду.

## 16. РЫСКУЛБЕКТИН ЖАЙЫТЫ. ТҮН.

Ыбрай уйкусу келбей ары оонап, бери оонап көзүн ачты. Жанында Сагынбай уктап жатат. Кийинип алып сыртка чыкты. Айлана жымжырт. Кээде иттер эле үрүп койбосо. Суунун жээгине барып чөпкө отурду. Айдын нуру ак мөңгүлүү тоолордон

чагылышып ажайып кереметти жаратып турду. Салкын абаны кере жутуп Ыбрай катуу үшкүрүндү.

**ЫБРАЙ**

БЕКИНАЙ, БЕКИНАЙ!... УШУЛ ТООЛОРДУН КӨРКҮН КӨРҮП СУКТАНАМ, БИРОК СЕНИН СУЛУУЛУГУҢА ЖЕТПЕГЕНИ (айды карап коюп) АЙДАН АЧЫК! БИРОК... БИРОК... БАЙДЫН ТОКОЛУНУН КЕЛБЕТИНЕН СЕНИН ЭЛЕСИҢДИ КӨРҮП АЛЫП ЖИНДИ БОЛУП АТАМ. СЕНИ УШУНЧАЛЫК САГЫНГАНЫМДАН БОЛСО КЕРЕК. ИШИМДИН ЖЫЙЫНТЫГЫ ЖАКЫН АРАДА БҮТЧҮДӨЙ ЭМЕС. САГА КАНТИП ЖЕТЭЭРИМДИ БИЛБЕЙ АЙЛАМ КУРУЙТ. ЖЕ СЕН БИР ШЫЛТОО ТААП КЕЛСЕҢЧИ! БЕКИНАЙ! БИР КЕЛИП МАҢДАЙЫМА КАРААНЫҢДЫ КӨРГӨЗҮП КЕТЧИ!

Ушул маалда арт жактан бир шыбырт укту. Кайрылып караса акырын жылып Акбермет келе жатыптыр. Ыбрайдын жанына барып туруп калды. Ыбрай тура калып чочуп кетти.

**ЫБРАЙ**

БЕКИНАЙ?

**АКБЕРМЕТ**

(жылмайып) АКБЕРМЕТ! МЕНИН АТЫМ АКБЕРМЕТ! МЕН СИЗГЕ БИР ЭЛЕ СУРОО БЕРЕИН ДЕП ЫҢГАЙЫН ТАППАЙ ЖҮРГӨМ. АЙТЫҢЫЗЧЫ... СОВЕТ БИЙЛИГИ АЯЛ КИШИНИ ДА ОКУТАТ ДЕГЕНИ ЧЫНБЫ? АЯЛДАР ДА БИЛИМ АЛА АЛАБЫ?

**ЫБРАЙ**

(Акберметтин Бекинайга окшоштугуна таңгалып) АЛБЕТТЕ! СОВЕТ БИЙЛИГИ БИР ДАГЫ АДАМДЫ БИЛИМСИЗ КАЛТЫРБАЙТ.

**АКБЕРМЕТ**

МЕНИН АПАМ ЖОМОКЧУ, ЖАМАКЧЫ ЭЛЕ. АПАМДАН КАЛГАН ЖОМОКТОРДУ, ЫРЛАРДЫ ЖАТТАП АЛГАМ.

БИЛИМДҮҮ БОЛСОМ СИЛЕР СЫЯКТУУ КАГАЗГА ТҮШҮРӨ АЛАТ ЭКЕММИН ДА?

**ЫБРАЙ**
ТИЛЕГИҢИЗДИН АТКАРЫЛЫШЫНА АЗ ЭЛЕ КАЛДЫ. ЗАМАН УШУНДАЙ ЫЛДАМДЫК МЕНЕН ӨЗГӨРҮЛҮП АТАТ...

Ыбрай сөзүнүн аягына чыга алган жок. Туш туштан Рыскулбек, Майлыбай дагы эки жигит чыга калып Акбермет менен Ыбрайды курчап калышты. Эч кимиси эч нерсе деп сүйлөй алган жок. Бир аз тиктешип турду да Рыскулбек Майлыбайга белги берди. Майлыбай эки жигит менен Ыбрайды желкесинен жерге буктөп, аркандап байлай баштады. Рыскулбек Акберметтин башын чайкап ыйлап атканына көңүл бурган жок. Жөн эле акырын буйрук берди.

**АКБЕРМЕТ**
БАЙЫМ, СЕЗИМИҢИЗДИ ТЕСКЕРИ ОЙЛОР БАГЫНТЫП АЛЫПТЫР! ТЕРИШТИРИҢИЗ! ЖАМАН ОЮҢУЗДАН КАЙТЫҢЫЗ!

**РЫСКУЛБЕК**
БААРЫН ОЙГОТ! ҮЙЛӨРДҮ ЧЕЧКИЛЕ! КАШКАРГА КЕТТИК!

Акбермет байынын сөзүн эки дебей чуркаган бойдон боз үйүнө кетти. Ыбрай жерде байланып жаткыча эки жигит аттырын токуп келип Майлыбайды аттандырды, бирөөсү атына мининип, экинчиси Ыбрайды сулата анын алдына өнөрүп берди. Үчөө тең ошол замат тоону көздөй чаптырып жөнөштү. Рыскулбек ордунан козголгон жок. Артынан эл ойгонуп дүрбөй баштады. Сагынбай боз үйдүн жабдыктары чечиле баштаганда ойгонду. Эмне болуп кеткенин түшүнбөй чепкенин жамынып сыртка чыкты. Ыбрайды издеп таппай койду. Рыскулбектин караанын көрүп жанына барды.

**САГЫНБАЙ**
АМАНЧЫЛЫКПЫ? ЫБРАЙ КАЙДА?

**РЫСКУЛБЕК**
БААРЫНА ЧЫДАДЫМ, БААРЫНА КАЙЫЛ БОЛДУМ, ЖАРДАМ БЕРЕИН ДЕДИМ, ЖАҢЫ БИЙЛИКТИН САЯСАТЫН ТҮШҮНГӨНГӨ АРАКЕТ КЫЛДЫМ. БИРОК АР НЕРСЕНИН ЧЕГИ БОЛУШ КЕРЕК КО... КААДА, САЛТ, ЫЙМАН, БААРЫН ТЕБЕЛЕШТИ! ИШЕНИП КОЮҢУЗ, САКЕ, МЫНДАЙ БИЙЛИК СИЗДИ ДА ЖЫРГАТПАЙТ! КАМЫНЫҢЫЗ, АБА! ҮЙ-БҮЛӨҢҮЗДҮ, МАНАСЫҢЫЗДЫ, ЭСКИ УЧУРДАГЫДАЙ ЭЛЕ БАГЫП КЕТЕМ! КАШГАРГА КЕТТИК! КОР БОЛБОЙ ЖАШАГАНГА БАЙЛЫГЫМ ЖЕТЕТ!

**САГЫНБАЙ**
ЫБРАЙДЫ ЭМНЕ КЫЛДЫҢ, РЫСКУЛБЕК?

**РЫСКУЛБЕК**
(үмүтүн үзбөй) ЫБРАЙДЫ ЭМНЕ КЫЛАСЫЗ? БАЛДАРЫҢЫЗДЫ ОЙЛОҢУЗ!

**САГЫНБАЙ**
(Рыскулбекти жакасынан кармап) ЫБРАЙ КАЙДА?

**РЫСКУЛБЕК**
(Сагынбайдын көзүн аянычтуу карап жөн кана сүйлөдү) МЕНИН СУНУШУМА ЗАР БОЛГОНДО, УШУЛ КҮНДҮ НЕЧЕН-НЕЧЕН ЭСТЭЭРСИЗ... ЭМИ КОЛУҢУЗДУ ТАРТЫҢЫЗ!

Сагынбай колун бошотуп туруп калды. Рыскулбек бурулуп басып кетти, таңылчактарды атка арта салып аткандарга жардам берди. Заматтын ичинде үйлөр чечилип, төөлөргө жүктөлүп, алдына мал айдалып көч тоону көздөй жүрүп кетти. Сагынбай айлананы тинтип Ыбрайды издей баштады.

**САГЫНБАЙ**
ЫБРАЙ! ЫБЫКЕ! КАЙДАСЫҢ? БАРСЫҢБЫ?

## 17. РЫСКУЛБЕКТИН ЖАЙЫТЫ. ТАҢ ЭРТЕ.

Ыбрайдын кол жазмалары салынган куржунун ийнине арта салып, айланага дагы бир ирээт көз жүгүртүп, өзүнүн конушун карай жол тартты.

## 18. ЖОЛДО. ЧАК ТҮШ.

Алыс узабай жаңы эле баскан аттырдын издерин байкап ошол изди кубалап жөнөдү. Дагы бир аздан кийин кургай элек кан уюган жерге жетти. Куржунун кууратан бактын бутагына иле коюп ошол жерди тинтий баштады. Шарылдап аккан чоң сууну көздөй сүйрөлүп баскан адамдын изин байкады.

## 19. ШАР СУУ. ЧАК ТҮШ.

Жээке жакындаганда шар аккан суунун кырында турган Ыбрайды көрдү.

**САГЫНБАЙ**
(кубанганынан болгон үнү менен кыйкырды) ЫБРАЙ!

Ыбрай акырын Сагынбайга бурулду. Бети-башы сабалган, шымынын аласы кан. Сагынбайды көрөөрү менен чалкасынан шар сууга боюн таштады. Сагынбай ойлонбостон артынан чуркап барып сууга кирди. Бир далайга чеин агып барып акыры Ыбрайга жетти. Эптеп жээке сууруп чыкты. Ыбрайды алып калганына сүйүнүп ага жалынып, жалбарып жатты.

**САГЫНБАЙ**
БУЛ ЭМНЕ КЫЛГАНЫҢ? САДАГАҢ БОЛОЮН, ЫБЫКЕ? СЕН ЭЛИҢЕ КЕРЕКСИҢ, СЕН КЫРГЫЗ ЭЛИНИН

УРПАГЫНА КЕРЕКСИҢ! МАНАСЫБЫЗДЫ БҮТҮРӨЛҮ, МАМЛЕКЕТИБИЗДИ ТҮПТӨЙЛҮ! ЖАМАНЧЫЛЫКТЫН БААРЫН БИР АМАНЧЫЛЫК ЖЕҢЕТ!

## 20. САГЫНБАЙДЫН БОЗ ҮЙҮ.

Төрдө төшөктө Ыбрай эс-учун жоготуп жөөлүп жатты. Анын жанында Сагынбай. Мария менен Сыйнап шорпо бышырып, Ыбрайдын чекесине муздак чүпөрөк басып чуркап жүрүшөт.

**ЫБРАЙ**
БЕКИНАЙ! КОШ БОЛ, БЕКИНАЙ! МЕНИ КЕЧИР, БЕКИНАЙ! АНТЫМДЫ БУЗДУМ, БЕКИНАЙ! САГЫНБАЙДЫН МАНАСЫНА КАТУУ СУКТАНДЫМ, БЕКИНАЙ! САГА АНДАЙ СУКТАНА АЛБАПМЫН, БЕКИНАЙ! ЭМИ МЕНИ КҮТПӨ, БЕКИНАЙ! СЕНИ АНТЫНАҢ БОШОТТУМ, БЕКИНАЙ! СЕН ЭМИ ЭРКИНСИҢ, БЕКИНАЙ!

Муну уккан Сагынбай, Мария, Сынап кармана албай ыйлап жатышты.

**ЖАЗУУ**
АРАДАН ТӨРТ ЖЫЛ ӨТТҮ

## 21. САГЫНБАЙДЫН ЖАЙЫТЫ.

**ЖАЗУУ**
1926 ЖЫЛ.

Сагынбайдын жайытында Сагынбай, Ыбрай, Мария, Сыйнап жазмаларды ирээттеп чүпөрөкө тиркеп китепче кылып атышат. Ыбрайдын кийими эскирген, сакалы өскөн, абдан жүдөнкү.

**САГЫНБАЙ**
ӨКМӨТ БИЗДИ КАРАМАНЧА УНУТТУ ГО... ЖАДА КАЛСА КАГАЗЫН ДА БЕРБЕЙ КАЛДЫ. "ЧОҢ КАЗАТТЫ" БҮТСӨК

ЭЛЕ МАНАСТЫН ТИГИЛ ДҮЙНӨГӨ УЗАГАНЫН АЙТАТ ЭЛЕМ. АНДАН КИЙИН "СЕМЕТЕЙ" БАШТАЛМАК. БИРОК КАГАЗЫБЫЗ ЖОК КАНТЕБИЗ?

**ЫБРАЙ**
(көпкө дейре ойлонуп) РЫСКУЛБЕКТИ КАЧЫРДЫ ДЕП ТОЙЧУНОВДУ ЖУМУШУНАН АЛЫП САЛЫШКАНДАН КИЙИН, АНЫ АЛМАШТЫРГАН ЖЕТЕКЧИЛЕР МАНАСТЫ ТҮШҮНБӨЙ АТЫШАТ... КАГАЗ БОЛБОСО КАНТИП ИШТЕЙБИЗ, БИЛБЕЙМ.

Аңгычакты алыстан бир атчан үйдү көздөй бастырып келатты. Жакшылап караса Теитбек экен. Жакындап келип учурашты.

**ТЕИТБЕК**
АССАЛОМ АЛЕЙКУМ, ЖОЛДОШ МАНАСЧЫЛАР! ИШ ИЛГЕРИ!

**САГЫНБАЙ**
АЛЕЙКУМ САЛАМ, ТЕИТБЕК! КЕЛ, ОТУР! СЫЙНАП, ЧАЛАП АЛЫП КЕЛЧИ!

**ЫБРАЙ**
БИРГЕ БОЛСУН, ТЕИТБЕК АБА!

**САГЫНБАЙ**
БИР СҮЙНЧҮ АЙТЧУДАЙ КЕБЕТЕҢ БАР, ТЕИТБЕК! СҮЙЛӨЙ БЕР, КУЛАГЫБЫЗ СЕНДЕ!

Теитбек шашпай жайланышып, сунулган чалапты түбүнө чейин тартып жиберип анан баштады.

**ТЕИТБЕК**
СҮЙҮНЧҮ! КЫРГЫЗ ЖЕРГЕСИ ӨЗҮНЧӨ РЕСПУБЛИКА БОЛСУН ДЕГЕН ТОКТОМ ЧЫГЫП КЕЛИПТИР МОСКВАДАН! ЭМИ ӨЗҮНЧӨ МАМЛЕКЕТ БОЛОТ ЭКЕНБИЗ!

Ыбрай угаары менен секирип турду. Теитбекти кучактап жиберди. Ордунан бир нече жолу секирип жиберди.

**ЫБРАЙ**

МЫНА, АЙТПАДЫМ БЕЛЕ! МАНАС АТАБЫЗДЫН РУХУН БИЗ КОЗГОДУК ДЕБЕДИМ БЕЛЕ! ЭМИ БИЗДИН ӨЗ АЛДЫНЧА ӨКМӨТҮБҮЗ БОЛОТ! ЭМИ БИЗДИН ӨЗҮНЧӨ МАМЛЕКЕТИБИЗ БОЛОТ! ЭМИ БИЗДИН МАНАСЫБЫЗ СӨЗСҮЗ ТҮРДӨ КИТЕП БОЛУП ЧЫГАТ! УРА-АА!

Чынагы кандай куабанычтуу окуя болгонун түшүнбөсө да, көп жылдан бери мындай кубанган Ыбрайды көрбөгөн Сагынбай, Мария, Сыйнап кошо кубанышты. Алардын балдары Ыбрайга кошулуп секирип кошо уралап кыйкырышты. Теитбек булардын жинди болуп атканына таң берип, анан бирок бара-бара кошо күлүп жыргады. Ыбрай кыйкырганын токтоткон жок.

**ЫБРАЙ**

САГЫНБАЙ АБА! БИЗ ЭРТЕҢ ЭЛЕ ПИШПЕКЕ ЧЫГАБЫЗ! БУГА ЧЕЙИН ИШЕНАЛЫ АРАБАЕВ, КАСЫМ ТЫНЫСТАНОВДОР КЫРГЫЗДЫН КЫЗЫКЧЫЛЫГЫН КОРГОЙ АЛБАЙ АТКАН БОЛСО, ЭМИ БИЗ ӨЗ АЛДЫНЧА ӨЗҮБҮЗДҮН МАНАСЫБЫЗДЫ ДАҢАЗАЛАЙБЫЗ! БИЗ СЫНООЛОРДУН БААРЫН ТАТЫКТУУ КӨТӨРДҮК! БИЗ КЫЙЫНЧЫЛЫКТЫН БААРЫНА ТУРУШТУК БЕРДИК! БИЗ ЭМИ ЖЕҢИШКЕ ЭЭ БОЛДУК! САГЫНБАЙ АБА! ЭМИ СИЗ КЫРГЫЗДЫН БОЛОЧОК ӨКМӨТҮНҮН АЛДЫНДА МАНАСЫҢЫЗДЫ АЙТАСЫЗ! ОШОНДО АЛАР СИЗДИН УЛУУЛУГУҢУЗГА ЫНАНЫШАТ! ОШОНДО СИЗДИ МАМЛЕКЕТИБИЗ АЛАКАНЫНА КӨТӨРҮП АЛЫП ПАБЕСТЕЙТ, УРМАТТАЙТ, ӨНӨРҮҢҮЗГӨ ТААЗИМ ЭТЕТ! УШУНУ СИЗ ТҮШҮНҮП АТАСЫЗБЫ? БИЗ ЖЕҢДИИК! УРАА!

## 22. САГЫНБАЙДЫН ЖАЙЫТЫ.
## ТАҢ ЭРТЕҢ.

Күн мына чыгайын деп турган маал. Балдар али уктап атышат. Теитбектин атына эки чоң куржунду артышат.

**ЫБРАЙ**
(Теитбеке) КОЧКОРГО ЖЕТКИЗИП КОЙСОҢУЗ, АНДАН НАРЫ ПОЧТОНУН МАШИНЕЛЕРИ КАТТАЙТ!

**ТЕИТБЕК**
КАМСАНАБА! МАШИНЕ ЧЫКПАСА ПИШПЕКЕ ДЕЛЕ ЖЕТКИРИП БАРАМ!

**САГЫНБАЙ**
(аялдарына кайрылып) МАРИЯ, СЫЙНАП! БАЛДАРДЫ ЭМИ ӨЗҮҢӨР ЖАКШЫЛАП БАГЫП ТУРГУЛА! БУЙРУСА МЫНДАН НАРЫ ТУРМУШУБУЗ ОҢОЛЧУДАЙ КӨРҮНӨТ. ЖАШООДО СИЛЕРГЕ ТҮЗҮК КӨЙНӨК ДА АЛЫП БЕРЕ АЛГАН ЖОКМУН. ЭМИ БААРЫ ЖАКШЫ БОЛСО МЕНДЕН ЖАКШЫ БЕЛЕКТЕРДИ КҮТӨ БЕРСЕҢЕР БОЛОТ.

**МАРИЯ**
КАЙДА ЖҮРСӨҢ ДА, КАНДАЙ БОЛСО ДА АМАН БОЛ!

**СЫЙНАП**
КОКУСТАН КӨЙНӨК АЛА ТУРГАН БОЛУП КАЛСАҢ, ЖИБЕГИНЕН ТАНДАСАҢЫЗ! ӨМҮРҮМДӨ ЖИБЕК КӨЙНӨК КИЙИП КӨРӨ ЭЛЕКМИН...

**МАРИЯ**
(Сыйнапты акшыя карап) ЭС ТАРТЫНЫН БААРЫ ЭЛЕ КӨЙНӨК! АМАН КЕЛИҢИЗ ДЕБЕЙСИҢБИ!

**СЫЙНАП**
АМАН КЕЛИҢИЗ!

**ЫБРАЙ**

БИЗ БАТ ЭЛЕ КЕЛЕБИЗ, КАМСАНАБАГЫЛА! А БАЛКИМ МАШИНЕ МЕНЕН КЕЛИП БААРЫҢАРДЫ ПИШПЕКЕ АЛЫП КЕТЕБИЗ! ӨЗҮҢӨР АМАН ТУРГУЛА!

Ошентип Сагынбай менен Ыбрай ылдый карай түшө баштаган Теитбектин артына басышты.

## 23. ЖОЛДО.

Теитбек атты жетелеп, Сагынбай менен Ыбрай жөө.

**САГЫНБАЙ**

ЫБРАЙ ИНИМ! КӨПТӨН БЕРИ СУРАЙ АЛБАЙ ЖҮРӨМ... БИЗ ПИШПЕКЕ БАРЫП ЖАШАП КАЛСАК, МЕНИ ЭКИ АЯЛЫҢ БАР ДЕП КАМАП САЛЫШПАЙБЫ?

**ЫБРАЙ**

КАМАБАЙТ КО... БИРОК БИР АЯЛЫҢЫЗДЫН БАШЫН БОШОТУШУҢУЗ КЕРЕК БОЛУП КАЛАТ. КИМИСИН ӨЗҮҢҮЗГӨ КАЛТЫРАСЫЗ?

**САГЫНБАЙ**

(көпкө дейре ойлонуп) ӨЗ АЯЛЫМДЫ ЭЛЕ КАЛТЫРАМ ДА...

**ЫБРАЙ**

МАРИЯ БАЙБИЧЕҢИЗДИБИ?

**САГЫНБАЙ**

ЖОК, СЫЙНАПТЫ! МАРИЯ ЖЕҢЕМ ДА! АЛИШЕР АБАМ КАЗА БОЛГОНДО БАЛДАРЫ КОР БОЛБОСУН ДЕП ШАРТКА ЫЛАЙЫК АЛЫП АЛГАМ.

**ЫБРАЙ**

ОШОНДОЙ ДЕҢИЗ?... МЕН СИЗДИ БАЙЛАРДЫ ТУУРАП ЭКИ АЯЛ АЛГАН ЭКЕН ДЕП ЖҮРБӨҮНБҮ... АНДА ТҮШҮНҮКТҮҮ!

## 24. КИРОБКОМУНУН ИМАРАТЫНЫН ООЗУ. КҮНДҮЗҮ.

Пишпек көчөлөрүн аралап Кара-Кыргыз обкомунун алдына Ыбрай менен Саякбай эки куржун көтөрүп келип калышат. Оозунда кайтарып турган эки аскер аларды токтотушат.

**АСКЕР 1**
ПРОПУСК!

Ыбрай чөнтөгүнөн үлбүрөгөн кагазын алып чыгат. Эки аскер эч нерсени окуй албайт.

**АСКЕР 1**
РАЗБЕРИСЬ, ЧТО ТУТ НАПИСАНО?

**АСКЕР 2**
(ал дагы окуй албай) ВЫ, ТОВАРИЩ, СОБСТВЕННО ПО КАКОМУ ВОПРОСУ?

**ЫБРАЙ**
Я БЫЛ В КОМАНДИРОВКЕ ПО ПОРУЧЕНИЮ ТУРКЕСТАНСКОГО ИСПОЛНИТЕЛЬНОГО КОМИТЕТА. СЕЙЧАС У ВАС ОТВЕТСТВЕННЫЙ СЕКРЕТАРЬ САБЫР ТОЙБАСАРОВ. ДОЛОЖИТЕ ЕМУ, ЧТО ПРИБЫЛ ЫБРАЙ АБДРАХМАНОВ!

Аскер 2 ич жака кирип кетет. Бир аздан кийин аскер менен баягыл досу Сабыр чыгат. Биртке таанытбай барып анан Ыбрайды кучактайт.

**САБЫР**
ЫБРАЙ! БАРСЫҢБЫ? СЕНИ КАРАМАНЧА ЖОГОТУП АЛБАДЫКПЫ!

**ЫБРАЙ**
УНУТУП КАЛДЫК ДЕСЕҢ! ТААНЫШЫП КОЙ, БУЛ КЫРГЫЗДЫН УЛУУ МАНАСЧЫСЫ САГЫНБАЙ ОРОЗБАКОВ!

**САБЫР**

(Сагынбай менен учурашып) САЛАМАТСЫЗБЫ! (Ыбрайга) КОЙ АНТПЕ! БАСМАЧЫЛАР СЕНИ ӨЛТҮРҮП КЕТТИ ДЕГЕН ИМИШТИ УККАНБЫЗ. УШУНЧА ЖЫЛ СЕНДЕН КАБАР БОЛГОН ЖОК КО...

**ЫБРАЙ**

МЕНИН КАЙРЫЛУУЛАРЫМ СИЛЕРГЕ ЖЕТПЕПТИР ДА...

**САБЫР**

БИЗ СЕНИ КӨПКӨ ДЕЙРЕ КҮТТҮК!

**ЫБРАЙ**

МИФТАХОВ БАРБЫ?

**САБЫР**

БАШКЫРЛАР ЧАКЫРТЫП АЛЫП КЕТИШКЕН. БИРОК УГУП АТСАҢ КЕРЕК, ЭМИ БИЗ АВТОНОМДУУ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ БОЛО ТУРГАНЫБЫЗДЫ? АЗЫР УЮШТУРУУ ИШТЕРИ ЖҮРҮП ЖАТАТ. ЭЛ АГАРТУУ МАСЕЛЕЛЕРИН ИШЕНАЛЫ АРАБАЕВ ЖАНА КАСЫМ ТЫНЫСТАНОВ ЭКӨӨ ЧЕЧЕТ.

**ЫБРАЙ**

АНДА ЭКӨӨНӨ АЙТЫП КОЙ, ЫБРАЙ АБДРАХМАНОВ САГЫНБАЙ ОРОЗБАКОВДУН МАНАСЫН ЖАЗДЫРЫП КЕЛИПТИР. АЯГЫНА ЧЫГЫШ ҮЧҮН ЖАРДАМГА МУКТАЖ ЭКЕН ДЕП. (Сагынбайды көрсөтүп) МАНАСЧЫНЫ АЛА КЕЛИПТИР, СӨЗСҮЗ ТҮРДӨ САГЫНБАЙДЫН МАНАСЫН УГУП КОЮШСУН! (жерге коюп койгон эки куржунду көрсөтүп) МЫНА БУЛ ЖЕРДЕ БИЗДИН БЕШ ЖЫЛДЫК ЭМГЕГИБИЗ. ЧЕТИНЕН БАСМАГА ДАЯРДАП ЧЫГАРА БЕРСЕК БОЛОТ.

**САБЫР**

(аскерлерге) ПРОПУСТИТЕ! (Ыбрайларга) ЖУРГҮЛӨ! МЕНИН КАБИНЕТИМДЕ ОТУРУП ТУРГУЛА, (Сагынбайдын куржундарын өзү көтөрүп) МЕН СИЛЕР ЖӨНҮНДӨ ЖОГОРКУЛАРГА КАБАРЛАГЫЧА...

## 25. КИРОБКОМУНУН ИЧ ЖАГЫ.

Сабыр Ыбрай менен Сагынбайды өзүнүн кабинетине алып кирип баратып секретаршасына буйрук берди.

**САБЫР**
ЛЕНА, ПРИГОТОВЬТЕ ЧАЙ ДЛЯ ГОСТЕЙ! ПЕЧЕНЬЯ И КОНФЕТЫ НЕ ЗАБУДЬТЕ!

**ЛЕНА**
ХОРОШО, САБЫР АКИМОВИЧ!

**САБЫР**
(жайланыштырып) СИЛЕР БИРТКЕ ОТУРУП ТУРГУЛА, МЕН АЗЫР!

Сабыр чыгып кетти. Ыбрай тамда илинип турган Лениндин сүрөтүн кубанып көрсөтүп.

**ЫБРАЙ**
МЫНА, МЫНА ВЛАДИМИР ИЛЬИЧ ЛЕНИН! БИЗДИН ЖАШООБУЗДУ ӨСГӨРТҮП АТКАН УШУЛ АДАМ!

Сагынбай отурган жеринен туруп барып сүрөттү карады.

**САГЫНБАЙ**
МАҢДАЙЫ ЖАРЫК АКЫЛМАН АДАМ ЭКЕН! О ДҮЙНӨ САЛДЫ ДЕП КАБАР КЕЛГЕНДЕ СИНИН КАТУУ АЗА КҮТКӨНҮҢДӨЙ ЭЛЕ БАР ЭКЕН... АТТИҢ! ЭМИ БУЛ ЛЕЛИНИҢДИН КӨЗҮ ӨТКӨНДӨ, БУЛАРЫҢ ИШИН ТУУРА АЛЫП КЕТЕ АЛАБЫ?

**ЫБРАЙ**
ЛЕНИН БИЗГЕ ЖОЛ КӨРСӨТҮП КЕТТИ! БИЗ ЭМИ АЛ ЖОЛДОН АДАШПАЙБЫЗ!

Кабинетке Лена чай, кант, печений, конфет алып кирип алдыларына койду.

**ЛЕНА**
УГОЩАЙТЕСЬ!

**ЫБРАЙ**
СПАСИБО! (Сагынбайга) КЕЛИҢИЗ, САГЫНБАЙ АБА! ЧАЙДЫ ИЧИП КӨРСӨҢӨР КЕРЕК, ...БИРОК (конфетти аарчып Сагынбайга сунуп) МЫНДАЙ ДААМДЫ ТАТА ЭЛЕКСИҢЕР! ООЗУҢУЗГА ТИШТЕП АНАН ЧАЙДАН УУРТАСАҢЫЗ!

Жолдон чарчап, ачка болуп келген Ыбрай менен Сагынбай чайды жаңы эле шымаланып иче баштаганда кабинетке кызматкердин киймин кийген Бекинай акырын кирди. Ыбрай аны көргөндө ордунан тура калды. Сагынбай да оозуна салган конфетти чайнабай Бекинай менен Ыбрайды карап калды. Бекинайдын көздөрүнөн жаш кылгыра баштады. Көзү менен сен кайда жүрдүң деген суроону узатты. Ыбрай көзү менен жооп берди. Мен антымды бузуп каргышка калдым деди. Мен дагы антымды бузуп Сабырга турмушка чыккам, деп жооп берди көздөрү менен Бекинай. Жок, сен антыңды бузган жоксуң. Мен сени антыңдан бошотком. Эми сен эркинсиң деп кайрылды көздөрү менен Ыбрай. Эми сен бошсуң деп Бекинайды карап алды да башын ылдый салды. Бекинай ыраазы болуп, бирок көздөрүнөн жаш тыпылдап агып, күнөөлүү бурулуп, кандай кирсе, ошондой акырын кабинеттен чыгып кетти. Ыбрай ордуна отуруп алдындагы чайды тиктеп калды. Сагынбай эми оозундагы конфетти эстеди эле, бирок какап, чакап калды.

## 26. КИРОБКОМДУН КОРИДОРУ.

Сабыр Ыбрай менен Сагынбайды коридор менен алып барып жыйындар өтө турган жайга алып кирди.

**САБЫР**

СИЛЕР ДАЯРДАНЫП ТУРГУЛА, МЕН АЗЫР ЖОЛДОШ АРАБАЕВ МЕНЕН ТЫНЫСТАНОВДУ ЧАКЫРЫП КЕЛЕИН. УБАКЫТТАРЫ ТАР. РЕСПУБЛИКАНЫ УЮШТУРУУ ИШ АРАКЕТТЕР МЕНЕН АЛЕК БОЛУП АТАБЫЗ. ОШОНДУКТАН БАШЫНДА СЕН, ЫБРАЙ, КЫСКАЧА ЭМНЕГЕ КЕЛГЕНИҢЕРДИ ТҮШҮНДҮРҮП БЕРЕСИҢ, АНДАН КИЙИН ӨЗҮҢ СӨЗ БЕРИП МАНАСТЫ АЙТТЫРАСЫҢ. (Сагынбайга) БИРОК ЭСКЕРТИП КОЕЮН, КЫСКАЧА! (өзү чыгып баратып) МЕН АЗЫР!

Сагынбай жыйын залды таңгалып карап калды. Ыбрай ылдамдык менен президиум боло турган жерге бир үстөл коюп Сагынбайды чакырды.

**ЫБРАЙ**

САГЫНБАЙ АБА! БЕРИ КЕЛИҢИЗ! МЕН БИРТКЕ СҮЙЛӨП СИЗГЕ СӨЗ БЕРГЕНДЕ СИЗ МАНАСЫҢЫЗДЫ БАШТАҢЫЗ. КАЙСЫЛ ЖЕРИНЕН АЙТАСЫЗ?

**САГЫНБАЙ**

СЕН КАНДАЙ ДЕСЕҢ, МЕН ОШОЛ ЖЕРИН АЙТА БЕРЕМ.

**ЫБРАЙ**

(биртке ойлонуп) АНДА КӨКӨТӨЙДҮН АШЫНДА МАНАСТЫН КОҢУРБАЙ МЕНЕН САЙЫШКАН ЖЕРИН АЙТПАСЫЗБЫ! БИЗДИН ТӨБӨЛДӨРГӨ ДЕМ БЕРИП КОЮҢУЗ, УШУНДАЙ ЖООПТУ УЧУРГА ЫЛАЙЫК КАЙРАТТАНЫП КАЛЫШСЫН!

**САГЫНБАЙ**

ЖАРАЙТ!

Бир маалда каалга ачылып Сабыр, Арабаев, Тыныстанов жана дагы эки бейтаныш жардамчылары кирип келишти. Ыбрай түшүп барып учурашайын деди эле, бирок Арабаев дароо суроо берип жиберди. Ыбрай ордунан жооп кайтара баштады.

**АРАБАЕВ**
(жыйындын үстөлдөрүнө жайгашып жатып) ЫБРАЙ АБДРАХМАНОВ СИЗ БОЛОСУЗБУ?

**ЫБРАЙ**
ООБА, МЕН! ЭСИҢИЗДЕ БОЛСО СИЗ ӨЗҮҢҮЗ БИЗДИ ТАШКЕНТТЕН УШУЛ ТАПШЫРМА МЕНЕН ЖӨНӨТТҮҢҮЗ ЭЛЕ.

**АРАБАЕВ**
ЭСИБИЗДЕ! АНДАН БЕРИ КАНЧА ЖЫЛ ӨТҮП КЕТТИ?

**ЫБРАЙ**
ТУУРА БЕШ ЖЫЛ!

**АРАБАЕВ**
БЕШ ЖЫЛДАН БЕРИ БИЗДИН ТАПШЫРМАБЫЗДЫ АТКАРА АЛБАЙ ЭМНЕ КЫЛЫП ЖҮРӨСҮЗ?

Ыбрайдын эмне деп жооп берээрин билбей карбаластап барып анан кекечтенип барып сүйлөдү.

**ЫБРАЙ**
М-МЕН ДА-АГЫ МЫНЧАЛЫК СОС-СО-ЗУЛАТ ДЕП ОЙЛОБОПТУРМУН... ӨТӨ ЗОР МАНАС ЭКЕН! БИРИНЧИ БӨЛҮГҮН БҮТӨЙҮН ДЕП КАЛДЫК. А БИРОК ДАГЫ СЕМЕТЕИ, СЕЙТЕГИ БАР ЭКЕН... БИРТКЕ УГУП КОЙБОЙСУЗБУ...

**ТЫНЫСТАНОВ**
(Сагынбайга кайрылып) СИЗ САГЫНБАЙ ОРОЗБАКОВСУЗБУ?

**ЫБРАЙ**
ООБА, САГЫНБАЙ ОРОЗБАКОВ!

**ТЫНЫСТАНОВ**
СИЗДИН МАНАСЫҢЫЗ ӨЗБЕКЧЕ БОЛУП КАЛЫПТЫР ГО?

**ЫБРАЙ**

СИЗ МИФТАХОВДУН ЖАЗМАЛАРЫН ОКУСАҢЫЗ КЕРЕК. АЛ КИШИ ЫЛДАМ ЖАЗЫП АТКАНДА БАШКЫРЧА ЖАЗЫП КЕТКЕНДЕРИ БАР. САГЫНБАЙ АБА КЫРГЫЗЧА ЭЛЕ АЙТАТ.

**ТЫНЫСТАНОВ**

МЕНИН УККАНЫМА КАРАГАНДА, СИЗ ӨЗҮҢҮЗ НАМАЗ ОКУГАНЫҢЫЗГА АЗ КЕЛГЕНСИП, МАНАСТЫ ДАГЫ НАМАЗГА ЖЫГЫП КОЮПТУРСУЗ ГО?

**ЫБРАЙ**

БУЛАР ЭСКИ КИШИЛЕР, КАНДАЙ БОЛСО ОШОНДОЙ КЫЛЫП АЙТЫШАТ ДА... БАСМАГА ДАЯРДАГАНДА БИЗ АЛАРДЫ ОНДОП КОЕБУЗ! АЗЫР УГУП КӨРБӨЙСҮЗБҮ! КАРАМАНЧА БАШКА ПИКИРДЕ КАЛАТ ЭЛЕҢЕР!...

**ТЫНЫСТАНОВ**

СИЗ БЕШ ЖЫЛДА ЖАЗЫП БҮТӨ АЛБАГАН МАНАСТЫ БИЗ БЕШ МҮНӨТТӨ УГУП БҮТӨ АЛАБЫЗБЫ?

**АРАБАЕВ**

ЖОЛДОШ АБДРАХМАНОВ! ЭГЕРДЕ БЫЙЫЛ ИШИҢЕРДИ БҮТҮРҮП ТАПШЫРЫП КЕЛБЕСЕҢЕР СОТКО БЕРЕБИЗ, КАМАЛЫП КЕТЕСИЗ! ТҮШҮНҮП АТАСЫЗБЫ?

Арабаев менен Тыныстанов туруп тышка чыга башташты. Аларды ээрчип эки жардамчы да чыгып кетишти. Сабыр, Ыбрай, Сагынбай бир бирин тиктеп кала беришти. Сабыр аябай ыңгайсыз турду.

**САБЫР**

КОЛ ЖАЗМАҢАРДЫ МЕН ЖОГОТПОЙМ, САКТАП КОЕМ... МЕНИ ЗАРЫЛ ЖУМУШТАРЫМ КҮТҮП АТТЫ ЭЛЕ... ҮЙҮҢӨРГӨ АМАН-ЭСЕН ЖЕТИП АЛГЫЛА!

Сабыр чыгып кетти. Ыбрай менен Сагынбай отурган жерлеринде дагы көпкө тунжурап отурушту.

# 27. ҮЙГӨ КАРАЙ ЖОЛДО.

Ыбрай менен Сагынбай полуторканын кузовунда жанаша унчукпай отуруп баратышты. Баягыл Ыбрай алгачкы жолу Сагынбайга келген жол эле. Сагынбайдын жайытынын тушунан машине токтоп кузовдон шоопур башын чыгарып тигилерге кайрылды.

**ШООПУР**
ЭЙ, ВЫ, СЛЕЗАЙТЕ! ПРИЕХАЛИ!

Ыбрай башын көтөрүп айлананы карады. Оюна батып отурган Сагынбайга.

**ЫБРАЙ**
КЕЛДИК, АБА! ТҮШӨЛҮ!

Сагынбай оюнан ойгонуп турайын деп далалат кылды, бирок алы келбей койду. Ыбрай жардам берсе дагы бутуна тура алган жок.

**САГЫНБАЙ**
БУТУМ БАШ ИЙБЕЙ АТАТ!

**ЫБРАЙ**
(шоопурга) ПОМОГИТЕ!

Шоопур кузовго чыгып келип Сагынбайды экөөлөп тургузуп машинеден түшкөнгө жардам беришти. Ыбрай жерге түшө калып Сагынбайды тосуп алды. Жолдун жээгине сүйрөп барып отургузду. Шоопур карап ойлонуп калды.

**ШООПУР**
САМИ ДОЙДЕТЕ?

**ЫБРАЙ**
Я ЗА КОНЕМ ПОЙДУ.

**ШООПУР**

НУ, СМОТРИТЕ! Я БЫ ДОВЕЗ, НО МНЕ С ПОЧТОЙ С ДОРОГИ НЕЛЬЗЯ ОТКЛОНЯТЬСЯ!

**ЫБРАЙ**

СПАСИБО, ЕЗЖАЙТЕ!

Шоопур машинесине түшүп жолун улап кетти. Жанында отурган кызматкер андан эмне болгонун сурады.

**КЫЗМАТКЕР**

ЧТО ТАМ СЛУЧИЛОСЬ?

**ШООПУР**

ДА, У СТАРИКА НОГИ ОТКАЗАЛИ! МОЖЕТ ПОДВЕСТИ?

**КЫЗМАТКЕР**

СЕЙЧАС ПОЛЕЖИТ, А ПОТОМ ПОБЕЖИТ. НАРОД ЖИВУЧИЙ!

Машине кетип кады. Ыбрай менен Сагынбай жолдун жээгинде калышты.

**ЫБРАЙ**

САГЫНБАЙ АБА! ӨЗҮҢҮЗ ТУРУП БАСЫП КӨРҮҢҮЗЧҮ! (Сагынбай аракет кылды, бирок буту кыймалдаган жок.) АНДА МЕН ТЕИТБЕКТИН АТЫНА БАРЫП КЕЛЕИН. СИЗ УШУЛ ЖЕРДЕ ОТУРУП ТУРУҢУЗ!

Ыбрай боз үйлөрдү көздөй бир аз басканда эле Теитбек өзү аты менен чаптырып келди.

**ТЕИТБЕК**

МАШИНЕНИ ТОКТОГОНУН КӨРҮП ЭЛЕ ОЙЛОДУМ, СИЛЕРДИ КЕЛДИ ДЕП. КАНДАЙ КАБАР МЕНЕН КЕЛАТАСЫҢАР?

**ЫБРАЙ**

САГЫНБАЙ АБАМ ООРУП КАЛДЫ ОКШОЙТ... БУТУ БАСПАЙ КАЛДЫ...

**ТЕИТБЕК**
ЭМНЕ ДЕЙТ?...

Сагынбайды көздөй чаптырды. Ыбрай кайра артка бурулду.

## 28. САГЫНБАЙДЫН БОЗ ҮЙҮ. КЕЧКУРУН.

Сагынбай төшөктө көзүн түндүкө кадап кыймылсыз жатты. Мандайында Ыбрай, Теитбек, Мырзакул, көз жашын аарчып Мария, Сыйнаптар отурушту.

**МЫРЗАКУЛ**
МИНТИП ЖАТКАНЫНА КАНЧА УБАКЫТ БОЛДУ?

**МАРИЯ**
БИР ЖУМА МУРУН КАЛААДАН КЕЛГЕНДЕ ЭЛЕ УШИНТИП КАЛЫПТЫР БОЛЧУ... БУТУ ИШТЕБЕЙ КАЛДЫ ДЕШКЕН, БИРОК ТИЛ-ООЗДОН КАЛГАНЫН ЭМИ БИЛИП АТПАЙБЫЗБЫ...

**ТЕИТБЕК**
(Ыбрайга) БУТУ КАЧАН БАСПАЙ КАЛДЫ ЭЛЕ?

**ЫБРАЙ**
ЧОҢДОРГО МАНАС АЙТАЛЫ ДЕП БАРГАНБЫЗ ПИШПЕКЕ, БИРОК АЛАР БИЗДИ ЭРТЕЛЕТПЕЙСИҢЕР ДЕП КАГЫП КОЙГОН. ОШОНДОН БЕРИ БИР ДАГЫ СУРООМО ЖООП КАЙТАРГАН ЖОК. БУТУ БУЛ ЖЕРДЕ МАШИНЕДЕН ТҮШӨЛҮ ДЕГЕНДЕ БАСПАЙ КАЛДЫ.

**СЫЙНАП**
(ыйлап жакындап келип) БАЙЫМ! АНТЕ КӨРБӨЧҮ! ...ЖҮРӨГҮБҮЗДҮ ТҮШҮРБӨЧҮ! ...МЫРЗАКУЛ МЕНЕН ТЕИТБЕК АТАЙЫН КОЗУ СОЮП КЕЛИШИПТИР... МЫНАБУЛ ШОРПОДОН БИРТКЕ УУРТАП КОЙЧУ!

Сагынбай Сыйнапка көңүл буруп аялынын колун кармалады. Сыйнап күйөсүнүң колун өпкүлөп өңгүрөп ыйлай баштады. Мария кыжыры келип аны кагып жиберди.

**МАРИЯ**
ӨЛҮГҮҢДҮ КӨРӨҮН ОБУ ЖОКТОНГОН! БАС ЖААГЫҢДЫ, ЖАМАДЫКТЫ ЧАКЫРБАЙ!

**ЫБРАЙ**
(Сагынбайга кайрылып) САГЫНБАЙ АБА! АЛАРДЫ ДА ТҮШҮНҮШҮБҮЗ КЕРЕК... МАМЛЕКЕТИБИЗДИН ПАЙДУБАЛЫН ТҮПТӨП АТЫШАТ... АЙТЫШТЫ ГО, ЭРТЕРЭЭК АЯГЫНА ЧЫККЫЛА ДЕП. ЭМИ ЧЫМЫРКАНЫП УЛАНТАЛЫ! МЫНДАН ДА КАТУУ ЖЫЛДАРДЫ БАШЫБЫЗДАН ӨТКӨРДҮК КО, САКЕ?!

Бирок Сагынбай мындай сөздөргө көңүл бурган жок. Көзүн жалдыратып сыйнапты караган бойдон жата берди.

## 29. САГЫНБАЙДЫН БОЗ ҮЙҮ. ТҮН

Сагынбайдын үй-бүлөсү уктап жатышты. Ыбрай гана уктай албай көзү ачык Сагынбайды карап жатты. Бир маалда сырттан аттын дүбүртү угулуп үйдүн жанына келип токтоп калды. Чабандес аттан түшүп үйдү көздөй басты. Ыбрай эс учу менен эле бир караандын үйгө кирип келгенин көрдү. Кирип келген зор адамдын күмүш зооту түндүктөн түшкөн айдын нурунан чагылышып турду. Ыбрайдын жанынан өтүп Сагынбайдын алдына барып отурду. Бир маалда Сагынбайдын кыргылдаңган үнү угулду.

**САГЫНБАЙ**
СЕМЕТЕЙ?

**СЕМЕТЕЙ**
МЕН, САКЕ, МЕН! ...ЭМНЕ, МЫНЧА ТААРЫНЫП?

**САГЫНБАЙ**
БИЛБЕЙМ! ҮМҮТҮМ АКТАЛБАЙ ӨЗӨГҮМДҮ ҮЗҮП АЛДЫМ ОКШОЙТ...

**СЕМЕТЕЙ**
АР КИМ ӨЗ МИЛДЕТИН АТКАРУУДА... СЕН ӨЗ ВАЗЫЙПАҢДЫ АЯГЫНА ЧЫГАР!

**САГЫНБАЙ**
ТУУРА АЙТАСЫҢ... ПЕНДЕЛИКЕ АЛДЫРЫП ЖИБЕРДИМ... КҮНӨӨЛҮМҮН! ЖАКШЫ ЭЛЕ АРАКЕТ КЫЛАЙЫН ДЕЙМ... БИРОК ДЕМИМ КАЛБАЙ КАЛГАНЫН СЕЗЕМ... ЭРКИМДИН КАЙДА КЕТКЕНИН БИЛБЕЙМ... МЕНИ КЕЧИРГИЛЕ!

**СЕМЕТЕЙ**
КААП... КӨПӨРӨ АЯГЫНА ЧЫКПАЙ КАЛГАНЫ ӨКҮНДҮРӨТ!

Семетей ордунан тик туруп сырттты көздөй басып барып чыгып кетти. Ыбрай акырын туруп артынан чыкты.

## 30. САГЫНБАЙДЫН ЖАЙЛООСУ. ТҮН.

Ыбрай сыртка чыгып боз үйгө жөлөнүп жакын жерде атынын жанында турган кумуш зоотчон караанды карап турду. Семетей аттын канжыгасындагы баштыктан жарымына чеин күбүлгөн буудайдын сабын алып чыгып сөнгөгүнөн эки колу менен кармап жогору жагында калган буудайды сыдыра баштады. Тыбыр-тыбыр деген үн угулуп сабагынан бүдүр буудайлар жерге түшө

баштады. Акыркы буудай сыдырылып бүткөндө Семетей жылаңач сөңгөктү жерге таштап атына минди. Ошол замат боз үйдөн Сагынбай чыкты. Ал Семетейдин жанына барып, анын сунган колун кармап атына учкашты. Семетейдин белинен кучактаган Сагынбайды касеттүү арыбай тоону көздөй бастырып алып кетти. Экөөнүн карааны көрүнбөй калганда Ыбрай шашып боз үйгө кирди.

## 31. САГЫНБАЙДЫН БОЗ ҮЙҮ. ТҮН.

Ыбрай карайлап барып Сагынбайдын жаткан жерине келип отурду. Сагынбай ордунда жаткан экен, бирок бети кубарып, айдын нурунан ого бетер муздак түстө экени көрдү. Жансыз денесин көргөндө Ыбрай энтигип кетти.

**ЫБРАЙ**
(үнүн басып, тумчугуп ыйлай баштады) САГЫНБАЙ АБА! САГЫНБАЙ АБА!

Жансыз колун эки колу менен өзүнүн чекесине, бетине басып, өпкүлөп үнүн чыгарбай ыйлай берди. Эчкимди ойготкон жок.

## 32. САГЫНБАЙДЫН ЖАЙЫТЫ. ЧАК ТҮШ.

Ыбрай Сагынбайдын үй-бүлөсү менен коштошуп жатты. Баштыгындагы толтура ала келген кагаздарын Марияга тапшырып, Сагынбайдын Аманкул баласын көрсөтүп.

**ЫБРАЙ**
БУЛ КАГАЗДАРДЫ АМАНКУЛГА МЕНДЕН АМАНАТ. ЖАКЫНДА МЕКТЕП АЧЫЛАТ ДЕЙТ РАЙОНДО. АМАНКУЛДУ СӨЗСҮЗ ОКУТКУЛА. САГЫНБАЙ АБАМДЫН АЙТЫ-

МЫНДА, УШУЛ АМАНКУЛДА МЕНИН КАСИЕТИМ БАР ДЕГЕНДЕЙ, ОКУСУН, АТАСЫ БҮТҮРБӨЙ КАЛГАН ИШИН АЯГЫНА ЧЫКСЫН! МЕН СӨЗСҮЗ САГЫНБАЙ АБАМДЫН МАНАСЫН КИТЕП КЫЛЫП ЧЫГАРГАНГА ӨМҮРҮМДҮ АРНАЙМ. КИТЕБИ ЧЫКСА СИЛЕРДИН ЖАШОО ШАРТЫҢАР ДА ОҢОЛОТ. КОШ БОЛГУЛА!

**МАРИЯ**
САГА КУДАЙ ЫРААЗЫ БОЛСУН! КАЙДА ЖҮРБӨГҮН АМАН БОЛ! САГЫНБАЙДЫН АРБАГЫ СЕНИ
КОЛДОСУН!

**СЫЙНАП**
(ыйлап) БАР БОЛ, ЫБРАЙ БАР БОЛ! БИЗДИ УНУТПАЙ КЕЛИП КЕТИП ТУР!

**БАЛДАРЫ**
(биринен бир өтүп чурулдап) КОШ БОЛУҢУЗ, ЫБРАЙ БАЙКЕ! КОШ БОЛУҢУЗ!

**ЫБРАЙ**
КАЙЫР КОШ!

Ыбрай бурулуп беш жыл мурун келген жагына сапар тартты. Сагынбайдын үй-бүлөсү дөбөдө ага кол булгалап кала беришти. Дагы бир аз басканда алыста эки атчан кааранды байкады. Бул эки караан өзүнүн күмүш зооту менен Семетей эле. Экинчиси чапанын желбиретип, тебетейчен Сагынбай эле. Экөө тең кең талаада ат чаптырып баратышкан. Ыбрай жылуу жылмайды да өзүнүн сапарын улантты.

**ЖАЗУУ**
ЫБРАЙ АБДРАХМАНОВ 1976 ЖЫЛЫ ЭМГЕГИНИН ҮЗҮРҮН КӨРБӨЙ ЭЖЕСИНИН КОЛУНДА КӨЗ ЖУМДУ.

АМАНКУЛ ОРОЗБАКОВ АТАСЫН ЖОЛДОП ЧОҢ МАНАСЧЫ БОЛУП, 1946 ЖЫЛЫ ЯПОН СОГУШУНДА КУРМАН БОЛДУ.

САГЫНБАЙ ОРОЗБАКОВДУН МАНАСЫ ТӨРТ ТОМ БОЛУП 1980 ЖЫЛДАРЫ ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЖЕТЕКЧИЛИГИНДЕ АЛГАЧКЫ ЖОЛУ КИТЕП БОЛУП ЧЫКТЫ. ТОЛУГУ МЕНЕН ЫБРАЙ АБДРАХМАНОВ ЖАЗЫП АЛГАН ВЕРСИЯСЫ 2010 ЖЫЛЫ ЖАРЫК КӨРДҮ.

БӨКӨНБАЙ - 11.03. – 19.03. 2020 ж.

ЭРНЕСТ АБДЫЖАПАРОВ

# КЫРГЫЗЫМ
(ой толгоо)

# САГЫНБАЙ
(киносценарий)

---

Басууга 03.06.2020-ж кол коюлду.
Офсеттик кагаз. Форматы 60x84 $^1/_{16}$.
Көлөмү 6,5 б.т. Нускасы 500 д.

«Басма-полиграфиялык комплекс «Принт Экспресс»
ЖЧК басмаканасында басылды
Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Профсоюз көч. 49